ЕККУ Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун Бишкектеги борбору


USAID
ОТ АМЕРИКАНСКОГО НАРОДА

FREEDOM HOUSE

АДАМ УКУГУН САКТАЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРИНДЕ КЫЙНООДОН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУНУН САКТАЛЫШЫ

## МОНИТОРИНГ. ЧАРА КӨРҮҮ. РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО.



БИШКЕК-2012

Отчет ЕККУнун Бишкектеги борбору менен ЕКУУнун Оштогу жергиликтүү бюросунун, ошондой эле Фридом Хаустун АКШнын эл аралык өнүгүү боюнча агенттигинин (ЮСАИД) колдоосу менен болгон “Кыргызстанда адам укугун бекемдөө” долбоорунун колдоосу менен ишке ашырылган “Кыргызстанда эркинен ажыратуу жана чектөө жайларында коргоонун улуттук механизмдерин пайдалануу менен адам укуктарынын бузулушунун алдын алуу” жана “Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларга биргелешип мониторинг жүргүзүү  жана ИИМге караштуу КБКнын дараметин жогорулатуу” долбоорлорун ишке ашыруунун натыйжалары боюнча даярдалды

Отчет мамлекеттик органдарга, бейөкмөт уюмдарына, укук коргоочуларга, ошондой эле адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы боюнча маселелерге, ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлардагы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын тергөө изоляторлорундагы түзүлгөн жашоо-шарттарга кызыккан адамдарга арналган.

*Бул отчетто айтылган пикирлер автордун жеке оюн билдирет жана ЕККУнун, ЮСАИДдин, Фридом Хаустун расмий позициясын чагылдырган ой-пикир катары кабылданбашы керек*

**М А З М У Н У**


1. КИРИШҮҮ…………………………………………………………………………..4
2. ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА КЕП-КЕҢЕШТЕР ……………………………….....10
3. ДОЛБООРДУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ...……………………………………..…..26
4. ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ БОЛУУ МҮМКҮНЧҮЛҮГҮ, МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ШАРТТАРЫ ..…………………………………………….….31
5. ЖАЛПЫ ЖАНА НЕГИЗГИ СТАТИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАР .................36
6. ДОЛБООРДУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ …………………………………..…....47

6.1. ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕГИ ЖАШОО-ШАРТТАР:

6.1.1. УБАКТЫЛУУ КАРМООЧУ ЖАЙЛАРДАГЫ ЖАШОО-ШАРТТАР .......……...47
6.1.2. КАБЫЛ АЛУУ-БӨЛҮШТҮРҮҮ ЖАЙЛАРДАГЫ ЖАШОО-ШАРТТАР ……..50
6.1.3. ТЕРГӨӨ ИЗОЛЯТОРЛОРУНДАГЫ ЖАШОО-ШАРТТАР ..........................….55

6.2. КЫЙНООЛОРДОН ЖАНА КАТААЛ, АДАМ ЧЫДАГЫС, АР-НАМЫСТЫ БАСМЫРЛАГАН МАМИЛЕДЕН ЖАНА ЖАЗАЛООДОН ЭРКИН БОЛУУГА БОЛГОН УКУКТУН САКТАЛЫШЫ ..…………………………………………...61
6.3. КЫЙНООЛОР КОЛДОНУЛГАН ФАКТЫЛАРДЫ ДОКУМЕНТТЕШТИРҮҮ. КЫЙНООЛОРДУН КУРМАНДЫКТАРЫНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ........................................................... ……………………………...85
6.4. КЫЙНООЛОРДУН КУРМАНДЫКТАРЫН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО .................92

*ТИРКЕМЕЛЕР*………………………………………………………………………….97

## КЫСКАРТУУЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:

**Жалпы декларация –** Адам укуктарынын жалпы декларациясы
**УКМК -** Улуттук коопсуздук мамлекеттик кызматы
**ШИИБ** – Шаардык ички иштер бөлүмү
**ИИМ КИББ** – Ички иштер министрлигинин Кылмыш иликтөө башкы башкармалыгы

**ЖАМК** – Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаза аткаруу мамлекеттик кызматы

**Камакта болуунун тартиби жөнүндө Мыйзам** –Кыргыз Республикасынын "Кылмышка шектүү жана кылмыш жасаган делип айыпталган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө" Мыйзамы[1]

**УКЖ –** Убактылуу кармоочу жай

**КР АЖжК** – Кыргыз Республикасынын Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекси

**ИИМ –** Ички иштер министрлиги

**Эрежелердин минималдуу стандарттары** –Камактагыларга мамиле кылуунун минималдуу стандарттык эрежелери[2]

**ЖСУЭП** – Жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү эл аралык пакт[3]
**БӨУ** – Бейөкмөт уюм
**ЕККУ –** Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму
**ИИБ –** Ички иштер бөлүмү
**КБК –** Коомдук байкоочу кеңеш
**БУУ –** Бириккен Улуттар Уюму

**БУУнун негизги принциптери** –Бириккен Улуттар Уюмунун юристтердин ролуна тиешелүү негизги принциптери[4]

**КИБ** – Кылмыш иликтөө бөлүмү

**Ички тартип эрежелери** –Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу изоляторлорунун ички тартип эрежелери[5]

**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайы** –Так жашаган жери, документтери жок адамдар үчүн ички иштер органдарынын кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары жана административдик камакка алынгандарды кармоо үчүн ички иштер органдарына караштуу атайын кабыл алуучу жайлар

**РИИБ –** Райондук ички иштер бөлүмү

**Принциптердин жыйындысы** –Кармоонун же камакка алуунун кандай болбосун формасына дуушар болгон бардык адамдарды коргоонун принциптеринин жыйындысы[6]

---

[1] 2003-жылдын 11-июнундагы КР Мыйзамдарынын редакциясында, №100, 2004-жылдын 13-августу, №124, 2004-ж. 19-августу, №158, 2007-ж. 25-июну, №91, КР Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-ж.17-сентябрындагы Декрети УӨ №128, 2011-жылдын 14-июлундагы КР Мыйзамдары, №99, 2011-ж. 19-октябры, №180.
[2] 1955-жылдын 30-августунда БУУнун кылмыштуулуктун алдын алуу жана мыйзам бузгандарга жасалган мамиле боюнча биринчи конгрессинде кабыл алынган.
[3] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1966-жылдын 16-декабрындагы 2200 А (XXI) резолюцтясы менен кабыл алынган.
[4] БУУнун кылмыштуулуктун алдын алуу жана мыйзам бузгандарга жасалган мамиле боюнча сегизинчи конгрессинде кабыл алынган, Гавана, Куба, 1990-жылдын 27-августу — 7-сентябры.
[5] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-ж. №57 токтому менен бекитилген..
[6] БУУнун Башкы Ассамблеясынын 1988-ж. 9-декабрындагы №43/173 резолюциясы менен бекитилген.

**ТИЗО** – Тергөө изолятору
**ИИБ –** Ички иштер башкармалыгы
**ТИИБ** – Транспорттогу ички иштер башкармалыгы
**КР КК** – Кыргыз Республикасынын Кылмыш кодекси[7]
**КР КЖК** – Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жазык кодекси[8]

[7]КР КК. 1997-ж.1-октябрындагы КР Мыйзамы менен ишке киргизилген, N 69. 1998-ж. 21-сентябрындагы,1999-ж. 9-декабрындагы №141, 2001-ж. 23-июлундагы №77, 2001-ж. 19-ноябрындагы №92, 2002-ж. 12-мартындагы №36, 2002-ж. 22-июнундагы №109, 2002-ж. 8-июлундагы №115, 2002-ж. 16-октябрындагы №141, 2003-ж. 17-февралындагы №36, 2003-ж. 11-июнундагы №98,2003-ж.11-июнундагы №99, 2003-ж. 11-июнундагы №100, 2003-жылдын 5-августундагы №192, 2003-ж. 9-августундагы №193,2003-ж. 24-августундагы №199, 2003-ж. 14ноябрындагы №221, 2003-ж. 15-ноябрындагы №223, 2004-ж. 15-февралындагы№124, №13, 2004-ж. 7-мартындагы №17, 2004-ж. 23-мартындагы №46, 2004-ж. 26-июлундагы №99, 2004-ж. 27-июлундагы №101,2004-ж. 15-декабрындагы №191, 2005-ж. 5-августундагы №122, 2006-ж. 5-январындагы. №1, 2006-ж. 6-февралындагы №35, 2006-ж.13- февралындагы №56, №57, 2006-ж. 8-августундагы №156, №158, №159, 2006-ж.22-ноябрындагы №182,№183, 2006-ж. 28-декабрындагы №211,№216, 2006-жылдын 29-декабрындагы №230, 2007-ж. 12-февралындагы №16, 2007-ж. 25-июнундагы №91, 2007-ж. 31-июлундагы №129, 2007-ж. 6-августундагы №131,2007-ж. 10-августундагы №150, 2007-ж. 15-августундагы №152, 2008-ж. 23-июнундагы №131, 2008-ж. 7-июлундагы №138, 2008-ж. 18-июлундагы №151, 2008-ж. 5-августундагы №199, 2008-ж. 17-октябрындагы №223, №231, 2008-ж. 29-декабрындагы№274, №275, 2009-ж. 19-январындагы №8, 2009-ж. 20-февралындагы №58, №60, 2009-ж. 17- мартындагы №83, 2009-ж. 8-майындагы №150, 2009-ж. 17-июлундагы №230, №234, 2009-ж. 24- июлундагы №246,2009-ж.13-октябрындагы №271, 2009-ж. 20- ноябрындагы №301, 2009-ж.17-декабрындагы №309, 2010-ж. 10-февралындагы №27, 2011-ж.11-июлундагы №89, 2011-ж. 26-июлундагы №141, №143, 2011-ж. 18-октябрындагы №177, 2011-ж. 27-октябрындагы №185, 2011-ж. 1-ноябрындагы №195, 2011-ж.10-ноябрындагы №204) КР Мыйзамдарынын редакциясында.

[8]КР КЖК. 1999-жылдын 30-июнундагы №63 КР Мыйзамы менен ишке киргизилген. 2001-ж. 22-июнундагы №55, 2001-ж. 28-июнундагы №62, 2001-ж. 4-августундагы №81, 2002-ж. 20-мартындагы №41, 2002-ж. 16-октябрындагы №141, 2003-ж. 13-мартындагы №61, 2003-ж. 11-июнундагы №98, 2003-ж. 5-августундагы №192, 2003-ж. 14-ноябрындагы №221, 2004-ж. 24-мартындагы №47, 2004-ж. 28-мартындагы №52, 2004-ж. 24-майындагы №68, 2004-ж. 8- августундагы №111, 2005-ж. 22-июлундагы №112, 2006-ж. 6-февралындагы №35, 2006-ж. 19-июлундагы №123, 2006-ж. 8-августундагы №157, 2006-ж. 24-ноябрындагы №188, 2006-ж. 29-декабрындагы №232, 2007-ж. 9-февралындагы №13, 2007-ж. 13-июнундагы №87, 2007-ж. 25-июнундагы №91, 2007-ж. 25-июнундагы №93, 2008-ж. 14-июлундагы №142, 2008-ж. 14-июлунда №143, 2008-ж.18-июлунда №144, 2008-ж. 5-августунда №193, 2008-ж. 17-октябрында №220, 2009-ж. 17-июлундагы №225, 2009-ж. 17-июлундагы №231, 2009-ж. 17- июлундагы №234, 2009-ж. 24-июлундагы №246, 2009-ж. 12-октябрындагы №267, 2009-ж. 12-октябрындагы №268, 2009-ж. 26-октябрындагы №288, 2009-жылдын 26-октябрындагы №289, 2010-ж. 10-февралындагы №27, 2010-ж. 25- февралындагы №35, 2011-ж. 11-июлундагы №89, 2011-ж. 26-июлундагы №141, 2011-ж. 9-августундагы №152, 2011-ж. 27-октябрындагы №186, 2011-ж. 16- ноябрындагы №214 КР Мыйзамдарынын редакциясында).

# 1. КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасы адам укуктары жаатындагы кыйноолорду колдонууга жана катаал мамиле кылууга тыюу салган көптөгөн макулдашуулардын катышуучусу болуп саналат. Бул макулдашуулардын бардыгы Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык бөлүгү болуп эсептелет жана түздөн-түз аткарылууга жатат. Ал эле эмес, адам укуктары боюнча эл аралык макулдашуулардын нормалары башка эл аралык макулдашуулардын нормаларынын үстүнөн артыкчылыкка ээ болуп саналат.

Кыйноолорго жана катаал мамиле кылууга болгон тыюу салуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, мыйзамдарынын жана башка нормативдик-укуктук актыларынын жоболорунда, анын ичинде кылмышка шектүү же кылмыш жасаган деп айыпталган, административдик камакка алынган адамдардын камактагы жашоосунун тартибин жана шарттарын, ошондой эле билим берүү, саламаттыкты сактоо жана социалдык камсыздандыруу системасынын атайылаштырылган мекемелеринде кармалуусунун тартибин жана шарттарын аныктаган жоболорунда бекитилген.

Бирок, жетишээрлик деңгээлдеги күчтүү укуктук базанын болушуна карабастан, кыйноого каршы нормалардын сакталышы жана алдын-алуучулук механизмдерди ийгиликтүү пайдалануу дайыма эле камсыздалат дегенге болбойт. Кыргызстанда кыйноолор мурдагыдай эле колдонулуп келатат. Ал гана эмес, 2011-жылдын декабрында Кыргыз Республикасына болгон иш сапарынын аягында БУУнун кыйноолор, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамиле жасоо жана жазалоо маселелери боюнча Атайын баяндамачысы Хуан Э.Мендес белгилегендей, кыйноолорду колдонуу жана катаал мамиле жасоо Кыргызстанда кеңири таралган көрүнүш болуп саналат.

Ошентип, Атайын баяндамачы 2011-жылы Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени), ЕККУнун Бишкектеги борбору жана кыйноолордун алдын-алуу жаатында чоң тажрыйбасы бар сегиз бейөкмөт уюмунун ортосундагы кызматташтык жөнүндөгү меморандумдун алкагында жасалган зор изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча чыгарылган жыйынтыктарды бекемдеди.

Кызматташтык жөнүндөгү меморандумдун алкагындагы иш-чаралар Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын өлкөнүн бардык региондорундагы УКЖларына мониторинг жасоону камтыган болчу. ИИБнын УКЖларын мониторингдин обьектиси катары тандап алуу, биринчиден, УКЖ, өзүнүн аныктамасына ылайык, камакта кармоо жайы катары сырткы дүйнө үчүн жабык мекеме болгондуктан, андагы адамдар өзгөчө аялуу абалда болуп, аларды кыйноого алуу же башка катаал мамиле жасоо тобокелчилиги жогору боюнча калып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Экинчиден, укук коргоочу уюмдардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, кармалгандарга карата көбүнчө милиция кызматкерлери тарабынан аларды мойнуна алдырууга мажбурлоо максатында маалымат алуунун мыйзамсыз ыкмалары пайдаланылат, андан соң алар УКЖга отургузулат.

Кыйноолор дал ушул УКЖлардин ичинде пайдаланылган учурлар аз эмес. Ошондуктан, такай мониторинг жүргүзүү аркылуу УКЖлардин көзөмөл жүргүзүүнүн сырткы механизмдери үчүн ачык болушуна жетишүү мындагы мыйзам бузуулар

практикасынын алдын алуунун жана камактагылардын жашоо-шартын жакшыртуунун натыйжалуураак механизмдеринин бири болуп калат деген үмүт жашап келет.

Өлкөнүн башкы укук коргоочусунун, эл аралык жана жергиликтүү укук коргоочу уюмдардын кызматташтыгынын уникалдуу форматы, алардын обьективдүү натыйжаларды алып, алардын негизинде жыйынтыктарды чыгарып и практикалык жактан пайдалуу кеп-кеңештерди иштеп чыкканга мүмкүнчүлүк жараткан иштөө ыкмалары ишмердүүлүгү кыйноолордон эркин болуу укугунун сакталышынын кепилдигин камсыздоо жаатына кирген мамлекеттик органдардын олуттуу кызыгуусун жаратты.

Ошондон улам 2012-жылдын июнунда жаңы Кызматташтык жөнүндө меморандумга кол коюлуп, ага кошумча түрдө Башкы прокуратура, ички иштер министрлиги, саламаттык сактоо министрлиги, Юстиция министрлиги, Жаза аткаруу мамлекеттик кызматы жана дагы төрт бейөкмөт уюм кошулду.

Меморандум эркинен ажыратылган адамдарды камактагылар кармала турган жайларга такай барып турууга негизделген алдын-алуучу мүнөздөгү соттук эмес чараларга таянып кыйноолордон коргоп калуу ишин жакшыртса боло тургандыгына ишенгендердин башын бириктирди. Мындай ишеним төмөнкүлөргө негизделет:

- Сырткы көзөмөлгө алынуу фактысынын өзү эле эркиндиктен ажыратылгандар же эркиндиги чектелгендер кармалган жайлардын администрациясынын жана кызмат адамдарынын сабырдуу болуусуна олуттуу таасир бере алат, анткени алар сырттан айтыла турган сынга кабыл болгулары келбейт, ал эми мындай сырттан көзөмөл кылуу болбосо жасаган иштерим үчүн эч качан жазага тартылбайм деген ишеничте жүрө бериши мүмкүн.
- Аталган жайларга барып туруу көз карандысыз эксперттер үчүн эркинен ажыратылган же эркиндиги чектелген адамдарга кандай мамиле жасалып жаткандыгын, ошондой эле алардын жашоо-шарты кандай экендигин өз көзү менен көрүп, таанышууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ар бир конкреттүү абалга байкоо салуунун негизинде мониторлор реалдуу жана иш жүзүндө колдонууга мүмкүн болгон кеп-кеңештерди бере алышат, ошондой эле кандай гана проблема жаралбасын, аны чечүү үчүн компетенттүү органдар менен диалог жүргүзө алышат.
- Эркиндиктен ажыратылгандар же эркиндиги чектелгендер кармалган жайларга бул мекемелер менен байланышы жок адамдардын барып турушу ал жердеги адамдар үчүн моралдык колдоонун абдан маанилүү булагы болушу мүмкүн.

Камакта кармоочу жайларга (жабык мекемелерге) объективдүү мониторинг жүргүзүү жаңы Кызматташтык жөнүндө меморандумдун дагы башкы компоненти болуп калды. Меморандумдун катышуучулары бара турган объектилердин санын көбөйтүү жөнүндө чечим кабыл алып, алардын катарына ИИБ менен ЖАМКнын ТИЗОсунун кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларын кошушту. ЖАМК ТИЗОсун мониторинг жүргүзүү максатында бара турган жайлардын катарына кошуунун зарылдыгы ИИБнын УКЖсине жүргүзүлгөн мониторинг аталган жайлардагы кыйноолорго байланышкан абалдын жана камалгандарга

карата колдонулган кыйноолордун көлөмүнүн толук жана объективдүү көрүнүшүн аныктоого мүмкүнчүлүк бере албагандыгы менен түшүндүрүлөт.

ИИБ УКЖдагы кылмышка шектүүлөр жана кылмыш жасаган деп айыпталуучулар мониторингдик топтор менен кызматташсам кийин эрегишип калып, өч алышы мүмкүн деген кооптонуулардан улам кыйноолор жөнүндө ачык-айкын айткылары келишпейт. Милиционерлердин айыпталуучуларды алардын кыйноого алынгандыктары тууралуу айтып койгондугу үчүн уруп-согуп, таяктаган фактылары 2011-жылдагы мониторингдин жыйынтыгы боюнча отчетто келтирилген[9]. Анан милиция кызматкерлеринин кирүүсү чектелген ЖАМК ТИЗОсуна этап менен жеткирилгенден кийин гана кыйноолордун курмандыгы кандайдыр бир деңгээлде өзүн коопсуз сезүү менен байкоочуларга маалымат алуунун мыйзамсыз ыкмалары тууралуу айтып берүүгө батынат.

Буга чейин ИИБнын бир дагы кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында толук кандуу мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Кызматташтык жөнүндө меморандумдун мамлекеттик органдардын өкүлдөрүнөн турган катышуучулары мониторинг жүргүзүүгө көмөк көрсөтүү, кыйноолор жөнүндө маалымат болсо, көз жаздымда калтырбай, тез арада чара көрүү, анын ичинде жарандык коомдун өнөктөш уюмдары менен биргеликте эркиндиктен ажыратылгандар жана эркиндиги чектелгендер кармалган жайларга активдүү мониторинг жүргүзүү; зарыл болгон учурларда жарандык коомдун өнөктөш уюмдарына, адвокаттарга жана эл аралык уюмдарга, анын ичинде алар түзгөн мониторингдик топторго камактагылар кармалган жайларга барууга көмөктөшүү; улуттук мыйзамдарга жана эл аралык нормаларга ылайык, адам укуктарынын бузулушу жана эркиндиктеринин чектелиши жөнүндө билдирүүлөр боюнча натыйжалуу, тыкыр, олуттуу жана ыкчам ички иликтөө жүргүзүп, анын жыйынтыктары тууралуу тиешелүү мамлекеттик органдын жетекчилигине, жарандык коомдун өнөктөш уюмдарына жана эл аралык уюмга билдирип туруу; адамдын укуктарынын бузулушу жана эркиндиктеринин чектелиши жөнүндө маалыматка ошол замат чара көрүлүшүн, ошондой эле биргелешип текшерүү жана ал жайлардагы мыйзам бузуулар тууралуусындагы маалыматты документтештирүү үчүн мамлекеттик органдан тиешелүү жоопкерчилик жүктөлгөн адамды аныктоону камсыздоо боюнча милдеттенмелерди мойнуна алышты[10].

Бул отчетто Кыргыз Республикасынын бардык региондорундагы ЖАМК, ИИБ ТИЗОлорунун УКЖ жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында кыйноолордон эркин болуу укугунун сакталышына 2012-жылдын 1-апрелинен 30-ноябрына чейинки аралыкта "Кыргызстанда коргоонун улуттук механизмдеринин жардамы менен эркиндиктен ажыраткан же чектеген жайларда адам укуктарынын бузулушунун алдын алуу" жана "Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларга мониторинг жүргүзүү жана ИИМге караштуу КБКнын дараметин жогорулатуу" долбоорлорунун алкагында жүргүзүлгөн мониторингдин жалпыланган жыйынтыктары берилген. Мониторинг ЕККУнун Бишкектеги борбору менен ЕКУУнун

[9] "Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу изоляторлорундагы кыйноолордун алдын алуу. Мониторинг. Чара көрүү. Реабилитациялоо" мониторингинин жыйынтыктары боюнча даярдалды».- Бишкек; 2011 – 106-б.

[10]Адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы кызматташтык жөнүндө меморандум, 1-б.

Оштогу жергиликтүү бюросунун, ошондой эле Фридом Хаустун АКШнын эл аралык өнүгүү боюнча агенттигинин (ЮСАИД) колдоосу менен болгон “Кыргызстанда адам укугун бекемдөө” долбоорунун каржылык колдоосу менен ишке ашырылды.

Отчет мамлекеттик органдарга, бейөкмөт уюмдарына, укук коргоочуларга, ошондой эле адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышы боюнча маселелерге, ички иштер органдарындагы убактылуу кармоочу изоляторлорундагы жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлардагы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын тергөө изоляторлорундагы түзүлгөн жашоо-шарттарга кызыккан адамдарга арналган.

Отчетто жабык мекемелерде кармалган адамдардын эл аралык укуктун нормаларында жана Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарында каралган укуктары жана эркиндиктери, анын ичинде кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болуу укугу сакталышынын кепилдиктерин камсыздоого багытталган кеп-кеңештер берилген.

Кыргыз Республикасы 1994-жылы Жарандык жана саясий эркиндиктер жөнүндө эл аралык пактыга (ЖСЭЭП) кошулуу менен ЖСЭЭПнын жоболорунда каралган милдеттенмелерди мойнуна алууга даяр экендигин билдирген. Ошол эле 1994-жылы ЖСЭЭПнын Факультативдик протоколуна кошулуу менен Кыргыз Республикасы БУУнун адам укуктары боюнча комитетинин анын юрисдикциясындагы адамдардан келген жеке маалыматтарды кароого акылуу экендигин моюнга алган.

Бүгүнкү күндө БУУнун адам укуктары боюнча комитети тарабынан Кыргыз Республикасы боюнча 14 чечим кабыл алынып, аларда ЖСЭЭПда көрсөтүлгөн ар кандай укуктардын бузулушу, анын ичинде тогуз адамга карата болгон алты иш боюнча ЖСЭЭПтин 7-беренесинде каралган кыйноолорду колдонууга жана катаал мамиле кылууга тыюу салуу укугунун бузулушу белгиленген[11].

КР Конституциясынын 41-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, эл аралык адам укуктары боюнча органдар тарабынан адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушу белгиленсе, Кыргыз Республикасы алардын калыбына келтирилиши жана зыяндын ордун толтуруу боюнча чараларды көрүшү керек.

Биринчи чечим беш жыл мурун эле кабыл алынгандыгына карабастан, Комитеттин чечимин аткаруу, анын ичинде бузулган укуктарды калыбына келтирүү, укуктук жактан коргоо боюнча натыйжалуу мүмкүнчүлүктөрдү берүү жана компенсацияларды төлөп берүү боюнча Кыргыз Республикасы тарабынан эч кандай чаралар көрүлгөн эмес. Бул эл аралык органдардын чечимдеринин мамлекеттик органдар тарабынан аткарылышын камсыздай турган кандайдыр бир натыйжалуу механизмдердин жок экендиги менен түшүндүрүлөт. Ушундай механизмди түзүү жөнүндө сунуш 2011-жылдагы мониторингдин жыйынтыктары боюнча киргизилген жана азыркы тапта да бул маселе актуалдуу боюнча калууда.

[11]ЖСУЭП 7-беренеси: «Эч ким кыйноолорго же катаал, адам чыдагыс жана ар-намысын басмырлаган мамилеге же жазалоого дуушар болбошу керек».

Отчеттун биринчи бөлүгүнө парламентке, өкмөткө жана тиешелүү мамлекеттик органдарга жөнөтүлгөн 2011-жылдагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча кеп-кеңештердин аткарылышынын кыскача баяндамасы киргизилген. Ошону менен бирге эле долбоорду ишке ашыруу учурунда алынган маалыматтарды жалпылоонун негизинде айрым жаңы кеп-кеңештер сунушталган.

Отчеттун экинчи бөлүгүнө долбоордун методологиясынын сүрөттөлүшү, анын ичинде долбоордун максаттары, милдеттери, негизги компоненттери жана долбоордун алкагында өткөрүлгөн иш-чаралар жөнүндө жалпы маалымат киргизилген.

Отчеттун үчүнчү бөлүгү ЖАМК ТИЗО, ИИБ УКЖ жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында кыйноолордон жана катаал мамилелерден эркин болууга укуктун сакталышына жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары, анын ичинде таблица жана диаграмма түрүндөгү жалпы статистикалык маалыматтар, укук пайдалануучу практиканын абалы туурасында маалымат келтирилген. Отчеттун бул бөлүгү байкоочулардын отчетторунан алынган мисалдар менен толукталган.

Долбоордун командасынын мониторинг учурунда аныкталган кыйноолор жана катаал мамилелер фактыларын документтештирүү жана кыйноо курмандыктарына юридикалык жардам көрсөтүү боюнча ишмердүүлүгү жөнүндө ушул отчеттун жыйынтыктоочу бөлүгүндө жазылган.

Отчеттун жыйынтыктоочу бөлүгү кыйноолордун жана катаал мамилелердин курмандыктарын реабилитациялоо боюнча долбоордун алкагында аткарылган иш-чаралар жөнүндө жалпы маалыматты камтыйт.

Долбоордун командасын түзгөн бейөкмөт уюмдардын жана алардын кызматкерлеринин, байкоочулардын жана врачтардын биргелешкен ырааттуу ишинин натыйжасында бул изилдөөнүн максаттарына жетүү мүмкүн болду. Алар:

«АманПлюс» КУ(Бишкек ш.)  - Берг Руслан;

«Вентус» КУ (Каракол ш.)  - Рузиев Камиль;

«Азаттык үнү» КФ (Бишкек ш.) - Багишбеков Сардар, Койлубаева Асель, Сыдыков Айдар, Эсенаманова Эльмира;

«Элдердин достугу үчүн» КУ (Кызыл-Кия ш.) –МиркадыровМухтар;

«Кылым Шамы» КФ (Бишкек ш.) –АбдирасуловаАзиза, АдамалиевРысбек;

«Соломон нуру” КФ (Ош ш.) –МахмудовСадыкжан, Асанов Таир, Абдулазимов Улугбек; БатыркуловЖусубали;

«Жаштар укук коргоочу тобу» КУ (Бишкек ш.) – Халитова Елена;

«Көз карандысыз укук коргоочулар тобу» (Бишкек ш.)  - Саякова Динара, АзимовУлугбек, Воцлава Юлия;

«Ачык позиция» КУ (Бишкек ш.) –Абдирасулова Гульшайыр;

“Азаттык үнү” Реабилитациялык борбору” – Бектемирова Айсалкын, Максутова Бегайим, Колбина Надежда, Новикова Светлана;

«Эркин муун” либерал жаштардын альянсы» КФ (Бишкек ш.) - Шайхутдинов Тимур;

«Биригүү Союзу» КУ (Талас ш.) – Божкова Светлана, Баялиев Кемель, Торобеков Чыныбек;

«Спектр” социалдык-укуктук борбору» КУ (Каракол ш.) – Матвеева Элла;

«Акыйкат» Жалал-Абад облустук укук коргоочу уюму (Жалал-Абад ш.) – Гриценко Валентина, Шарипов Абдумалик, Жапарова Бактыкан, Джаббаров Уткир, Шасалимов Фарход, Исмаилов Баходир;

«Эл Сайт» КФ (Кызыл-Кыя ш.) - Ахмедов Халимжан;

*байкоочулар:* Исмаилова Жибек (Бишкек ш.), Калыков Мурзакмат (Баткен ш.), Иванова Елена (Ала-Бука айылы), Шадыбеков Кадырбек, Токтобаева Асылкан (Кербен ш.), Попсуй Сергей (Майлуу-Суу ш.), Галич Валентина, Сухорукова Елена (Таш-Көмүр ш.), Асакеев Туланбек, Жаманкулова Гульнара (Токтогул шта);

*дарыгерлер:*Каюмова Задикан, Субанбаев Айбек, Сулайманова Миножотхон, Султанмуратов Исмаил, Мамаразиев Алокулбек, Сатыбалдиев Шухрат, Толтоев Мыктыбек.

Долбоордун командасы төмөндөгүлөргө ыраазычылык билдирет:

- Каржылык колдоосу жана изилдөөнү жүргүзүүгө, ушул отчетту жарыялоого көрсөткөн жардамы үчүн ЕККУнун Бишкектеги борборуна жана ЕККУнун Ош шаарындагы жергиликтүү бюросуна;
- Каржылык колдоосу жана ТИЗОлордо адам укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүүгө көрсөткөн жардамы үчүн Фридом Хаустун «Кыргызстандагы адам укуктарын күчөтүү” долбооруна;
- Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын УКЖ жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларынын начальниктери үчүн адам укуктары боюнча окутуп-үйрөтүүчү иш-чараларды өткөрүүгө каржылык жардам көрсөткөндүгү үчүн БУУнун Адам укуктары боюнча Жогорку комиссарынын башкармалыгынын Борбордук Азиядагы Регионалдык бөлүмүнүн Европалык Союз каржылаган «Кыргыз Республикасындагы адам укуктарына жарандык мониторинг жүргүзүү жана жаңжалдардын алдын алуу” долбооруна жана “Сорос-Кыргызстан” Фондусуна;
- Мониторинг топторунун мүчөлөрүнө ИИБнын, ЖАМКнын ТИЗОлоруна барууга мүмкүндүк түзгөндүгү, ошондой эле жабык мекемелерде изилдөөлөрдү жана мониторинг жүргүзүүгө активдүү катышкандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен) Турсунбек Акунга жана анын аппаратынын кызматкерлерине;
- Бул изилдөөнү өткөрүүгө катышкан бардык уюмдарга, мониторинг боюнча байкоочуларга.

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаза аткаруу мамлекеттик кызматынын жетекчилигине, мониторинг жүргүзүлгөн УКЖ жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларынын, ТИЗОнун администрацияларына жана кызматкерлерине, ошондой эле аталган мекемелерде камалган жана интервьюларга катышкан адамдарга изилдөөнү жүргүзүүгө көрсөткөн көмөгү үчүн өзгөчө ыраазычылык билдиребиз.

## 2. ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА КЕП-КЕҢЕШТЕР

2011-жылдагы изилдөөлөрдүн натыйжалары боюнча айрым маанилүү жыйынтыктар чыгарылган болчу, алардын негизинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Өкмөтүнө, Башкы прокуратурасына, Жогорку сотуна, ИИМге жана ИИБ УКЖга арналган конкреттүү кеп-кеңештер иштелип чыккан.

Логикага ылайык, ушул изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча жаңы кеп-кеңештерди белгилөөдөн мурда былтыркы изилдөөнүн кеп-кеңештерин канчалык деңгээлде аткарууга мүмкүнчүлүк болгондугун карап чыгуу зарыл эле жана долбоордун командасы бул иштин өтөөсүнө чыга алды.

Тилекке каршы, кеп-кеңештер арналган негизги мамлекеттик органдар 2012-жылдын Меморандумунун активдүү катышуучусу болгондугуна жана сегиз ай бою долбоордун командасы менен активдүү кызматташкандыгына карабастан, абал сезилээрлик деңгээлде өзгөрүлгөндүгү деле байкалбайт.

2011-жылдын изилдөөлөрүндө белгиленген көпчүлүк проблемалар азыркы күнгө чейин актуалдуу боюнча калууда.

| № | Жыйынтык (2011-жылдын изилдөөлөрү) | Проблемалардын азыркы таптагы актуалдуулугу |
|---|---|---|
| 1. | Кыйноолорду пайдалангандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигин орноткон КР улуттук мыйзамдары кыйноолорду натыйжалуу криминалдаштыруунун эл аралык стандарттарына толук кандуу жооп бербейт | Анча актуалдуу эмес |
| 2. | Кылмыш ишин жасаган деп айыпталган же шектелген адамдарга кыйноолорду колдонуу, негизинен, мойнуна алган көрсөтмөлөрдү алуу максатында колдонулат. Жазык мыйзамдарына кыйноолордун жана катаал мамиле кылуунун алдын алуунун кошумча кепилдиктерин орноткон өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл. | Актуалдуу |
| 3. | КР КЖК нормаларына ылайык, кылмыш иштеринин алдын алууга, ошондой эле кылмыш жасаган адамдарды табууга (кылмыштын бетин ачуу) багытталган аныктоочу органдардын оперативдүү-иликтөөчү иш-чаралары өз алдынча болсо дагы кылмыш сот өндүрүшүнүн бир бөлүгүн түзөт жана КР КЖКнын | Актуалдуу |

| | | |
|---|---|---|
| | 1-беренесине ылайык, КР КЖКнын нормалары менен жөнгө салынышы керек. КР КЖКнын бир дагы нормасы оперативдүү-иликтөөчү иш-чаралардын өндүрүшүнүн тартибин жөнгө салбайт, алардын өндүрүшүнө тиешеси бар адамдардын макамын аныктабайт, башкысы – алардын укуктарын жана милдеттерин карабайт. Бул маселелер "Оперативдүү-иликтөөчү ишмердүүлүк жөнүндө" Мыйзамында жөнгө салынган деп эсептелгендиги менен бул андай эмес. КИБ оперативдүү кызматкери кылмышка катыштыгы бар-жок экендиги текшерилип жаткан адамга жактоочуну жолуктурбай койгон учурлар аз эмес. Бул учурда ал мындай чечимин бул адам маектешүү үчүн гана чакырылгандыгы, камактагы адам эмес экендиги жана "Оперативдүү-иликтөөчү ишмердүүлүк жөнүндө" Мыйзамында "сурамжылоо" делген оперативдүү-иликтөөчү өндүрүшүндө жактоочу сөзсүз катышуусу зарыл деп айтылбагандыгы менен түшүндүрөт. Анткени, бул Мыйзамда так норма көрсөтүлбөгөндүктөн, аны Кодекстин 1-беренеси талап кылгандай, КР КЖКга киргизүү керек. | |
| 4. | КР Конституциясынын Кыргыз Республикасы кол койгон жана мыйзамда каралган тартипте күчүнө кирген эл аралык макулдашуулар, ошондой эле эл аралык укуктун жалпыга таанымал принциптери жана нормалары Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын курамдык бөлүгү болуп санала тургандыгы, ал эми адам укуктары боюнча эл аралык макулдашуулардын нормалары башка эл аралык макулдашуулардын нормаларынын үстүнөн артыкчылыкка ээ экендиги туурасындагы жобосунун сакталышы камсыздалган жок. | Актуалдуу |

Албетте, айрым кеп-кеңештерди аткаруудан боло турган натыйжа белгилүү бир убакыттан, көбүнчө узак мөөнөткө созулган убакыттан кийин гана сезилээрлик боло тургандыгын эске алуу зарыл. Мындай кеп-кеңештерге байланыштуу алар арналган мамлекеттик орган же кызмат ээлеген адам жасаган иш-аракеттердин өзү көбүрөөк мааниге ээ болуп калат.

Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасын белгилеп коюу кажет. Башкы көзөмөлдөөчү органга арналган бардык кеп-кеңештер Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын 2015-жылга чейинки өнүгүү стратегиясында бекемделип, бул Стратегия прокуратура органдарынын тутумунун жаңылануу процессин аныктаган "жол картасы" экендиги белгиленген. Ал ошондой эле прокуратура органдарын адамдын укуктарын жана эркиндиктерин, мамлекеттин кызыкчылыктарын коргоо, прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун арттыруу, көзөмөл кылуу ишин оптимизациялоо, прокуратура органдарындагы ресурстук камсыздоону өнүктүрүү максатында реформалоону өткөрүүгө багытталган чараларды көрүүнүн зарылдыгына негизделген»[12]. Өнүгүү стратегиясын ишке ашыруунун конкреттүү планы бекитилген.

[12] Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын 2015-жылга чейинки өнүгүүсүнүн стратегиясы. Башкы прокурордун 2012-жылдын 18-январындагы №4 Буйругу менен бекитилген.

Башкы прокуратуранын бул иш-аракеттери камактагы адамдардын укуктарынын жана эркиндиктеринин, анын ичинде кыйноолордон эркин болуу укугунун сакталышына прокурордук көзөмөл кылууну ишке ашырууда айрым сезилээрлик өзгөрүүлөр жакын арада болушуна, айрымдары жакынкы келечекте ишке ашырылышына үмүт артса боло тургандыгына негиз болуп берет.

ИИМ жетекчилиги жана айрым ИИБ УКЖ администрациялары тарабынан чоң бюджеттик каражаттарды талап кылбаган кеп-кеңештерди аткарууга багытталган белгилүү бир иш-аракеттер жасалган. Отчетто аймактык ИИБ кызматкерлери өз күчү менен УКЖ имараттарын ремонт кылып, жергиликтүү уюмдардын демөөрчүлүк колдоосу аркасында камактагылардын жашоо-шартын жакшыртуу боюнча иш-чараларды өткөргөн мисалдар келтирилген. 2012-жылдагы мониторингдин алкагында байкоочулар айрым УКЖлердеги камераларда кыргыз жана орус тилдеринде укуктар жана эрежелер жөнүндө маалыматтар келтирилген плакаттар илинип коюлгандыгын, видеобайкоо жүргүзүү каражаттары орнотулгандыгын, чакан китепканалар менен жабдылгандыгын белгилешкен. ИИМ менен аймактык ИИБ жетекчилигинин кеп-кеңештерди аткаруу үчүн өз кызматкерлерин адам укугунун негиздерин өздөштүрүү максатында окутуп-үйрөтүүгө кызыкдар болушу жана көмөк көрсөтүшү маанилүү болуп саналат.

Долбоордун командасынын кеп-кеңеш аткарылды деп эсептегенге болобу-жокпу деген маселедеги позициясы төмөндөгү таблицада берилген. Тигил же бул позицияны тандап алуу бир жыл ичинде тигил же бул кеп-кеңеш тиешелүү болгон жаатта жакшы жагына өзгөрүү болдубу-жокпу деген жыйынтыкка негизделген. 2012-жылдагы мониторинг учурунда изилдөөнүн предмети болбогон маселелер боюнча позициялар аныкталган жок.

| **№** | **Кеп-кеңештер<br>(2011-жылдагы изилдөөнүн жыйынтыктары)** | **Кеп-кеңештерди аткаруу** |
|---|---|---|
| | **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши** | |
| 1. | КР КК 305-1 беренесине (“Кыйноолор”) БУУнун Кыйноолорго каршы конвенциясынын талаптарына ылайык кыйнолорду криминалдаштырууну камсыздоо, “кыйноо” деген конвенциондук түшүнүктү толук жана туура имплементациялоо максатында өзгөртүүлөрдү киргизүү. Мында БУУнун кыйноолорго каршы конвенциясы талап кылгандай, кыйноонун курамынын субъективдүү тарабынын факультативдик белгилеринин тизмесин кеңейтүүнү камсыздоо, кыйноолор үчүн санкцияларды катаалдатуу зарыл, бул кылмышты оор жана өтө оор катары квалификациялоого мүмкүнчүлүк берет. | **Аткарылды** |
| 2. | Кыйноолор үчүн жоопкерчиликтер каралган беренелердин кайталанышын жокко чыгаруу максатында “кыйноолорго | **Жарым-жартылай** |

| | | |
|---|---|---|
| | жакын” беренелерге өзгөртүүлөрдү киргизүү (304-бер. «Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу”, 305-бер. «Кызмат абалынан ашкере пайдалануу”, 316-бер. “Шалаакылык”,325-бер. «Көрсөтмө берүүгө мажбурлоо”, 332-бер. «Көрсөтмө берүүгө же көрсөтмө берүүдөн качууга, болбосо туура эмес которгонго мажбурлоо же сатып алуу”). | **аткарылды** |
| 3. | “Мунапыс жана күнөөсүн кечүүнүн жалпы принциптери жөнүндө” КР Мыйзамынын 4-бер. КР КК 305-1 беренесинде каралган кылмыш иштери үчүн мунапыс колдонулбай тургандыгы туурасында өзгөртүү киргизүү керек. Муну менен БУУнун Кыйноолорго каршы комитетинин 1999-жылдын 18-ноябрындагы мамлекет кыйноого байланышкан кылмыш иштерине мунапыс жөнүндө мыйзамдын колдонулбашын камсыздашы керектиги туурасындагы кеп-кенешинин аткарылышына жетишүүсү зарыл. | **Аткарылган жок** |
| 4. | КР КЖКсына тергөө учурунда кылмышты мойнуна алган көрсөтмөлөр укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан “күч менен” алынган фактыларга бөгөт коюу максатында сот процесси учурундагы көрсөтмөлөргө артыкчылыктар бериле тургандай өзгөртүүлөрдү киргизүү керек. КР КЖКсынын 81-бер. («Далилдер») кылмыш жообуна тартыла турган иш-аракеттерди жасаган деп шектелген же айыпталган адамдын кылмыш иши боюнча сотко чейинки өндүрүштө берген, бирок сот учурунда бекемделбеген көрсөтмөлөрү жол берилбеген далилдер катары кабылданышы керектиги туурасындагы норманы бекемдөө зарыл. Бул демилгеленип жаткан норма кылмышты мойнуна алдыруу үчүн кыйноонун зарылдыгын жокко чыгарат, анткени алар сотто адамдын күнөөсүн аныктоо учурунда чечүүчү мааниге ээ болбой калат. | **Аткарылган жок** |
| 5. | “Камакта кармоонун тартиби жөнүндө” КР Мыйзамынын 17-беренесине өзгөртүү киргизип, “жактоочуга кылмыш иши өндүрүшүндө болгон тергөөчү, прокурор же соттун ал жактоочунун кылмыш ишин кароого катыштыгы бар экендигин тастыктаган жазуу жүзүндөгү бекемдөөнүн негизинде гана жолугушууга уруксат берилет” деген талапты алып салуу керек, анткени бул норма коргоого болгон укуктун жана процесстеги бардык тараптардын тең укуктуулугунун бузулушуна алып келет. | **Аткарылды** |
| 6. | КР КЖКнын “Соттолуучунун камактан бошотулушу” 325-беренесине соттолуучу акталганда, ошондой эле күнөөлөгөн өкүм жаза чегербей чыгарылганда же жаза аткаруудан бошотулганда, же шарттуу түрдө кесилгенде, же эркинен бошотпой турган жаза чегерилгенде, же кылмыш иши өндүрүштөн кыскартылганда, камактагы соттолуучу өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенде гана токтоосуз бошотулат деген норманы киргизүү керек. | **Аткарылган жок** |
| 7. | “Камакта кармоонун тартиби жөнүндө” КР Мыйзамына | **Аткарылган жок** |

| | | |
|---|---|---|
| | төмөнкүлөргө тыюу салган кошумчаларды киргизүү керек:<br>а) камактагы адамдын жактоочуга, Жогорку Кеңештин депутаттарына, КР Акыйкатчысына (Омбудсменге), ошондой эле адам укуктары боюнча эл аралык уюмдарга арналган корреспонденцияларына цензура орнотууга;<br>б) УКЖнын бир камерасында жашы жете электер менен “жакшы мүнөздөмө берилген” улуу адамдардын чогуу отурушуна; | |
| 8. | КР КЖКга кылмыш ишине бөгөт коюуга жана аларды жасаган адамдарды табууга багытталган оперативдүү-иликтөөчү иш-чаралардын өндүрүшүн , алардын өндүрүшүнө тиешеси бар адамдарды, алардын макамын, укуктарын жана милдеттерин жөнгө салуучу кошумча нормаларды киригизүү керек. | **Аткарылган жок** |
| 9. | Кыргыз Республикасынын адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы эл аралык макулдашуулардагы мойнуна алган милдеттенмелерин аткаруусу жана бул милдеттерди аткаруу боюнча мезгил-мезгили менен өз убагында баяндамаларды берип туруусу такай парламенттик көзөмөлгө алынуусун камсыздоо керек. | **Аткарылган жок** |
| 10. | БУУнун кыйноолорго каршы Конвенциясына Факультативдик протоколдун алкагында Улуттук алдын алуучулук механизмдин – кыйноолордун алдын алууда жаңыча мамиле жаралышына жана анын натыйжалуу иштешине көмөктөшүү керек. | **Жарым-жартылай аткарылды** |
| 11. | БУУнун кыйноолорго каршы комитетинин БУУнун кыйноолорго каршы Конвенциясынын 22-беренесине ылайык кыйноолордон эркин болуу укугунун бузулушу туурасындагы жеке кайрылууларды кароого ыйгарым укуктарын таануу жөнүндө билдирүү жасоо керек. | **Аткарылган жок** |
| 12. | Кыргыз Республикасынын адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун аныктаган адам укуктары боюнча эл аралык органдардын чечимдерин аткаруусун камсыздаган натыйжалуу механизминин иштелип чыгышына көмөк көрсөтүү керек. | **Аткарылган жок** |
| **Кыргыз Республикасынын Өкмөтү** | | |
| 1. | Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышына, анын ичинде камакта отурган жерлерде сакталышына такай мониторинг жүргүзүп туруу. | **Аткарылган жок** |
| 2. | Эл аралык макулдашуулар боюнча милдеттенмелерди аткаруу жөнүндө мезгил-мезгили менен өз убагында жана сапаттуу баяндамаларды адам укуктары боюна эл аралык органдарга берип туруу жана алардын кеп-кеңештерин аткаруу боюнча | **Жарым-жартылай аткарылды** |

| | | |
|---|---|---|
| | иш-чараларды ишке ашыруу. | |
| 3. | Камакта отурган жерлерде кыйноолордун жана катаал мамиленин алдын алуу жана андагы жашоо-шартты жакшыртуу боюнча стратегия иштеп чыгуу, анын аткарылышын координациялап, ага көз салынып турулушун камсыздоо, ошондой эле аны ишке ашырууга түздөн-түз катышуу. | **Жарым-жартылай аткарылды** |
| 4. | Кыйноолорго жана катаал мамиле жасоого алып келе турган себептерден жана шарттардан арылууга багытталган агартуучулук жана билим берүүчүлүк иш-чараларды иштеп чыгып, ишке ашыруу, коомчулуктун адам укуктары жаатындагы мыйзамдар, адам укуктарын коргоо механизмдери жөнүндө маалымдуулугунун деңгээлин жогорулатуу. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 5. | Коомдо кыйноого алуу жана катаал мамиле жасоого чыдабастыкты жаратууга жана аны менен күрөшүүнүн маанилүүлүгүн аңдап-түшүнүүгө, кыйноолорго жана катаал мамиле жасоого күрөшүү жаатындагы эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүү | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 6. | Коомчулукту укуктар жана эркиндиктер жөнүндө кеңири маалымдоону камсыздоо, мамлекеттик органдардын кызматкерлерин адам укуктары жана эркиндиктери маселелери боюнча эксперттердин катышуусу менен бул маселелер боюнча окутуп-үйрөтүүнү уюштуруу боюнча чараларды көрүүнү камсыздоо. | **Аткарылган жок** |
| 7. | ИИБ УКЖ жана башка органдар жөнүндө Жобону иштеп чыгып, кабыл алуу, бул Жободо УКЖнин КР мыйзамдарына жана эл аралык стандарттарга толугу менен ылайык келе тургандай кылып татыктуу, гумандуу жана коопсуз жашоо-шартта болушун камсыздоо боюнча функциясы так аныкталышы керек. | **Аткарылган жок** |
| 8. | УКЖлардаги камактагыларга татыктуу жашоо шарттары түзүлүшү үчүн жетишээрлик деңгээлдеги каржылоону тез арада камсыздоо. | **Аткарылган жок** |
| 9. | Өкмөттүн, министрлик менен ведомстволордун бардык нормативдик актыларын УКЖда отурган адамдардынукуктарына жана эркиндиктерине, алардын жашоо-шарттарына, УКЖда болуу эрежелерине, тартип бузууларга таасир этүү ыкмаларына, арыздарды кароо тартибине тиешеси бар документтерден чектөөчү жашыруун сыр деген грифтерди алып салуу максатында инвентаризациялап, ревизиядан өткөрүү. | **Аткарылган жок** |
| 10. | Көз карандысыз медициналык экспертиза институтун киргизүү, бул аркылуу мамлекеттик соттук-медициналык | **Аткарылды** |

| | | |
|---|---|---|
| | экспертизанын ишмердүүлүгүнүн монополиясын жокко чыгарууга көмөк кылуу. | |
| **Кыргыз Республикасынын Башкы покуратурасы** | | |
| 1. | КР Башкы прокурорунун 2011-жылдын 12-апрелиндеги “Кыйноолорду жана башка адам чыдагыс, катаал жана ар-намысты басмырлаган мамилелерди жана жазаларды пайдаланууга тыюу салуунун конституциялык кепилдиктерин камсыздоого прокурордук көзөмөлдү күчөтүү жөнүндө” Буйругунун так аткарылышын камсыздоо. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 2. | Кызматтагы адамдарды кыйноолорду пайдалангандыгы үчүн күнөөлөө боюнча иликтөөлөрдү жүргүзүү боюнча прокурорлордун адистешүүсүн киргизүү. | **Аткарылган жок** |
| 3. | Ишти уюштурууда кылмыштарды иликтөө, мыйзамдуулуктун сакталышына көзөмөл кылуу жана сотто мамлекеттик айыптоо боюнча башкы функцияларын ишке ашырууда кызыкчылыктардын жаңжалын жокко чыгаруу. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 4. | Камакта отургандардын арыздарын жашыруун сыр боюнча калтыруу принцибин толук сактоо менен алуунун жана аларды кароонун натыйжалуу механизмин камсыздоо. | **Аткарылган жок** |
| 5. | Ар бир катаал мамиле кылуу жана кыйноо фактысы боюнча бул категориядагы иштерди өзүнчө өндүрүшкө алуу менен тыкыр иликтөө жүргүзүү. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| **Кыргыз Республикасынын Жогорку соту** | | |
| 1. | Кыйноолор жана катаал мамиле кылуу иштери боюнча соттук практиканы изилдеп жана жалпылоо. КР Жогорку сотунун Пленумунун токтомун кабыл алуу боюнча демилге көтөрүү, ал токтомго ылайык, кыйноону пайдалангандыгы жөнүндө айыптоо боюнча ар бир кылмыш иши ар тараптуу, толук жана объективдүү соттук териштирүүлөр мыйзамдуу жана негиздүү өкүм чыгаруу менен коштолуп, кандай формадагы кыйноо жана көрүнүштөр болбосун сөзсүз жазалана тургандыгын камсыздоо. | **Аткарылган жок** |
| **Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги** | | |
| 1. | ИИБ кызматкерлеринин КР ИИБ УКЖде камакта отурган адамдардын укуктарынын жана эркиндиктеринин сакталышынын кепилдиктерин орноткон КР мыйзамдарын жана башка нормативдик актыларын так сактоосун, мыйзам бузуулардын бардык фактылары тыкыр иликтенишин жана | **Аткарылган жок** |

| | | |
|---|---|---|
| | ээлеген кызматына жана кошкон салымына карабастан сөзсүз жазалануусун камсыздоо. | |
| 2. | Укук коргоо органдарын реформалоонун алкагында кылмыш ишин ачуу кызматкерлердин ишинин ийгилигинин критерийи катары каралышын жокко чыгаруу менен ИИБ ишмердүүлүгүн баалоонун жаңы критерийлерин аныктоо. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 3. | ИИБ кызматкерлерин адам укуктары жана эркиндиктери маселелери боюнча бул жааттагы экспертерди катыштыруу менен такай окутуп-үйрөтүп туруу. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 4. | ИИБ УКЖларда тергөө бөлмөлөрүн, жолугушууларды өткөрүүчү бөлмөлөрдү, тамак-аш жылыта турган бөлмөлөрдү, жаздык тыш-шейшептерди жана камактагылардын жеке буюмдарын сактоочу жайларды, медициналык кароону өткөрүүчү бөлмөлөрдү, персонал үчүн бөлмөлөрдү жана дезинфекциялоочу камерасы бар санитардык өткөрүүчүлөр үчүн бөлмөлөрдү ачуу үчүн каражат табуу. | **Аткарылган жок** |
| 5. | ИИБ УКЖ кызматкерлерине алардын ишинин өтө оор экендигин эске алуу менен алардын өз милдеттерин натыйжалуу аткарууга өбөлгө түзө турган шарттарда иштөөсүнө мүмкүнчүлүк түзүлүшүн, тиешелүү жеңилдиктердин өз убагында төлөнүшүн камсыздоо. | **Аткарылган жок** |
| 6. | ИИБ УКЖда КР Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына кирген медициналык кызматкерлердин (врачтын, фельдшердин) ишмердүүлүгү үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү. | **Аткарылган жок** |
| 7. | Кармалгандардын каалаган убакта медициналык кызмат көрсөтүүдөн пайдалануусуна мүмкүнчүлүк түзүү. Тиешелүү медициналык препараттар жана дары-дармектерди такай толуктап туруу үчүн каражаттарды табуу. | **Аткарылган жок** |
| 8. | КР Саламаттык сактоо министрлиги менен биргеликте камактагылардын ИИБ УКЖга отургузулган мезгилдеги, ошондой эле аларды УКЖдан тергөө иштерин жүргүзүү үчүн алып чыккандан кийин кайра кайтып келген учурдагы ден-соолугунун абалын, денесине залал келтирилгендигин аныктоо үчүн Медициналык кароодон өткөрүүнүн бирдиктүү формасын иштеп чыгып, ишке киргизүү. | **Аткарылган жок** |
| 9. | Ар бир ИИБ УКЖны аларда камакта отурган адамдарды кыйноого алуу жана катаал мамиле жасоо фактыларынын алдын алуу, ошондой эле кызматкерлердин коопсуздугун камсыздоо максатында видеобайкоо жүргүзүү каражаттары менен камсыздоо. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| | ИИБ кызматкерлерин, анын ичинде оперативдүү-иликтөө | |

| | | |
|---|---|---|
| 10. | кызматынын, тергөө бөлүмдөрүнүн кызматкерлерин жана камактагылардын жашоо-шарттарын камсыздаган кызматтардынкызматкерлерин укуктук жактан тарбиялоо жана билим берүү тутумун кайра карап чыгып, такай жакшыртып туруу. | **Аткарылган жок** |
| 11. | КР ИИМинин психологиялык кызматынын, ошондой эле анын аймактык бөлүктөрүнүн натыйжалуу иштешин камсыздоо. | **Аткарылган жок** |
| **Кыргыз Республикасынын ИИБ УКЖ администрациясы** | | |
| 1. | ИИБ УКЖга адам жаңыдан камалганда ага кармалгандардын укуктары, УКЖдагы ички тартип, тартип бузуучу иш-аракеттер кандай экендигине мүнөздөмө, аларга карата тартиптик таасир этүүчү чаралар, көрүлгөн чараларга арызданууу, башка бардык маселелер боюнча арыз берүү процедуралары жөнүндө жазуу жүзүндө маалымат берилиши керек. | **Аткарылган жок** |
| 2. | Ар бир камерага кыргыз жана орус тилдеринде (мүмкүнчүлүк болсо, башка тилдерде да) укуктар жана эрежелер жөнүндө маалымат камтылган маалыматтык стенддер жайгаштырылшы керек. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 3. | Улуттук мыйзамдарда бекитилген бир адамга 3,25 кв.м аянт каралган стандарттын сакталышын камсыздоо үчүн камералардын толуп кетишине жол бербөө боюнча чаралар тутумун иштеп чыгуу. | **Аткарылган жок** |
| 4. | ИИБ УКЖ бардык документтерин, өзгөчө камактагылардын ден-соолугу жана денесине залал келтирилгендиги, анын ичинде УКЖга кайра келгендердин, тергөө иштерин жасоо үчүн УКЖдан чыгарылып, кайра кайткандардын медициналык кароодон өтүшү боюнча кайрылууларын каттоо журналдарын тыкыр толтуруу. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |
| 5. | Ар бир кармалган адамдын тышкы дүйнө менен байланышы болушун жана жолугушууларды өткөрүүгө тиешелүү шарттарды түзүүнү камсыздоо. | **Жарым-жартылай гана аткарылды** |

2011-жылдын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктарына негизделген бардык кеп-кеңештер, жалпысынан, 2011-жылдын 13-декабрындагы Тегерек үстөлдүн алкагында болгон жыйынтыктоочу отчетту талкуулоодо жактырылган болчу.



БУУнун кыйноо маселелери боюнча Атайын баяндамачысы 2011-жылдагы мониторингдин жыйынтыктарын талкуулаган кереге кеңеште

Кийинчерээк бул кеп-кеңештер БУУнун кыйноолор жана катаал, адам чыдагыс, адамдын ар-намысын басмырлаган мамилелер менен жазалар маселелери боюнча Атайын баяндамачысы Хуан Э.Мендес[13] мырзанын Кыргыз Республикасына болгон 2011-жылдын декабрындагы иш сапарынын аягында келтирген кеп-кеңештеринин басымдуу бөлүгүндө орун алган.

2011-жылдагы изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча берилген кеп-кеңештердин көпчүлүгү аткарылган жок же жарым-жартылай эле аткарылды деген долбоордун командасынын позициясы мамлекеттик органдарга жана алардын жетекчилигине карата айтылган курулай сын катары кабылданбашын каалайт элек. Жетишилген натыйжаларды эске алуу менен азырынча жетише албаган нерселер боюнча дагы көбүрөөк активдешүү зарыл.

Бардык аткарылбаган жана жарым-жартылай аткарылган кеп-кеңештер 2012-жылдагы изилдөөлөрдүн алкагындагы команданын кеп-кеңештеринде чагылдырылды. Алар менен катар эле айрым жаңы кеп-кеңештерге да көңүл буруу сунуш кылынат.




2011-жылдагы мониторингдин жыйынтыктарын талкуулаган кереге кеңеш

Бардык кеп-кеңештердин өзөгүн кыйноолорду пайдаланууга таптакыр тыюу салган эл аралык стандарттар, кыйноолор жөнүндөгү ар бир арызды натыйжалуу иликтөөнү талап кылуу, кыйноолор үчүн сөзсүз жазага тартылуу талабы, адам укуктары боюнча эл аралык органдардын, анын ичинде БУУнун кыйноолорго каршы комитетинин конкреттүү кеп-кеңештери, ошондой эле Кыргыз Республикасына келип түшкөн 2010-жылдын июнундагы Универсалдуу мезгилдик баяндаманын алкагында кыйноолор менен күрөшүү маселесине тиешелүү болгон акыркы кеп-кеңештер, кыйноо маселелери боюнча атайын баяндамачынын кеп-кеңештери түзөт.

Бардык кеп-кеңештер ЖАМК ТИЗО, ИИБнын кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында жана УКЖде отургандардын жашоо-шарттарын жана тартибин камактагыларга мамиле кылуунун эрежелеринин минималдуу стандартына ылайык жакшыртууга көмөк көрсөтүү максатын көздөйт жана бул мекемелердеги адам укуктарына байланышкан абалды жакшыртууга багытталган.

[13] Кыйноолор жана башка катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелер жана жазалар маселелери боюнча атайын баяндамачынын баяндамасы. Кыргызстандагы миссия. Хуан Мендес. A/HRC/19/61/Add.2, 2012-жылдын 21- февралы (мындан ары – Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы).

## КЕП-КЕҢЕШТЕР [14]

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРАЛЫК МАКУЛДАШУУЛАРДЫН АЛКАГЫНДА ӨЗ МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИН АТКАРУУСУ**

1. Кыргыз Республикасынын адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы эл аралык макулдашуулардагы мойнуна алган милдеттенмелерин аткаруусу жана бул милдеттерди аткаруу боюнча мезгил-мезгили менен өз убагында баяндамаларды берип туруусу такай парламенттик көзөмөлгө алынуусун камсыздоо керек.

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан Универсалдуу мезгилдик баяндаманын (УМБ) жана БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин жана макулдашуучу органдардын атайын процедураларынын кеп-кеңештерин, жыйынтыктоочу эскертмелерин жана чечимдерин ишке ашыруу планынын иштелип чыгышы жана кабыл алынышы.

3. БУУнун кыйноолорго каршы комитетинин БУУнун кыйноолорго каршы Конвенциясынын 22-беренесине ылайык кыйноолордон эркин болуу укугунун бузулушу тууралсындагы жеке кайрылууларды кароого ыйгарым укуктарын таануу жөнүндө билдирүү жасоо боюнча демилге көтөрүү.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДАМ УКУКТАРЫ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК ОРГАНДАРДЫН ЧЕЧИМДЕРИН ТААНУУСУ ЖАНА АТКАРЫШЫ**

1. Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушун аныктаган, анын ичинде БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Кыргыз Республикасына карата кабыл алган, ошондой эле адам укуктары боюнча эл аралык органдардын чечимдери Кыргыз Республикасы тарабынан аткарылышын камсыздоо боюнча натыйжалуу механизмди иштеп чыгуу.

2. КР КЖКга адам укуктары боюнча эл аралык органдардын, анын ичинде БУУнун кыйноолорго каршы комитетинин чечимдери кылмыш ишинин өндүрүшүн кайра жаңы жагдайлар боюнча жандандыруу үчүн негиз болуп бере ала тургандыгын аныктаган толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана талкуулоо.

**КЫЙНООЛОР ЖӨНҮНДӨГҮ АРЫЗДАРДЫ ТЕКШЕРҮҮНҮН НАТЫЙЖАЛУУ МЕХАНИЗМДЕРИ**

1. Кыйноолор жөнүндө арыздардын жана кабарлардын тез арада каралышын камсыздоо

2. Кыйноолор жөнүндөгү билдирүүлөрдү жана арыздарды өзгөчө тартипте кароону мыйзамдарга киргизүү. Кыйноолор жөнүндө арыздардыароо жана чечим кабыл алуу үчүн максималдуу мөөнөт – үч күн болушу керектигин белгилөө. Кыйноолор жөнүндөгү арыздарды кароо жана алар боюнча чечим кабыл алуу он күндөн ашпаган мөөнөттө

[14] 2012-жылдагы долбоорду ишке ашырууга катышкан уюмдардын, Адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы кызматташуу жөнүндө меморандумга кол койгон уюмдардын эксперттери жана көз карандысыз эксперттер тарабынан иштелип чыккан бул кеп-кеңештердин көпчүлүгү Адам укуктарын коргоонун механизмдерин жакшыртуу боюнча жумушчу топтордун кароосуна коюлган.

аткарылышы мүмкүн экендигин караган адаттан тыш учурлардын так тизмесин аныктап, бекитүү.

3. Айыпталуучуларга баш коргоо чарасын тандап алуу маселеси боюнча соттук териштирүүлөр мезгилинде алар кыйноолор болгондугу туурасында билдирүү жасаган учурларда кылмыш жөнүндө арыздар жана кабарлар милдеттүү түрдө кабыл алынып, каралышы жөнүндө кылмыш-жазык мыйзамдарынын талаптарынын прокурорлор тарабынан сакталышын камсыздоо.

4. Камакта отургандардын арыздарын жашыруун сыр боюнча калтыруу принцибин толук сактоо менен алуунун жана аларды кароонун натыйжалуу механизмин камсыздоо.

5. Негизги кылмыш ишин кароо учурунда билдирилген кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндөгү арыздарды кароонун натыйжалуулугун арттыруу

6. Соттолуучулар негизги кылмыш иши каралып жаткан мезгилде аларга кыйноолор колдонулгандыгы туурасында билдирген учурда кылмыш туурасындагы арыздардын жана кабарлардын милдеттүү түрдө кабыл алынышы жана каралышы көрсөтүлгөн КР КЖКнын 155-беренесинин талаптарын прокурорлор (мамлекеттик айыптоочулар) тарабынан сакталышын камсыздоо.

## КЫЙНООЛОРДУ ИЛИКТӨӨНҮН НАТЫЙЖАЛУУ МЕХАНИЗМИН ТҮЗҮҮ

1. Кызматтагы адамдардын кыйноолорду колдонгондугу жөнүндө айыптоолор боюнча иликтөө иштерин жүргүзүү боюнча прокурорлордун адистешүүсүн киргизүү.

## КАРМАЛГАН УЧУРДА КЫЙНООЛОРДОН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУНУН САКТАЛЫШЫНЫН КЕПИЛДИКТЕРИН КҮЧӨТҮҮ

1. КР КЖКга кылмыш жөнүндө маалыматтын келип түшкөн учурунан тартып кылмыш ишин козгогонго чейинки мезгилде кармалган адамдын макамын аныктаган, ага шектелүүчү макамы берилгенге чейинки бардык иш-чараларды өткөрүүнүн тартибин, анын укуктарын жана милдеттерин аныктоону жөнгө салган толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү.

2. КР КЖКнын 40-беренесине (“Шектелүүчүнүн укуктары жана милдеттери”) “Миң жылдыктын чакырыктары” эсебинин Чектик программасынын алкагындагы жумушчу тобу иштеп чыккан толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, шектелүүчүгө төмөнкү укуктарды берүү:
    1) Жеке өзүн коргоого жана кармалгандан тартып жактоочунун укуктук жардамынан пайдаланууга;
    2) Үй-бүлө мүчөлөрүнүн бири, үй-бүлө мүчөлөрү жок болсо туугандардын бири менен же өзү каалаган адам менен өзүнүн кармалгандыгы жана кайда экендиги тууралуу кабарлоо максатында бир акысыз телефон чалууга;

3) Өзүнө каршы көрсөтмөлөрдү бербөөгө жана күнөөнү мойнуна албоого;
4) Кармалгандан тартып 48 саат өткөнгө чейин сотко анын кармалгандыгы мыйзамдуу экендиги боюнча маселени чечүү үчүн жеткирилүүгө же тергөөчүнүн, прокурордун токтому менен бошотулууга, кийинчерээк анын кармалгандыгы мыйзамдуу экендигин соттук текшерүүгө алынышына;
5) Жактоочусу менен көзмө-көз жолугушууга жана маектешүүнүн санынын жана узактыгынын чектелбешине;

3. КР КЖКнын 95-беренесине (“Кылмыш ишин жасаганга шектүу адамды камоонун тартиби”) “Миң жылдыктын чакырыктары” эсебинин Чектик программасынын алкагындагы жумушчу тобу иштеп чыккан толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү, ага ылайык, кылмыш ишин жасаганга шектүү адамды кармоо жөнүндөгү протокол аны факты жүзүндө кармаган учурда түзүлүшү керек. Эгерде объективдүү себептерден улам протоколду факты жүзүндө кармалган учурда түзүүгө мүмкүнчүлүк болбосо. протокол тергөө органдарына алынып келинген учурда токтоосуз түзүлүшү керек. Кандай болгон күндө да. факты жүзүндө кармалган учурда шектелген адамга анын кайсы шек менен кармалгандыгы, өзүнө каршы көрсөтмө бербөөгө жана жактоочунун укуктук жардамынан пайдаланууга укугу бар экендиги түшүндүрүлүшү керек. Укуктары жана милдеттери көрсөтүлгөн протоколдун көчүрмөсү кармалган адамга токтоосуз берилип, 12 саат ичинде прокурорго берилиши керек. Укуктары шектелген адамдын кайсы этноско тиешелүү экендигине жараша жана окуганга жеңилдигине ылайык жазылышы керек.

4. КР КЖК нын 99-беренесине (“Шектелген адамдын туугандарына анын кармалгандыгы жөнүндө кабар берүү”) “Миң жылдыктын чакырыктары” эсебинин Чектик программасынын алкагындагы жумушчу тобу иштеп чыккан толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү. Ага ылайык, факты жүзүндө кармаган учурда тергөөчү шектелген адамдын кармалгандыгы туурасында анын үй-бүлөсүнүн мүчөлөрүнүн бирине, алар болбосо, туугандарынын бирине же жакын адамына кабар берип же шектелген адамдын өзүнө акысыз кабар берүүгө шарт түзүп бериши керек. Эгер объективдүү себептерден улам факты жүзүндө кармалган учурда кабар бергенге мүмкүнчүлүк жок болсо, тергөө органдарына жеткирилген мезгилде токтоосуз мындай мүмкүнчүлүк берилиши керек. Кармоо протоколунда кабар берилгендиги туурасында атайын белги коюлат.

5. КР КЖКсына “Миң жылдыктын чакырыктары” эсебинин Чектик программасынын алкагындагы жумушчу тобу иштеп чыккан толуктоолорду киргизүү. Бул толуктоолор тергөөчүнүн же прокурордун токтому боюнча бошотулган шектелүүчүнү кармоонун мыйзамдуулугунун сот тарабынан текшерүүнүн тартибин жөнгө салат.

**КАМАКТА БОЛГОН УЧУРДА КЫЙНООЛОРДОН КОРГООГО АЛЫНУУНУН КЕПИЛДИКТЕРИ**

1. Бардык кармалгандардын жана камакка алынгандардын борборлоштурулган реестрин (маалыматтар базасы) колдонуу практикасын киргизүү, ал базада кармаган адамдар туурасында маалымат, шектелүүчүнүн кармалган жана укук коргоо органдарына жеткирилген, изоляторго отургузулган, камакка алынган, изолятордун ичинде жана андан тышкары жерлерге алынып барылган убакыттары так көрсөтүлүшү керек.
2. “Кылмыш ишин жасаганга шектүү деп табылган же айыпталган адамдарды камакта кармоонун тартиби жана шарттары жөнүндө” КР Мыйзамына төмөнкүлөргө таптакыр тыюу салган өзгөртүүлөрдү киргизүү:

а) камактагы адамдын жактоочуга, КР Жогорку Кеңешинин депутаттарына, КР Акыйкатчысына (Омбудсменге), Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун жана башка катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын алдын алуу боюнча улуттук борборуна, ошондой эле адам укуктары боюнча эл аралык уюмдарга арналган корреспонденцияларына цензура орнотууга;

б) УКЖнын бир камерасында жашы жете электер менен “жакшы мүнөздөмө берилген” улуу адамдардын чогуу отурушуна;

**КАМАКТАГЫ ЖАШОО-ШАРТТЫН ЖАКШЫРТЫЛЫШЫ**

1. Камактагылардын жашоо-шартын жакшыртууга бөлүнгөн бюджеттик каражаттарды бөлүүнүн жана чыгымдоонун ачык-айкындуулугун камсыздоо.
2. Адамдар күн кечирүүсү мүмкүн эмес болгон жайларды токтоосуз түрдө жаап салуу максатында камакта кармоочу бардык жайларды тез арада текшерүүдөн өткөрө турган ар кыл адистиктеги адистердин ичинен комиссия дайындоо.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-жылдын 15-майында бекиткен “Үмүт-2” аттуу Кыргыз Республикасынын кылмыш-аткаруу тутумунун 2012-2016-жылдарга өнүгүү стратегиясын так аткаруу.
4. ЖАМК мекемелеринде камакта отурган жана соттолгон адамдарды медициналык жактан тейлөө маселелери боюнча КР Саламаттык сактоо министрлиги менен биргелешкен иш-аракеттерди координациялоону жакшыртуу.

**КЫЙНООНУН КУРМАНДЫКТАРЫНА НАТЫЙЖАЛУУ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ**

1. Жактоочунун толук кандуу ишмердүүлүгү үчүн мыйзамдуу негиздерди түзүү.
2. Сот системасын реформалоонун концепциясынын алкагында жактоочулардын кесиптик ассоциациясын түзүү маселесин чечүү.
3. Бардык кармалгандардын жактоочунун кызматынан пайдаланууга мүмкүнчүлүгү болушун кепилдеген укуктук жардамдын улуттук программаларын иштеп чыгуу.

4. Түшүндүрүү жана маалыматтык мүнөздөгү чараларды көрүү менен “Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө” КР Мыйзамынын таасиринин натыйжалуулугун арттыруу
5. КР КЖКга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү, аларга ылайык, эгерде жарандарга Мамлекет кепилдеген юридикалык жардамдын (МКЮЖ) тизмесинен башка жактоочулар берилсе, бул мыйзамды олуттуу бузуу болуп эсептелинип, өкүмдүн жокко чыгарылышына алып келиши мүмкүн.
6. Кардарларга квалификациялык жогорку сапаттагы кызмат көрсөтүүчү тажрыйбалуу жактоочуларды тартуу максатында мамлекет кепилдеген юридикалык жардамды көрсөтүү боюнча жактоочулардын эмгек акысынын тарифтерин көбөйтүү үчүн кайра карап чыгуу.
7. Көрсөтүлгөн юридикалык жардамдын сапатына көз салууну камсыздаган механизмди түзүү.
8. Жактоочулар реестрин кылмышка шектүү адамга, айыпталуучуга, соттолуучуга жактоочуну өз тандоосу менен чакырууга мүмкүнчүлүк берген жетиштүү маалыматты камтый турган кылып кайра түзүү.

## КЫЙНООЛОРДУ НАТЫЙЖАЛУУ ДОКУМЕНТТЕШТИРҮҮ, КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ЭКСПЕРТИЗА

1. Медициналык кызматкерлерди (врачтарды, медайымдарды, фельдшерлерди) дипломго чейинки жана диплом алгандан кийинки даярдоо программаларынын бардыгына Стамбул протоколун киргизүү.
2. Кайсы ведомствого тиешелүү болгондугуна карабастан, дарылоочу жана диагностикалык жардам көрсөткөн бардык мекемелер иш жүзүндө Стамбул протоколун колдонуусуна жетишүү.
3. Стамбул протоколун далилдөөчү медицинанын принциптерине негизделген диагностикалык стандарт катары киргизүү.
4. Саламаттык сактоонун азыркы статистикалык тутумуна, дарылоочу жана диагностикалык мекемелердин ишин баалоо жана мониторинг жүргүзүү тутумуна Стамбул протоколунун негизинде кыйноолорду документациялоону киргизүү.
5. Мамлекеттик соттук-медициналык кызматынын бардык корпусунун Стамбул протоколуна ылайык атайын окутуу-үйрөтүү программасынан өтүүсүн камсыздоо.
6. Камактагылардын ИИБ УКЖга отургузулган мезгилдеги, ошондой эле аларды УКЖден тергөө иштерин жүргүзүү үчүн алып чыккандан кийин кайра кайтып келген учурдагы ден-соолугунун абалын, денесине залал келтирилгендигин аныктоо үчүн Медициналык кароодон өткөрүүнүн бирдиктүү формасын иштеп чыгып, ишке киргизүү.
7. Жабык мекемелердеги медициналык персоналдын КР Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына этап-этабы менен киргизүү боюнча планды иштеп чыгуу
8. УКЖга, кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларга жана ТИЗОго отургузуу мезгилинде кыйноолордун тактарын натыйжалуу аныктоо максатында аталган мекемелердин врачтары менен бейөкмөт укук коргоочу уюмдардын көз карандысыз эксперттери тарабынан иштелип чыккан алгачкы медициналык текшерүү бланкын киргизүү.

## ЖАРАНДЫК КӨЗӨМӨЛ

1. “Ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүндө адам укуктарынын сакталышына жарандык көзөмөл жүргүзүү органдары жөнүндө” мыйзам долбоорун кабыл алуу.
2. Коомдук байкоочу кеңештерине камакта кармоо жайларында тоскоолдуксуз жана натыйжалуу коомдук көзөмөл жүргүзүү жана коомдук көзөмөлдүн жыйынтыктары менен кеп-кеңештерди жарыялоо мүмкүнчүлүктөрүн камсыздоо.

## УЛУТТУК АЛДЫН АЛУУЧУ МЕХАНИЗМ

1. Кыргыз Республикасынын Кыйноолордун жана башка катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамиле менен жазанын алдын алуу боюнча улуттук борбордун натыйжалуу иштеши үчүн жетиштүү адамдык жана башка ресурстарды берүү жана бюджеттик каражаттардын бөлүнүшүн камсыздоо.

## КЫЙНООНУН КУРМАНДЫКТАРЫН РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО ЖАНА РЕСОЦИАЛИЗАЦИЯЛОО

1. Кыйноолордун курмандыктарын психологиялык-психиатриялык жана/же медициналык реабилитациялоо механизмин иштеп чыгуу.
2. ЖАМК социалдык, психологиялык кызматын жана тарбиялоо ишин өнүктүрүү, ошондой эле мамлекет тарабынан тиешелүү колдоо, өзгөчө – каржылоо жагынан, анын ичинде Кыргызстандын пенитенциардык системасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына да колдоо көрсөтүү.
3. Бул максаттуу топтор үчүн социалдык-психологиялык, калыбына келтирүүчүлүк, реабилитациялык кызмат көрсөтүүлөр стандарттарын иштеп чыгуу, тиешелүү документ алмашуу жана бул кызмат көрсөтүүлөрдүн натыйжалуулугун баалоо тутумун киргизүү.

## УКУК КОРГОО ОРГАНДАРЫН РЕФОРМАЛОО

1. Ички иштер органдарынын ишмердүүлүгүнүн критерийлерин милиция кылмыш иштеринин бети ачуунун пайызына эмес, коомдук ишенимге ээ болуп, коопсуздуктун камсыздалышына багыт ала тургандай кылып өзгөртүү. ИИМди реформалоо алкагында милициянын ишмердүүлүгүнүн баалоонун көрсөткүчтөрү да реформаланышы керек. Токтоосуз түрдө сандык көрсөткүчтөрдүн мааниси кыйла төмөндөтүлүшү керек. Баалоо тутумуна көз карандысыз институттар өткөргөн милициянын ишмердүүлүгү жөнүндө коомдук сурамжылоо да киргизилиши керек. Реформанын алкагында милициянын ишмердүүлүгүн баалоонун заманбап комплекстүү көрсөткүчтөрү, анын ичинде жарандардын өздөрүн коопсуз сезиши, милициянын ишмердүүлүгүн баалоо (жалпы баалоо, иштин жыйынтыктарына канааттануу, баарлашууга канааттануу), латенттүү кылмыштуулукту баалоо, адам укугунун бузулушунун көлөмүн баалоо киргизилиши керек.

2. ИИМ жетекчилиги кыйноолорго чыдабастык болушу керектиги туурасында билдирип гана тим болбостон, ИИМ кызматкерлери тарабынан ушундай кылмыштар жасалган учурларды жана аларга карата колдонулган санкцияларды конкреттүү мисал катары келтирип, кыйноолорду пайдаланууну айыпташы керек.
3. ИИМ коомчулукка кыйноолор пайдаланылган учурлар, анын ичинде ИИМ кызматкерлери тарабынан катаал мамиле жасалган же кыйноо пайдаланылган учурлар туурасында такай маалымдап турушу керек (жалпыга маалымдоо каражаттарында маалыматтарды жарыялап туруу).

**КАДРЛАРДЫ ДАЯРДОО ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО**

1. Укук коргоо органдарынын кызматкерлерин, атап айтканда, оперативдүү-иликтөө кызматтарынын, тергөө бөлүмдөрүнүн жана камакта отургандардын жашоо-шартын камсыздоочу кызматтардын кызматкерлерин укуктук жактан тарбиялоо жана билим берүү тутумун такай жакшыртып туруу. Алардын моралдык жана кесипкөйлүк сапаттарына өзгөчө көңүл бурулушу керек.
2. Окуу программаларына эл аралык стандарттарды жана окутуу процессинде улуттук мыйзамдардын жана практиканын эл аралык стандарттарга шайкеш келбегендигине байланышкан маселелерин талкуулоону сөзсүз түрдө киргизүү. Программага БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Кыргыз Республикасына карата кабыл алган бардык чечимдери, ошондой эле БУУнун жана кыйноолор боюнча Европа сотунун башка чечимдери, кыйноолорду жана катаал мамиле кылууну иликтөө боюнча милдеттенмелер киргизилиши керек.

## 3. ДОЛБООРДУН МЕТОДОЛОГИЯСЫ

“Адам укуктарын коргоонун улуттук механизмдеринин жардамы менен Кыргызстандагы кыйноолорго каршы аракеттенүү” долбоору 2012-жылдын 1-апрелинен 30-ноябрында чейинки мезгилде ишке ашырылган.

Долбоордун методологиясы 2011-жылдагы долбоорго салыштырмалуу олуттуу деле өзгөрүүлөргө дуушар болгон жок, анткени анын максаттары жана милдеттери өзгөргөн жок.

***Долбоордун негизги максаты:***

Адам укуктарын коргоонун улуттук механизмдеринин жардамы менен жабык мекемелердеги, анын ичинде ЖАМК ТИЗОсунда, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында кыйноолордун алдын алууга көмөк көрсөтүү

***Долбоордун милдеттери:***

- Жактоочуларды, бейөкмөт уюмдарынын юристтерин жана укук коргоочуларды эл аралык стандарттарга, жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү техникасына, отчет берүү ыкмаларына окутуп-үйрөтүү.
- Жарандык коомдун өкүлдөрүнүн ЖАМК ТИЗОдо, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында объективдүү мониторинг жүргүзүүгө, бул мекемелердин кызматкерлери тарабынан улуттук мыйзамдардын жана эл аралык стандарттардын камактагыларга

мамиле кылуу боюнча нормаларынын сакталышын, адам укуктары жана эркиндиктери бузулган учурлар болсо, аларды натыйжалуу документтештирүүгө окутуп-үйрөтүү.

- ЖАМК ТИЗОдо, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында камакта отургандарга мамиле кылууда эл аралык стандарттар сакталышы тууралуу анык маалымат чогултуу.
- Мониторинг учурунда аныкталган кыйноолорду пайдаланган жана катаал мамиле жасалган фактыларга реакция жасоо.
- Кыйноолордон жана катаал мамиле кылуудан жабыркагандар адамдарга юридикалык,
- медициналык, психологиялык жардам берүү;
- Элдин, эл аралык укук коргоочу органдардын жана уюмдардын камак жайларындагы кыйноолордон эркин болууга байланышкан абал тууралуу маалыматын кеңейтүү.
- Кыргыз Республикасынын кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болууга болгон укуктун бузулушуна өбөлгө түзгөн, мыйзам бузуу фактыларын натыйжалуу текшерип, иликтөөгө, күнөөлүүлөрдү жазалоого тоскоолдуктарды жараткан колдонуудагы материалдык жана жазык мыйзамдарынын нормаларын аныктоо, тиешелүү кеп-кеңештерди иштеп чыгуу;



Москва районундагы УКИде камалган адамды сурамжылоо

- Мониторингдин жыйынтыктарын кеп-кеңештерди иштеп чыгуу жана андан кийин аларды ишке ашырууга көмөктөшүү үчүн талдап чыгуу.
- Мониторингдин жыйынтыктарын кызыкдар болгон мамлекеттик органдарга жөнөтүп, камакта кармоо тутумун, анын ичинде ЖАМК ТИЗОдо, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларындагы камакта кармоо тутумун жакшыртуу максатында талкуулоо.

Жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүүдө аларда камалган адамдардын кыйноодон жана катаал мамиледен эркин болуу укугунун сакталышына, камактагы адамдарга мамиле кылуунун жана ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларындагы жашоо-шарттарынын эл аралык стандарттарга шайкеш келишине өзгөчө көңүл бурулду.

**Мониторингдин объектиси**

ЖАМК ТИЗО, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары мониторингдин объектиси болуп калды.

Мониторинг төмөнкүлөрдү камтыды:

- 47 ИИБ УКЖ;
- 2 ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайы;
- 3 ЖАМК ТИЗО.

**Байкоочулар:**

Байкоочулар командасынын курамына КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын жана өлкөнүн бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү кирди. Жалпысынан юриспруденция, укук, медицина, психология, адам укуктарын коргоо жаатында иш тажрыйбасы бар 44 адис тандалып алынды.

Бардык байкоочулар адам укуктарынын жана жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү принциптеринин стандарттарына окутуп-үйрөтүүнүн атайын курсунан өтүштү.

**Адам укуктары жана эркиндиктери жаатында кызматташтык жөнүндө меморандум**

2011-жылдын июнунда Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсменинин), ЕККУнун Бишкектеги борборунун жана “Кылым шамы” коомдук фондусунун ортосунда биринчи жолу “Адам укуктары жана эркиндиктери жаатында кызматташтык жөнүндө меморандумга” кол коюлган, анын иш мөөнөтү 2011-жылдын аягына чейин деп белгиленген. Кийинчерээк Меморандумга 7 бейөкмөт уюм кошулду:

- «Вентус» КФ (Каракол ш.),
- «Азаттык үнү» КФ (Бишкек ш.),
- «Соломон нуру» КФ (Ош ш.),
- «Көз карандысыз укук коргоочу топ» КУ (Бишкек ш.),
- «Биригүү Союзу» КУ (Талас ш.),
- «Акыйкаттык» КУКУ(Жалал-Абад ш.),
- «Voice of Freedom» КФ (Бишкек ш.).

2012-жылдын июнунда жаңы Адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы кызматташтык жөнүндө меморандумга кол коюлду. Ага катышкандардын саны мамлекеттик органдардын жана укук коргоочу уюмдардын эсебинен көбөйдү. Жаңы Кызматташтык жөнүндө меморандумдун катышуучулары:

- Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмен);
- Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасы;
- Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Адилет министрлиги;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жаза аткаруу мамлекеттик кызматы;
- ЕККУнун Бишкектеги борбору;
- Фридом Хаустун “Кыргызстандагы адам укуктарын бекемдөө” долбоору
- «Сорос-Кыргызстан» Фонду(Бишкек ш.);
- «Эгль» КФ (Бишкек ш.);
- «Жарандар коррупцияга каршы» КУ(Бишкек ш.);
- «Элдердин достугу үчүн” КУ (Кызыл-Кыя ш.);
- «Жаштар укук коргоочу тобу» (Бишкек ш.),

ошондой эле кызматташтык жөнүндөгү жаңы Меморандумдун алкагында да активдүү ишмердүүлүгүн уланткан жогоруда аталган сегиз укук коргоочу уюмдар.

2012-жылдагы кызматташтык жөнүндө меморандум буга чейинки меморандум сыяктуу эле эркиндигинен ажыраган же чектелген адамдарды кыйноолордон жана башка катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамиле кылуудан же жазалардан коргоону өлкөдөгү эркиндикти чектөө жана андан ажыратуу жайларына алдын-ала эскертпестен биргелешип баруу аркылуу күчөтүүгө багытталган.

Меморандумдун текстинде тараптардын мандатынын алкагындагы кызматташуунун чектери так аныкталган, анын ичинде мамлекеттик органдардын милдеттенмелери,

жарандык коомдун өнөктөш уюмдарынын милдеттенмелери, ЕККУнун Бишкектеги борборунун милдеттенмелери, Фридом Хаустун “Кыргызстандагы адам укуктарын бекемдөө” долбоорунун жана «Сорос-Кыргызстан» Фондунун милдеттенмелери берилген[15].



Өлкөнүн түштүгүндө Кызматташтык жөнүндө меморандумдун катышуучулары менен видеобайланыш

Отчеттук мезгил ичинде Кызматташтык жөнүндөгү меморандумдун катышуучуларынын атайын өкүлдөрүнүн төрт жумушчу жолугушуусу болуп өттү. Ал жолугушуулар учурунда тараптардын Меморандумдун алкагындагы милдеттенмелерин аткаруусуна байланышкан маселелер, каралышы жана чечилиши Меморандум боюнча өнөктөштөрдү кыжаалат кылган кыйноолор фактылары боюнча конкреттүү кейстер талкууланды. Жумушчу жолугушуулардын протоколдорунда күн тартибиндеги маселелерди талкуулоонун жүрүшү, ошондой эле алар боюнча кабыл алынган чечимдер көрсөтүлдү.

*Долбоордун компоненттери жана аларды ишке ашыруунун тартиби*



Кызматташтык жөнүндө меморандумдун алкагындагы кезектеги отурум

Долбоордун максаттарына жетип, милдеттерин аткаруу үчүн ишмердүүлүктүн төмөнкү негизги багыттары боюнча методологиясы жана иш планы иштелип чыкты:

1. Укук коргоо органдарынын, анын ичинде ЖАМК ТИЗО, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүүчү жайлардын жана УКЖ кызматкерлерин адам укуктары жаатындагы минималдуу стандарттар жөнүндө маалымдоо
2. ЖАМК ТИЗО, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүүчү жайлардын жана УКЖге мониторинг жүргүзүү
3. Кыйноолор пайдаланылган фактыларды документтештирүү. Кыйноону пайдалануу жана катаал мамиле кылуу жөнүндө арыздарга реакция кылуу.
4. Кыйноолордун жана катаал мамиле кылуунун курмандыктарын реабилитациялоо.

**Адам укуктары жаатындагы минималдык стандарттар жөнүндө маалымдоо**

Укук коргоо органдарынын кызматкерлерин, анын ичинде жабык мекемелерде кызмат кылган кызматкерлерди адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы минималдуу стандарттарга окутуп-үйрөтүү жана маалымдоо боюнча иш-чаралар долбоорду ишке ашыруунун маанилүү компоненти болуп калды.



ИИБ УКИ начальниктери үчүн семинар.Топтордо иштөө

Ошентип, 2012-жылдын 5-6-мартында жана 15-16-июлунда болуп өткөн “Кыргызстанда кыйноолордон эркин болуу укугун сактоо боюнча милиция менен жарандык коомдун өз ара аракеттенүүсүн күчөтүү” аттуу эки семинардын жүрүшүндө республиканын бардык 47 ИИБ УКЖ начальниктери окутуп-үйрөтүүдөн өттү.

[15] Адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы кызматташтык жөнүндө меморандум, 1-3-бер.



ИИБ УКИ начальниктери үчүн семинар. Лекцияга болгон зор кызыгуу

ЕККУнун Бишкектеги борборунун жана Фридом Хаустун колдоосу менен ЖАМК Окуу борборунун базасында ЖАМК врачтары, анын ичинде ТИЗО менен түзөтүүчү колониялардын врачтары жана фельдшерлери, медициналык-санитардык бөлүктөрдүн начальниктери катышкан эки тренинг өткөрүлдү.

Биринчи тренинг 2012-жылдын 23-февралында "Кыргызстандагы кыйноолорду жана катаал мамиле жасоону натыйжалуу медициналык документтештирүү" деген темада, экинчиси 2012-жылдын 12-13-апрелинде «Адам укуктары жана кыйноолорду натыйжалуу медициналык документтештирүү" деген темада өткөрүлдү.



ЖАМК медкызматкерлери медициналык кароонун стандарттык бланкын иштеп чыгышууда

2012-жылдын 18-октябрында ЖАМК Окуу борборунун базасында ЖАМК офицерлер курамы үчүн тренинг өткөрүлдү.

Тренинг учурунда катышуучулар "кыйноо" деген түшүнүк эмнени билдире тургандыгы, кыйноолордун башка катаал мамилелерден болгон айырмасы эмнеде экендигин, "Кыйноолордун жана башка катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелердин жана жазалардын алдын алуу боюнча улуттук борбор жөнүндө" КР Мыйзамынын жоболорун талкуулашты. Бул Мыйзамга ылайык, жакын арада Кыйноолордун алдын алуу боюнча улуттук борбор иштей баштайт жана анын кызматкерлери өлкөнүн бардык жабык мекемелерине каалаган убакта жана алдын-ала эскертпестен туруп барганга укук алышат.



ЖАМК Окуу борборундагы тренинг

## ЖАМК ТИЗО, ИИБ УКЖ жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларына мониторинг жүргүзүү

Бул багыт боюнча иш-чаралар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыды:

- Мониторинг топторунун мүчөлөрүн жабык мекемелерде адам укуктарын сактоого мониторинг жүргүзүүнүн теориялык негиздерине жана практикасына, ошондой эле байкоочулардын жүрүм-турум принциптерине окутуп-үйрөтүү. Изилдөө жүргүзүүдө объективдүүлүк, калыстык жана конфиденциалдуулук принциптерин сактоо максатында долбоордун эксперттери "Жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү боюнча байкоочу үчүн эскертүү китепчеси" иштеп чыгышкан.
- Маалымат чогултуу үчүн бирдиктүү инструментарийди иштеп чыгуу. Өлкөнүн бир катар укук коргоочу уюмдары эркиндикти чектөө жана ажыратуу жайларында өткөргөн мониторинг жүргүзүүдө пайдаланылган ар кыл инструментарийлерди жана ар түрдүү ыкмаларды системалаштыруу жана бир формага келтирүү. Изилдөөнүн буга чейинки этабында мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүндө да, коомдук көзөмөлдү жүргүзүүдө да пайдаланса боло турган бирдиктүү инструментарий иштелип чыккан. Инструментарий 2011-жылы өткөрүлгөн мониторингдин тажрыйбасын эске алуу менен толукталып, кошумча иштелип чыкты.

- Мониторингдин жыйынтыктарын чогултуу, талдоо жана жалпылоо. ТИЗОдо, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында, УКЖда адам укуктарына байланышкан абалды жакшыртуу боюнча кеп-кеңештерди иштеп чыгуу. Мониторинг учурунда маалымат чогултуунун негизги ыкмасы катары ички иштер органдарынын кызматкерлери, УКЖ, ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларынын, ТИЗО администрациясы жана кызматкерлери, ошондой эле камактагылар менен жарым-жартылай түзүмдөлгөн интервью пайдаланылды. Мында адамдардын изилдөөгө өз ыктыяры менен катышуу принцибин сөзсүз түрдө сактоо менен кокусунан тандап алуу ыкмасы пайдаланылды. Изилдөө жалпы колдонулган эл аралык стандарттарды жана мониторинг жүргүзүү принциптерин пайдалануу менен жүргүзүлдү.

**Кыйноо фактыларын документтештирүү. Кыйноолорду колдонуу жана катаал мамиле кылуу фактылары жөнүндөгү арыздарга реакция кылуу**

Бул багыттагы иш боюнча иш-чаралар өзүнө төмөнкүлөрдү камтыды:

- Кыйноолор пайдаланылган жана катаал мамиле жасалган учурларды аныктоо жана натыйжалуу документтештирүү.
- Кыйноолордун жана катаал мамилелердин курмандыктарына юридикалык жардам көрсөтүү, анын ичинде жактоочу менен камсыздап, улуттук соттордо кызыкчылыктарын коргоо.

**Кыйноолордун жана катаал мамилелердин курмандыктарын реабилитациялоо**

Кыйноолордун курмандыктарын реабилитациялоо борборунун адисинин кыйноолордон жана катаал мамилелерден жабыр тарткандарга медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүшү дегенди билдирет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө пайдаланылган маалыматтын ишенимдүү булактарынын бараандуу көлөмү, долбоордун командасынын мол тажрыйбасы жана эксперттик-талдоочулук дарамети анын жыйынтыктары менен корутундулары жетишээрлик деңгээлде бийик даражада экендигин тастыктап турат.

## 4. ЖАБЫК МЕКЕМЕЛЕРДЕ БОЛУУГА МҮМКҮНЧҮЛҮК АЛУУ. МОНИТОРИНГ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ШАРТТАРЫ

Адамдын укуктары жана эркиндиктери жаатындагы кызматташтык жөнүндө меморандумдун активдүү катышуучулары болуу менен мамлекеттик органдар зарыл болгон учурларда жарандык коомдун өнөктөш уюмдары, жактоочулар жана эл аралык уюмдар, алар түзгөн мониторингдик топтор үчүн камоочу жайларга барууга мүмкүнчүлүк түзүп берүүгө көмөктөшүү боюнча өздөрүнө милдеттенмелерди алышты[16].

Жалпысынан алганда, ИИБ жетекчилиги, УКЖ жана ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларынын администрациясы бул милдеттенмелерге олуттуу мамиле кылып, ИИБ УКЖге

[16]Адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы кызматташтык жөнүндө меморандум, 1-бер. 4,11-п.п.

тоскоолдуктарсыз барууга мүмкүнчүлүк түзүлүп, ал эми байкоочуларга жакшы мамиле жасалгандыгын белгилеп коюу керек.

**Мониторинг тобунун отчетунан:** Ат-Башы районунун ИИБ УКЖ:
*"Биринчи жолу келгендегиге салыштырмалуу мониторинг тобунун мүчөлөрүнө жасалган мамиле жакшы жагына өзгөрдү. Азыркы тапта УКИ жана ИИБнын башка бөлүмдөрүнүн кызматкерлери бизге жакшы мамиле кылып, чын көңүлдөрү менен маектешүүгө жана кызматташууга даяр экендиктерин билдиришет. УКИнин катардагы кызматкерлери адам укуктары жана эл аралык укук боюнча сабактарды өткөрүп берүүнү талап өтүнүшөт"*

Мындай мамиле бардык УКЖ начальниктеринин эки жолу өткөрүлгөн окутуп-үйрөтүүчү тренингдерде болгондугу, алардын учурунда ИИМдин Меморандумдун алкагындагы милдеттенмелерин талдап, мониторингдик баруулардын натыйжалуулугу жөнүндө пикир алмашкандыгы менен түшүндүрүлөт. Алардын өз жетекчилигине өткөрүлүп жаткан мониторингдердин максаттары жана милдеттери туурасында берген рапорттору жетекчилердин бул маселеге болгон мамилесин өзгөрттү десек болот.



Мониторинг тобу Бишкек ш. ШИИБ УКИ начальниги менен маектешүүдө

Мисалга алсак, Нарын облусу боюнча мониторинг өткөрүүгө Нарын облусунун ИИБ начальнигинин орун басары Жупаев М.А. чоң көмөк көрсөтүп, Нарын облусунун бардык ИИБ УКЖга тоскоолдуктарсыз барууга шарт түзүп берди.

Байкоочулар көп учурда жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү үчүн алдын-ала эскертпестен туруп барганга мүмкүнчүлүк болду.

Айрым учурларда жабык мекемелерге өз убагында бара албай калгандыктын себеби – аймактык ИИБ кызматкерлери менен жетекчилеринин айрымдарынын ИИМдин Кызматташтык жөнүндөгү меморандумга катышкандыгы жана мунун алкагындагы милдеттенмелери тууралында маалыматы жок болгондугунда болду.

Ар бир төртүнчү учурда мониторинг тобуна ШИИБ/РИИБ нөөмөтчүсү жогорку жетекчиликтен топтун УКЖге кирүүгө акысы бар-жок экендигин тактаганча күтүп турууга туура келди.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**.Түп районунун ИИБ УКЖ:
*УКЖ начальниги жок болгондуктан, мониторинг жүргүзүүнү баштай алган жокпуз. Ансыз РИИБ начальниги УКЖга киргенге уруксат бербей койду.*

**Мониторинг тобунун отчетунан:** Жети-Өгүз районунун ИИБ УКЖ:
*«Бир нече жолу болгондугубузга карабастан, ар бир барган сайын РИИБ нөөмөтчүсүнө Меморандум боюнча милдеттенмелерди кайталап айтууга туура келди".*



Байкоочу Панфилов РИИБ кызматкери менен маектешүүдө

Антсе да белгилүү бир убакыттын өтүшү менен маселе оң жагына чечилип, байкоочулар УКЖга киргенге уруксат алып жатышты. Буга КР ИИМинин Кызматташтык жөнүндө меморандумдун алкагындагы атайын өкүлү милиция полковниги Мамыров Ш.С., көмөк кылды, ал ИИМ жетекчилиги менен Меморандум боюнча өнөктөштөрдүн ортосундагы натыйжалуу байланыштыруучу звено катары иш алпарды.

Тескерисинче, мониторинг тобунун ЖАМК ТИЗОго кирүүгө мүмкүнчүлүк алышы бир топ түйшүктөрдү жаратты.

Долбоорду ишке ашыруунун алкагында 17 ТИЗОго кирүүгө мүмкүнчүлүк болду. Бир жолкудан башкасынын бардыгына мекеменин администрациясын алдын-ала эскертүүдөн кийин гана барууга мүмкүн болду.




Мониторинг тобу Тогуз-Торо РИИБ кызматкерлери менен

Эки жолу ЖАМК жетекчилиги мониторинг өткөрүүгө расмий түрдө тыюу салды, бул ошол мезгилдеги түзөтүү-аткаруу тутумундагы оперативдик-режимдик кырдаалга байланыштуу болгон эле[17].

Ар бир жолу мониторинг тобу ТИЗО нөөмөтчүсүнө эмнеге келгенинин максатын түшүндүрүп берип турушту. Жети жолку учурда алар ЖАМКнын Кызматташтык жөнүндөгү меморандумга катышкандыгын, мониторинг жүргүзүүгө көмөктөшүү боюнча милдеттенмелер жөнүндө билгендигин айтышкан, ал эми он жолку учурда буларды билбегендиги аныкталган.

Сегиз жолку учурда байкоочуларга ТИЗОго кирүүгө тоскоолдуктар болгондугу сезилген. Түшкү тыныгуу учурунда киргизе албайбыз деген шылтоо менен ТИЗОго кирүүгө уруксат бербей койгон учур да болгон. Нөөмөтчү ЖАМКнын жазуу жүзүндөгү уруксатын ТИЗО начальнигине көрсөткөн соң түшкү тыныгуу бүткөндөн кийин гана байкоочуларга мониторинг жүргүзүүгө уруксат берилген.

Нөөмөтчү билдиргендей, байкоочулардын ТИЗОлорго алардын начальниктеринин уруксатысыз киргенге болбойт, ошондуктан, беш жолку учурда ТИЗОнун начальнигинин (үч жолку учурда - №23 ТИЗО начальниги[18], бир жолу – №14 тарбиялоочу колонияга караштуу ТИЗОнун[19] начальниги, бир жолу - №24 ТИЗО начальнигинин[20]) өз жумушчу ордунда жок болушу мониторингдин өз убагында башталышына тоскоолдуктарды жаратты.

Байкоочу топтору Чүй облусунун аймагында жайгашкан №14, №21 жана №51 ТИЗОлорунда мониторинг жүргүзө алышкан жок. Бул мекемелердин начальниктери ЖАМК жетекчилиги расмий түрдө уруксат бергендигине карабастан, ушул учурда мекемелерде иши


[17] ЖАМКнын 2012-жылдын 23-августундагы №100/02-2748 жана 2012-жылдын 31-октябрындагы №100/02-3440 каттары.
[18] Мониторинг тобунун отчету №С/Д-11, №С/Д-12, №С/Д-15.
[19] Мониторинг тобунун отчету №С/Д-1.
[20] Мониторинг тобунун отчету №С/Д-17.

тергөөдө болгон адамдар отургандыгын жана алар менен сүйлөшүү үчүн сот жана тергөө органдарынан уруксат алыш керек деген шылтоо менен байкоочуларды киргизгенден баш тартышты.

Ошондой эле №23 ТИЗО начальниги ЖАМКдан Кызматташтык жөнүндө меморандумдун текстин расмий түрдө алмайынча байкоочуларды киргизбей тургандыгын билдирди. Анткен менен, ЖАМКдан мониторинг өткөрүүгө расмий уруксат алынганда да №23 ТИЗО начальниги байкоочуларды мекемеге киргизүүдөн баш тартып, байкоочулар тобу менен жолугушуудан баш тартты.

№23 ТИЗОнун администрациясы 2012-жылдын октябрына чейин мониторинг тобунун мүчөлөрүн мекемеге киргизүүдөн баш тартып жатты, алардын арасында Акыйкатчынын Ысык-Көл боюнча өкүлү да бар болчу. Октябрда байкоочулар бул мекемеде мониторинг жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алышты, бирок, ошол эле учурда ТИЗО администрациясы "жогортон ушундай буйрук болду" деген шылтоо менен камералардагы иши тергөөдө болгон адамдар менен жолугушууга тыюу салды. Соттолгондор гана начальниктин буйругу менен интервью берүү үчүн мекеменин Окуу залына чыгарылды.

ЖАМК тарабынан Меморандумдун алкагында жабык мекемелерге кирүүгө уруксат алып берүү боюнча милдеттенмелерин тиешелүү деңгээлде аткара албай жатышына байланышкан маселе мамлекеттик органдардын жана башка Меморандумдун катышуучуларынын атайын өкүлдөрүнүн төрт жолку жолугушуусунун баарында талкууга алынып турду. Меморандум боюнча өнөктөштөр ТИЗОдо мониторинг жүргүзүү абдан маанилүү экендигин, анткени УКЖден этап менен келген айыпталуучулардын тагдырына мындан ары да көз салуу зарылдыгын белгилешти. Белгилеп койчу нерсе – кыйноолорго кабылган айыпталуучуларды тезирээк ТИЗОго которуп жибергенге аракет кылышат, ал эми ал жакка байкоочулар киргенге дайым эле мүмкүнчүлүк боло бербейт. Ошентип, укук коргоочулардын пикири боюнча, ТИЗО "фактыларды жаап-жашыра турган өзүнчө жайга" айланып калды. ТИЗО администрациясы мониторинг топторуна мекемеге кирүүгө уруксат берүүдөн баш тартуунун себеби катары бирде түзүлгөн оперативдүү-режимдик кырдаалды айтса, бирде ЖАМК жетекчилигинин жазуу түрүндөгү уруксаты болушу керектигин же айыпталуучу жана соттолуучу менен маектешүүгө тергөөчүнүн же соттун уруксаты жоктугу менен түшүндүрүшкөн. Тилекке каршы, бардык байкоочулар атайын окутуп-үйрөтүү курсунан өткөндүгү, алардын жетекчиликтери да аларга кылмыш ишин иликтөө процессине кийлигишүүгө тыюу сала тургандыгы, ушул күнгө чейин бул боюнча эч кандай наразычылыктар болбогондугу тууралуу айтылган өнөктөштөрдүн жүйөлөрү эч кандай жыйынтык берген эмес. Ошентип, ЖАМКнын Кызматташтык жөнүндөгү меморандумдун алкагындагы өнөктөштүк мамилелерди бузушу мониторингдин максаттарына толук кандуу жетүүгө мүмкүндүк берген жок.



Токмок ш. ИИБ УКИ нөөмөтчүсү интервью учурунда мен да болушум керек деп туруп алды

Байкоочулар ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында бир дагы жолу мониторингдик топтордун баруусуна каршылык көрсөтүп, тоскоолдуктар жаратылбагандыгын белгилешти.

Бардык эле учурларда адам укуктарынын сакталышына мониторинг жүргүзүүнүн принциптерин камсыздоого, анын ичинде, айталы, камактагы адам менен көзмө-көз маектешип, айтылган жооптор конфиденциалдуу боюнча калуусуна жетишүү мүмкүн боло берген жок.

Мониторингдик топтордун отчетторундай белгиленгендей, 35% учурларда УКЖ кызматкерлери УКЖде камалган адамдар менен интервью жасаган мезгилде алардын жанына туруп алышкан.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
Токтогул районунун ИИБ УКЖда:
*«Токтогул районунун ИИБ УКЖдагы камактагылар менен интервью жасаган мезгилде РИИБ начальнигинин орун басары жана УКЖ начальниги байкоочулардын жанында туруп, сүйлөшүүлөргө кунт коюп, кулак төшөп турушту».*

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
Кочкор районунун ИИБ УКЖ:
*«Кочкор районунун ИИБ УКЖ камактагылар менен интервью өткөрүп жаткан убакта РИИБ начальниги бар болчу».*

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
Каракол шаарынын ИИБ УКИ:
*«Байкоочулар Каракол шаарынын ИИБ УКЖда камалгандар менен сейилдөөчү жайда маектешкен. Маек шаардын прокурору, облустук прокуратуранын бөлүмүнүн прокурору, ошондой эле УКЖ нөөмөтчүсүнүн жана начальнигинин катышуусунда өткөн».*

54,2% учурда байкоочуларга интервьюну башка дагы камалган адамдардын катышуусунда өткөрүүгө шарт түзүп беришкен.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
Аксы районунун ИИБ УКЖ:
*«Аксы районунун ИИБ начальниги сырттан кишилер келгенде камактагыларды камерадан чыгарууга өтө зарыл болбосо катуу тыюу салына тургандыгын түшүндүрдү. Ушул себептен улам камактагылар менен интервью УКЖнын жетекчилигинин катышуусу менен камеранын эшигиндеги чакан терезе, башкача айтканда, тамак киргизиле турган терезе аркылуу өткөрүлдү.*



Мониторинг тобу жана ТИИБ УКИ администрациясы

Мындай практика респонденттердин жоопторунун объективдүү болушуна жана изилдөөнүн жыйынтыктарына олуттуу таасирин тийгизгендиги талашсыз.
10,8% учурунда гана байкоочулардын камактагылар менен көзмө-көз сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүктөрү болгон.

Сокулук, Жайыл, Москва, Кемин, Кара-Буура, Жумгал, Панфилов райондорунун ИИБ УКЖ, Талас облусунун ИИБ УКЖ администрацияларынын жетекчилиги байкоочулардын ишине бут тосмок түгүл, камактагылар менен жекече интервью уюштурганга көмөк көрсөтүштү.

Тилекке каршы, ИИБ УКЖ администрациясынын өкүлдөрүнүн мониторинг тобунун мүчөлөрүнө жаман көрүп мамиле кылган, ал гана эмес оройлонгон учурлар да болду.

**Мониторинг тобунун отчетунан: Токмок шаарынын Ички иштер бөлүмүнүн УКЖ:**

*«Токмок шаарынын ички иштер бөлүмүнүн УКЖ начальнигинин орун басары мониторингдин жүрүшүндө байкоочулардын жанынан чыкпай, камактагылар менен болгон маекти кунт коюп угуп, байкоочулар жазып жаткан нерселерди окуп, интервью өткөрүүгө колунан келишинче тоскоолдук кылганга аракет кылып, оройлонуп, ал гана эмес мониторинг тобунун бир мүчөсүн коркутуп-үркүткөнгө аракет кылды".*

Түп жана Москва райондорунун ИИБ УКИге мониторинг жүргүзүү учурунда мониторинг тобунун мүчөлөрүнө жагымсыз, жаман көрүп мамиле жасалганы белгиленди.

**Мониторинг тобунун отчетунан:** Москва районунун ИИБ УКЖ:
*«Бул мекеменин начальниги байкоочулар УКЖда өтө узак убакыт бою жүргөндүгүнө жана түшкү тыныгуу учурунда келишкендигине наарazычылык билдирген".*

ЖАМК ТИЗОсунда камактагы адамдар менен интервью өткөрүүнүн шарттары көйгөйлүү болду. Камалгандар менен бир гана жолу ТИЗО кызматкерлери жок жеке өздөрү менен сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк болду.

Жети жолку учурда камактагылар менен интервью жасоо убагында коридорго чыга турган эшик ачык болуп, ТИЗО кызматкерлери ага жакын жерде сүйлөшүүлөргө кулак салып турушкан.

Тогуз жолку учурда байкоочулар камактагылар менен жалпы камерада, башка камалган адамдардын катышуусу менен маектешкен.

ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларынын администрациялары мониторинг жүргүзүүгө тоскоолдук кылган жок, байкоочуларга кармалгандар менен жекече сүйлөшүүгө мүмкүнчүлүк түзүп беришти.

## 5. ЖАЛПЫ ЖАНА НЕГИЗГИ СТАТИСТИКАЛЫК МААЛЫМАТТАР

Долбоордун алкагында 47 УКЖде, 2 ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайында, 3 ЖАМК ТИЗОсунда мониторинг жүргүзүлдү.

Мониторинг топторунун тигил же бул жабык мекемеде канча ирет жана канчалык узак убакытта болуу жөнүндөгү чечимдери кыйноолорго байланышкан абалга жараша, ошондой эле аларда камалган адамдардан кыйноолор пайдаланылганы тууpасында арыздардын бар же жок экендигин эске алуу менен кабыл алынып жатты.

Жалпысынан байкоочулар жабык мекемелерге мониторинг жүргүзүү үчүн 297 жолу барышты, алардын ичинен:

- ИИБ УКЖга 229 жолу,
- ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайында 51 жолу,
- ЖАМК ТИЗОсунда 17 жолу болушту.

**Таблица 1.**


**УКЖга, кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларга, ТИЗОго баруулардын саны**

| № | Шаар/Облус | ИИБ УКЖ | ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары | ЖАМК ТИЗО |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Бишкек ш. | 5 | 36 | 1 |
| 2 | Чүй облусу | 24 | - | 3 |
| 3 | Нарын облусу | 13 | - | 2 |
| 4 | Талас облусу | 8 | - | - |
| 5 | Ысык-Көл облусу | 16 | - | 5 |
| 6 | Ош ш. | 8 | 15 | 6 |
| 7 | Ош облусу | 45 | - | - |
| 8 | Жалал-Абад облусу | 74 | - | - |
| 9 | Баткен облусу | 36 | - | - |
| | | **229** | **51** | **17** |
| **БАРДЫГЫ:** | | **253** | | |

**Убактылуу кармоочу жайлары**

ИИБ УКЖ – милициянын кылмышка шектүү деп кармалган адамдарды камакта кармоого ылайыкталган бөлүгү. Андан тышкары, кылмыш иши боюнча айыпталуучулар ИИБ УКЖга ТИЗОдо отурган жана тергөө иштерин аткаруу үчүн зарыл болгондо, сот иши камактагыларды күнүнө алпарып-апкелгенге мүмкүнчүлүк болбогон ТИЗО жайгашкан жерлерден башка жактарда каралган учурда которулат. Ошондой эле аталган иш-чараларды аткарууга зарыл болгон мезгил же сот процесси учурунда, бирок, бир ай ичинде он күндөн ашык эмес убакытка которулушу мүмкүн.

**Диаграмма 1. Кыргыз Республикасынын УКЖларынын региондор боюнча катышы**





Сары-Джаз
Тюп
Тюп
КАРАКОЛ
КАДЖИ-САЙ
ЧОЛПОН-АТА
оз. Иссык-Куль
БОКОНБАЕВО
БАЛЫКЧЫ
Нарын
Мал. Нарын
НАРЫН
Ат-Башы
Ак-Сай
Ат-Башы
КЕМИН
Чу
Кочкорка
Джоон-Арык
ТОКМОК
оз. Сон-Кёль
КАНТ
БИШКЕК
Баетово
оз. Чатыр-Кёль
Чаек
Степное
Шопоков
КАРА-БАЛТА
Ак-Суу
Вознесеновка
Ала-Буга
Кёкёмерен
Нарын
Казарман
Суусамыр
Яссы
Тар
Кара-Кульджа
Кёк-Суу
ДЖАЛАЛ-АБАД
УЗГЕН
Уч-Терек
ТОКТОГУЛ
Кара-Ункюр
КАРА-СУУ
Куршаб
ОШ
Ак-Буура
Базар-Коргон
Кочкор-Ата
МАЙЛУУ-СУУ
Сузак
КАРА-КУЛЬ
Ташкумырское вдхр.
ТАШ-КУМЫР
Токтогульское вдхр.
Талас
Кировское вдхр.
ТАЛАС
Араван
Эски-Ноокат
Дароот-Коргон
Кызыл-Суу
Курпсайское вдхр.
Кербен
Кара-Суу
Кызыл-Кия
Ак-Суу
Кызыл-Адыр
Ала-Бука
Кадамжай
Сох
Касан-Сай
Чаткал
Баткен
Ляй-ляк
СУЛЮКТА
Исфана

**Таблица 2.**

**Мониторинг жүргүзүлгөн КР ИИБ УКЖ тизмеси**

**Бишкек ш.**
Бишкек ш. ШИИБ УКЖ
УКЖ ТИИБ

**Чүй облусу:**
Токмок ш. ИИБ УКЖ
Сокулук районунун ИИБ УКЖ
Жайыл районунун ИИБ УКЖ
Москва районунун ИИБ УКЖ
Панфилов районунун ИИБ УКЖ
Ысык-Ата районунун ИИБ УКЖ
Кемин районунун ИИБ УКЖ

**Ысык-Көл облусу:**
Балыкчы ш. ИИБ УКЖ
Каракол ш. ИИБ УКЖ
Жети-Өгүз районунун ИИБ УКЖ
Түп районунун ИИБ УКЖ
Ысык-Көл районунун ИИБ УКЖ
Тоң районунун ИИБ УКЖ

**Талас облусу:**
Талас облусунун ИИБ УКЖ
Кара-Буура районунун ИИБ УКЖ

**Нарын облусу:**
Нарын ш. ИИБ УКЖ
Ат-Башы районунун ИИБ УКЖ
Кочкор районунун ИИБ УКЖ
Ак-Талаа районунун ИИБ УКЖ
Жумгал районунун ИИБ УКЖ


**Жалал-Абад облусу:**
Жалал-Абад ш. ШИИБ УКЖ
Сузак районунун ИИБ УКЖ
Базар-Коргон районунун ИИБ УКЖ
Ала-Бука районунун ИИБ УКЖ
Таш-Көмүр ш. ИИБ УКЖ
Майлуу-Суу ш.ИИБ УКЖ
Кара-Көл ш. ИИБ УКЖ
Ноокен районунун ИИБ УКЖ
Токтогул районунун ИИБ УКЖ
Тогуз-Торо районунун ИИБ УКЖ
Ак-Суу районунун ИИБ УКЖ
Чаткал районунун ИИБ УКЖ

**Ош шаары**
Ош ш. ШИИБ УКЖ
Ош облусу:
Кара-Кулжа районунун ИИБ УКЖ
Өзгөн районунун ИИБ УКЖ
Алай районунун ИИБ УКЖ
Араван районунун ИИБ УКЖ
Кара-Суу районунун ИИБ УКЖ
Ноокат районунун ИИБ УКЖ
Чоң-Алай районунунИИБ УКЖ

**Баткен облусу:**
Кызыл-Кыя ш.ИИБ УКЖ
Кадамжай районунун ИИБ УКЖ
Баткен районунун ИИБ УКЖ
Лейлек районунун ИИБ УКЖ
Сүлүктү ш. ИИБ УКЖ

ИИБ УКЖда отурган 756 адам менен интервью өткөрүлгөн. Алардын катарында интервьюга өз ыктыяры менен катышуу принцибин сөзсүз түрдө сактоо менен кокусунан тандалган кылмышка шектүүлөр, айыпталуучулар, соттолуучулар, соттолгондор жана административдик камакка алынгандар бар.

**Диаграмма 2.**
**УКЖ. Респонденттердин процессуалдык макамынын катышы**




Респонденттердин катарында 58 аял жана 698 эркек бар. 19 интервью жашы жете элек кылмышка шектүүлөр жана айыпталуучулар менен өткөрүлдү.

**Диаграмма 3.**
УКЖ. Респонденттердин жынысы боюнча катышы






**Диаграмма 4.**
УКЖ. Бойго жеткен жана жашы жете элек респонденттердин катышы




Тексттин төмөн жагындагы диаграммалар менен таблицалар респонденттердин жаш курагы, улуту жана жарандыгы, буга чейин соттолгондугу же соттолбогондугу жөнүндө катышын көрсөтүп турат.

**Диаграмма 5.**

**УКЖ. Респонденттердин жаш курагы боюнча катышы**




**Таблица 2.**

**УКЖ. Респонденттердин улуту боюнча катышы**

| Улуту | Адамдардын саны | Улуту | Адамдардын саны |
|---|---|---|---|
| Кыргыздар | 519 | Башкырлар | 1 |
| Орустар | 105 | Белорустар | 1 |
| Өзбектер | 88 | Болгарлар | 1 |
| Тажиктер | 5 | Ирандыктар | 1 |
| Татарлар | 5 | Карачайлар | 1 |
| Казактар | 4 | Калмактар | 1 |
| Түрктөр | 4 | Литвалыктар | 1 |
| Дунгандар | 3 | Немистер | 1 |
| Корейлер | 3 | Осетиндер | 1 |
| Күрддөр | 2 | Поляктар | 1 |
| Украиналыктар | 2 | Уйгурлар | 1 |
| Лөлүлөр | 2 | Чечендер | 2 |
| Азербайжандар | 1 | | |

**Таблица 3.**

**УКЖ. Респонденттердин жарандыгы**


**Таблица 3.**

**УКЖ. Респонденттердин жарандыгы**

| Жарандыгы | Адамдардын саны |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 718 |
| Өзбекстан Республикасы | 19 |
| Тажикстан Республикасы | 7 |
| Казакстан Республикасы | 4 |
| Россия Федерациясы | 4 |
| Иран Ислам Республикасы | 1 |
| Түркия Республикасы | 1 |
| Жарандыгы жок адамдар | 2 |

**Диаграмма 6.**

**УКЖ. Мурда соттолгон жана соттолбогон респонденттердин катышы**



Сурамжылоого катышкан респонденттердин үчөөсү ИИБ УКЖда административдик камакка алуу түрүндөгү административдик жазаны өтөп жатышкан экен.

## Тергөө изолятору

Тергөө изолятору кылмыш-аткаруу тутумунун аймактык органдарынын тутумуна кирет жана баш коргоо чарасы катары камакка алуу чарасы тандалып алынган кылмыш жасаган деп айыпталуучуларды камакта кармоочу, ошондой эле ТИЗОдо чарбалык тейлөө иштерин жасоо үчүн калтырылган эркинен ажыратылууга соттолгондор үчүн жаза өтөөчү жер болуп саналат.
Кыргыз Республикасында бардыгы болуп алты тергөө изолятору иштейт:
Мониторинг топтору ЖАМКтын үч ТИЗОсунда болушту:

1) Каракол шаарындагы №23 тергөө изоляторунда
2) Нарын шаарындагы №24 тергөө изоляторунда
**3)** Ош шаарындагы №25 тергөө изоляторунда


Калган үч ТИЗОдо:

1) Алга айылындагы №50 тергөө изоляторунда;
2) Бишкек шаарындагы №21 тергөө изоляторунда;
3) Вознесеновка айылындагы №14 тарбиялоо колониясына караштуу тергөө изоляторунда мониторинг жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок, анткени ЖАМК мониторинг топторуна мекемелерге кирүүгө уруксат берүүдөн баш тартты. Мындай чечим ЖАМКтын кызматташтык жөнүндө меморандум боюнча өнөктөштөрдүн алдындагы милдеттенмелерине эч кандай шайкеш келбейт.

Мониторинг топтору барган учурда ТИЗОдо отурган 157 адам менен интервью өткөрүлдү. Респондеттерди тандоодо жана интервьюну өткөрүүдө УКЖда отурган адамдар менен интервью өткөрүүдө колдонулган ыкмалар эле колдонулду. Респонденттердин катарында айыпталуучулар, соттолуучулар жана соттолгондор болду.

**Диаграмма 7.**

**ТИЗО. Респонденттердин жазык макамы боюнча катышы**



Тексттин төмөн жагында келтирилген диаграммалар жана таблицалар ТИЗОдо отурган респонденттердин жынысы, жаш курагы, улуту, жарандыгы жана буга чейин соттолгондугу же соттолбогондугу боюнча катышын көрсөтөт.

**Диаграмма 8.**
**ТИЗО. Респонденттердин жынысы боюнча катышы**





**Диаграмма 9.**
**ТИЗО. Респонденттердин жаш курагы боюнча катышы**




**Диаграмма 10.**

**ТИЗО. Бойго жеткен жана жашы жете элек респонденттердин катышы**





**Таблица 4.**

**ТИЗО. Респонденттердин улуту боюнча катышы**

| Улуту | Адамдардын саны | Улуту | Адамдардын саны |
|---|---|---|---|
| Кыргыздар | 91 | Уйгурлар | 3 |
| Орустар | 15 | Чечендер | 1 |
| Өзбектер | 43 | Карелдер | 1 |
| Татарлар | 3 | | |


**Таблица 5.**

**ТИЗО. Респонденттердин жарандыгы**

| Жарандыгы | Адамдардын саны |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 156 |
| Россия Федерациясы | 1 |

**Диаграмма 11.**

**ТИЗО. Мурун соттолгон жана соттолбогон респонденттердин катышы**




## Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары

Ички иштер органдарынын тутумунда административдик камакка алынган адамдар жана аныкталган жашоочу жайы, документтери жок адамдар отура турган атайын мекемелер иштейт.

Колдонуудагы нормативдик-укуктук актыларга ылайык, мындай мекемелердин өзүнчө эки түрү болушу керек:

- Ички иштер органдарынын аныкталган жашоочу жайы, документтери жок адамдар үчүн кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары;
- Ички иштер органдарына караштуу административдик камакка алынган адамдар отура турган атайын кабыл алуучу жайлар.

"Ички иштер органдарынын аныкталган жашоочу жайы, документтери жок адамдар үчүн кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары жөнүндө" Жобого ылайык, аталган жайларда өздүгүн тактоо жана тиешелүү органдарга же мекемелерге (миграциялык, медициналык, социалдык жана башка) өткөрүп берүү максатында аныкталган жашоочу жайы, документтери жок адамдар отургузулат.[21] Ал эми атайын кабыл алуучу жайларда "Ички иштер органдарына караштуу административдик камакка алынган адамдар отура турган атайын кабыл алуучу жайлар жөнүндө" Жобого ылайык, административдик камакка алынган адамдар отургузулушу керек. [22]

Анткен менен иш жүзүндө Кыргыз Республикасындагы эки кабыл алуучу жайда аныкталган жашоочу жайы жок адамдар да, административдик камакка алынган адамдар да отурат.

Мониторинг топтору эки кабыл алуучу жайда болушту:

[21]"Ички иштер органдарынын аныкталган жашоочу жайы, документтери жок адамдар үчүн кабыл алуучу-бөлүштүрүүчү жайлары жөнүндө" Жобо. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 19-январындагы №42 токтому менен бекитилген (02.09.2004-ж. Өзгөртүүлөрү менен) 1.П.

[22] "Ички иштер органдарына караштуу административдик камакка алынган адамдар отура турган атайын кабыл алуучу жайлар жөнүндө" Жобо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-жылдын 19-январындагы № 42 токтому менен бекитилген. 1.П.

- Бишкек шаарындагы кабыл алуу-бөлүштүрүү жайында;
- Ош шаарындагы кабыл алуу-бөлүштүрүү жайында.

Мониторинг учурунда ошол мезгилде кабыл алуу-бөлүштүрүү жайда отурган 139 адамдан интервью алынган, алардын ичинен:


84 – Бишкек ш.,

55 – Ош ш.

Интервьюну өткөрүүдө УКЖда жана ТИЗОдо отурган адамдар менен интервью өткөрүүдө колдонулган ыкмалар эле колдонулду. Респонденттердин катарында аныкталган жашоочу жайы, документтери жок, ошондой эле административдик мыйзамдарды бузган адамдар болду.

**Диаграмма 12.**

**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары. Респонденттердин макамы боюнча катышы**




Тексттин төмөн жагында келтирилген диаграммалар жана таблицалар кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлардагы респонденттердин жынысы, жаш курагы, улуту, жарандыгы, мурда жасалган кылмыш иштери үчүн соттолгондугу же соттолбогондугу боюнча катышын көрсөтүп турат.

**Диаграмма 13.**
**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары. Респонденттердин жынысы боюнча катышы**





**Диаграмма 14.**
**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары. Бойго жеткен жана жашы жете элек респонденттердин катышы.**




**Диаграмма 15.**

**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары. Респонденттердин жаш курагы боюнча катышы**





**Таблица 6.**

**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары. Респонденттердин улуту боюнча катышы**


| Улуту | Адамдардын саны | Улуту | Адамдардын саны |
|---|---|---|---|
| Кыргыздар | 101 | Кытайлар | 1 |
| Өзбектер | 22 | Непалдыктар | 1 |
| Орустар | 4 | Түрктөр | 1 |
| Казактар | 2 | Түркмөндөр | 1 |
| Тажиктер | 2 | Жарандыгы жок адамдар | 1 |
| Англичандар | 1 | | |

**Таблица 7.**

**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары. Респонденттердин жарандыгы**

| Жарандыгы | Адамдардын саны |
|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 100 |
| Өзбекстан Республикасы | 22 |
| Казакстан Республикасы | 2 |
| Түркия Республикасы | 1 |
| Россия Федерациясы | 4 |
| Түркмөнстан Республикасы | 1 |
| Кытай Эл Республикасы | 4 |
| Непал Федеративдүү Демократиялык Республикасы | 1 |
| Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королевствосу | 1 |
| Тажикстан Республикасы | 2 |
| Жарандыгы жок адамдар | 1 |

**Диаграмма 16.**
**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары. Мурун соттолгон жана соттолбогон респонденттердин катышы**




## 6. ДОЛБООРДУН НАТЫЙЖАЛАРЫ

Мониторинг топторунун отчетторунан алынган маалымат ушул отчетто мамлекеттик органдардын алардын карамагындагы жабык мекемелерге барууга мүмкүнчүлүк түзүүгө көмөктөшүү жөнүндө милдеттенмелерине болгон мамилесинин даражасын, мониторинг топторунун кандай шарттарда, анын ичинде жабык мекемелерде отургандар менен интервью өткөрүүдө кандай шарттарда иштегендигин жалпылап, чагылдырууга мүмкүнчүлүк берди.

Ошону менен бирге эле долбоордун командасы жабык мекемелердин администрациялары тарабынан камактагыларга мамиле кылууда эл аралык стандарттардын сакталышы, камактагылардын кыйноолордон жана катаал мамиледен эркин болууга укугунун сакталышынын кепилдиктеринин түзүлүшү жөнүндө материал чогултту.

Камакка алынуусунун мыйзамдуулугу, коргоого болгон укуктун сакталышы, кыйноолор колдонулган фактыларды документтештирүү, кыйноолордун курмандыктарына юридикалык жардам көрсөтүү жана аларды реабилитациялоо, жабык мекемелердин кызматкерлеринин иш шарттарына байланышкан маселелер боюнча жалпыланган жыйынтыктар өзүнчө берилди.

### 6.1. КАМАКТА ОТУРГАНДАРДЫН ЖАШОО-ШАРТТАРЫ

#### 6.1.1. УБАКТЫЛУУ КАРМООЧУ ЖАЙЛАРДАГЫ ЖАШОО-ШАРТТАР

2011-жылы Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын УКЖге жүргүзүлгөн мониторингдердин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик органдарга сунушталган кеп-кеңештердин басымдуу бөлүгү камакта кармоонун жашоо-шарттарын минималдуу стандарттарга келтирүүгө багытталган.

Бул кеп-кеңештерди ишке ашырууга Кызыл Крест Эл аралык коому (ККЭК), ЕККУнун Бишкектеги борбору жана ЕККУнун Оштогу Жергиликтүү бюросу сыяктуу эл аралык уюмдар чоң көмөк көрсөткөндүгүн белгилеп коюу керек.

2012-жылы ККЭК тарабынан көптөгөн ИИБ УКЖге матрацтар, жүн жууркандар, таштандылар үчүн пластик контейнерлер, гигиеналык буюмдар (самын, тиш пастасы жана тиш жуугуч щетка), электр суу жылыткычтары берилген болчу.

Бишкек шаарынын ШИИБ УКЖ начальниги 2011-жылы мониторинг тобу акыркы ирет келип кеткенден кийин ККЭК көмөгү менен видеобайкоо жүргүзүү камералары, жаңы эшиктер, жаңы электр плитасы, электр тогун чыгаруучу мунай менен иштөөчү генератор орнотулгандыгына байкоочулардын көңүлүн бурду.

Айрым ИИБ УКЖда ЕККУнун каржылык колдоосу менен имараттар косметикалык же капиталдык ремонттон өткөрүлгөн.

Айталы, ушул жылдын октябрында Тоң районунун ИИБ УКЖда косметикалык ремонт өткөрүлгөн. Камералар акталган, бардык жери таза, радио иштеп турат. Капиталдык ремонттон кийин Чүй облусунун бардык ИИБ УКЖда, Каракол жана Нарын шаарларынын ИИБ УКЖда, Ысык-Көл, Ак-Талаа, Жумгал жана Кочкор райондорунун ИИБ УКЖдагы жашоо-шарттары жакшыртылган.

Ысык-Ата районунун ИИБ УКЖнын ар бир камерасында сантүйүн орнотулган (раковина жана пол үстүндөгү унитаз).

Байкоочулар Өзгөн районунун ИИБ УКЖда жашоо-шарт кыйла жакшыргандыгын белгилешүүдө, анда Швейцария өнүгүү жана кызматташуу агенттигинин колдоосу менен ЕККУнун “Коомдук коопсуздук демилгеси” долбоорунун алкагында капиталдык ремонт жүргүзүлгөн.

Кочкор районунун ИИБ УКЖда ЕККУнун Бишкектеги борборунун жардамы менен душ бөлмөсү ремонттолгон.



Мониторинг тобу Токмок шаарынын УКЖ начальнигинин кабинетинде

Ички иштер органдарынын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин берилген кеп-кеңештерди пайдаланууга аракет кылып, өз күчү менен карамагындагы УКЖдагы жашоо-шартты жакшыртууга болгон аракетин белгилеп коюу керек.

Айта кетсек, кызматкерлер өз күчү менен Ат-Башы районунун ИИБ УКЖ жайларын ремонттон өткөрүп, душ бөлмөсү менен ажаткана курушкан, бирок, алар УКЖ имаратында суу жок болгондуктан, иштебей турат. Камералар таза, таза абадан дем алуу мүмкүнчүлүктөрү бар.

Араван районунун ИИБ УКЖда УКЖ кызматкерлеринин күчү менен косметикалык ремонт жүргүзүлгөн.

Панфилов районунун ИИБ УКЖ администрациясынын демөөрчүлүк жардамы көрсөтүү жөнүндөгү өтүнүчү менен Кара-Балта шаарындагы медициналык окуу жайы УКЖга матрацтарды жана башка төшөнчүлөрдү өткөрүп берди.


Байкоочу Талас облусунун ИИБ начальнигинин орун басары менен маектешүүдө.

2012-жылы Талас облусунун ИИБ жылытуу үчүн от жага турган жайды пайдаланууга берген, ал аркылуу УКЖ да жылытылат. Былтыркы жылга салыштырмалуу камералар жылуу жана кургак болуп калгандыгын байкоочулар белгилешүүдө. Ошондой эле УКЖ аймагында жолугушуулар үчүн бөлмө жабдылган.

Кара-Буура районунун ИИБ УКЖда 2011-жылдагы мониторинг учурунда белгиленген башкы көйгөйлөрдүн бири – жер алдындагы суулардын деңгээлинин өтө бийик болгондугунан улам кир суулар төгүлчү чуңкурлар тез толуп кеткендигине байланышкан проблема чечилген. 2012-жылы УКЖ борбордук жылытуу тутумуна кошулган.

Тилекке каршы, мындай жагымдуу мисалдардан тышкары терс жагдайлар да жок эмес, айталы, айрым ИИБ УКЖда 2011-жылдагы мониторингде белгиленген начар жашоо-шарттар ошол эле боюнча калган, ал гана эмес, андан да начарлап кеткен.

Айталы, байкоочулар Кара-Суу жана Кадамжай ИИБ УКЖдеги жашоо-шарттардын канааттандыраарлык эмес абалда экендигин белгилешкен.

Ак-Талаа районунун ИИБ УКЖда административдик мыйзам бузгандар үчүн камерада полдун үстү эч нерсе менен жабылган эмес, кармалгандар бетон полго салынган матрацтарга укташат. Терезелер айнектелген эмес, айнектин ордуна металлдан жасалган жана ар кайсы жери тешилген пластина менен калкалап коюшкан. Душ бөлмөсү жок. УКЖда суу жок, сууну РИИБнын короосунда жайгашкан кудуктан алышат.


Тогуз-Торо РИИБнын тышкы көрүнүшү

Жети-Өгүз жана Түп районунун ИИБ УКЖда да абал өзгөргөн жок. Мында мурдагыдай эле душ бөлмөсү жок, сейилдөөчү короодо жаан менен кардан калкалай турган чатырча жок. Балыкчы шаарындагы ИИБ УКЖда душ бөлмөсү жана сейилдөөчү короо жок.

Байкоочулар былтыркы мониторинг учурунда белгилеген желдетүү тутумунун жокутугу же жетишсиздиги Балыкчы шаарындагы, Жети-Өгүз, сузак, Ноокен, Базар-Коргон жана Тогуз-Торо райондорундагы ИИБ УКЖда дале чечилген эмес.

Сузак менен Кара-Суу райондорундагы ИИБ УКЖлар жертөлөдө жайгашкандыктан, камераларга жана кабинеттерге таза аба кирбейт, жасалма желдетүү тутуму жетишсиз деңгээлде иштегендиктен, мында дем жетпегендиги байкалат. Ушундай эле желдетүү тутумунун жакшы иштебегендигине Ноокен жана Базар-Коргон райондорунун ИИБ УКЖ кызматкерлери жана камактагы адамдары нааразычылык билдиришкен.

Каракол шаарындагы ИИБ УКЖда табигый жарыктын болушун камсыздоо иши дале колго алынган эмес, мурдагыдай эле бардык камералардын терезелеринде айнектери жок, ал эми таза аба менен жарык камераларга темир менен тордолгон тыгыз металл торчолору аркылуу гана кирет.

Көпчүлүк УКЖда камактагыларга берилген тамак-аштын сапаты жана көлөмү боюнча эч кандай жакшы жагына өзгөрүү байкалган эмес. Мисалы, Нарын шаарындагы ИИБ УКЖда кармалган камактагы адамдарга чай менен нан гана беришет, ысык тамак берилбейт. Муну УКЖ администрациясы - башка ИИБ УКЖ администрацияларындай эле - каражаттын жетишсиздиги менен түшүндүрөт. Мисалы, Ысык-Көл облусунун Түп районунун ИИБ УКЖдагы камалган адамдын тамагына күнүнө 40 сомдон гана бөлүнөт.

Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачы алдын ала камакка алуу жайларындагы түзүлгөн жашоо-шарттар эл аралык шарттарга ылайык келүүдөн караманча алыс экендигин жана адам чыдагыс, ар-намысты басмырлаган мамилеге тете экендигин белгиледи..[23] Өз баяндамасында ал убактылуу кармоочу изоляторлордогу адам чыдагыс шарттарды жакшыртуу үчүн координациялоочу мамиле жана мамлекеттик бюджеттен каражат каралышы керектигин белгилейт. Андан тышкары, көптөгөн байкалган көйгөйлөр ресурстардын жетишсиздигинен улам жаралып жаткандыгын моюнга алуу менен ошол эле мезгилде ресурстарсыз эле бир катар маанилүү чараларды көрсө боло тургандыгын баса белгиледи. Мисалы, майда кылмыш жасаган деп айыпталуучуларга карата эркинен ажыратпай турган жазаларды кененирээк колдонуп, күчтүүрөөк укуктук жана жазыктык кепилдиктерди караса болмок.

### 6.1.2. КАБЫЛ АЛУУ-БӨЛҮШТҮРҮҮ ЖАЙЛАРЫНДАГЫ ЖАШОО-ШАРТТАР

Буга чейин эле белгиленгендей, колдонуудагы нормативдик-укуктук актыларга ылайык, эки түрдөгү кабыл алуучу жайлар болушу керектигине карабастан, өлкөдө иштеп жаткан эки кабыл алуучу жайда тең аныкталган жашоочу жайы жок адамдар да, административдик камакка алынган адамдар да отурат.

Ошондон улам бул иштеп жаткан кабыл алуучу жайлардын администрациялары өз ишмердүүлүгүндө эмнени жетекчиликке алып иш алпара тургандыгы актуалдуу маселе боюнча калууда, анткени, ал жерлерде камакта отурган адамдар ар башка нерселерге ылайыкталган жана андагы жашоо-шарты ар башка Жоболор менен жөнгө салынган мекемелерде отурушат.

[23] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, 78-пар.

| Ички иштер органдарынын аныкталган жашаган жери, документтери жок адамдар үчүн кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары | Административдик камакка алынган адамдарды кармоо үчүн ички иштер органдарына караштуу атайын кабыл алуучу жай |
|---|---|
| Пункт 1.<br>Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары **аныкталган жашаган жери, документтери жок адамдар үчүн арналган** жана алардын өздүгүн тактоо менен тиешелүү органдарга же мекемелерге (миграциялык, медициналык, социалдык ж.б.) өткөрүп берүү максатын көздөйт. | Пункт1.<br>Ички иштер органдарына караштуу атайын кабыл алуучу жайлар административдик камакка алынган адамдарды кармоого арналган (мындан ары – атайын жайлар) жана Кыргыз Республикасынын ички иштер министрлигинин буйругу менен түзүлөт, бир же бир нече ички иштер органын тейлейт. |
| Пункт 9.<br>Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларынын бөлмөлөрүндө бул имараттардын курулуш долбоорлоруна ылайык төмөнкүлөр сөзсүз болушу керек:<br>-эркектерди, аялдарды жана балдары бар аялдарды, чет өлкөлүктөрдү жана жарандыгы жок адамдарды өзүнчө кармоо үчүн палаталар, кайрадан келген адамдар үчүн, санитардык кароодон өтпөгөндөр жана оорулуулар үчүн изоляторлор;<br>-нөөмөтчү, канцелярия, кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын начальниги, медициналык кызматкер, инспекторлор, чарбалык муктаждыктар үчүн бөлмөлөр;<br>-санитарлык өткөрмө, тамак-аш жылытуучу жана ашкана бөлмөлөрү, санитардык түйүндөр. | Пункт6.<br>Атайын кабыл алуучу жайларда бул имараттардын курулуш долбоорлоруна ылайык жок дегенде төмөнкүлөр сөзсүз болушу керек:<br>- эркектер менен аялдарды өзүнчө жайгаштыруу үчүн бөлмөлөр;<br>- кайрадан келген адамдар үчүн, санитардык кароодон өтпөгөндөр жана оорулуулар үчүн изолятор;<br>- нөөмөтчүлөр, кабыл алуучу жайдын начальниги, медкызматкер, инспекторлор, тейлөөчү персонал үчүн бөлмөлөр;<br>**-душ бөлмөсү, дезинфекциялоочу камера**, **кургатуучу бөлмө**, **тамак-аш жылытуучу жана ашкана бөлмөлөрү, идиш-аякты жууган жана сактаган бөлмө, камактагылардын жеке буюмдары, башка чарбалык буюмдар сактала турган жай**, санитардык түйүн. |
| Пункт 31.<br>Аныкталган жашаган жери, документтери жок адамдар **палаталарга жайгаштырылып**, алардын эшиктери бекем жабылып, көз сала турган тешиктери болушу керек; терезелерде металл торчолор орнотулушу керек. **Ар бир палатада ички иштер органынын начальниги бекиткен ички тартиптин эрежелери илинип турушу керек.** | Пункт21.<br>Административдик камакка алынгандар кулпу салынган бөлмөлөрдө **такай кайтарууда жана көзөмөлдө болушу зарыл.** Эркектер менен аялдар өзүнчө жайгашышат. |
| Пункт 34.<br>Кармалгандар сөрүлөргө же керебеттерге жайгашышат. Аларга сүлгү, керебеттегилерге матрац жана жаздык берилет. Майыптарга, улгайгандарга, ошондой эле кармалган ата-энелери менен бирге келген жашы жете электерге матрац менен жаздык бардык учурларда берилет. | Пункт22.<br>Административдик камакка алынгандар **керебеттерге** жайгаштырылат. **Бир адамга 2,5 кв.м. аянт эсептелген.** Аларга шейшеп менен жаздык тыш, **гезиттер, журналдар жана үстөл үстүндө ойной турган оюндар** берилет.<br>Күнүнө сейилдөөгө чыгарылып турушат. |
| Пункт 35.<br>Кармалгандарга күнүнө **бир сааттык сейилдөө** мүмкүнчүлүгү берилет. | Пункт 22.<br>Күндүзү гана **2 сааттан кем эмес** сейилдөө мөөнөтү берилет. |

2011-жылдын 13-сентябрында эле ИИМ КБК менен УКМК КБКнын Президент Р.И.Отунбаевнын катышуусу менен өткөрүлгөн биргелешкен отурумунда ИИМ КБК мүчөлөрү бул проблемаларга министрликтин жетекчилигинин көңүлүн буруп, адам укуктары жана эркиндиктери жаатындагы минималдуу стандарттарга толугу менен жооп берген ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлары жөнүндө жаңы Жобону иштеп чыгууга жардам берүүнү сунуш кылышкан болчу. Анткен менен ИИМ тарабынан бул сунушка эч кандай жооп болгон жок.

Эки кабыл алуучу жайда мониторинг жүргүзүлгөн:

- Бишкек шаарынын ШИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайында;
- Ош шаарынын ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайында;

**Бишкек шаарынын ШИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайы**

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын имараты 1977-жылы курулган жана бийик тосмо менен курчалган жети имараттан турат. Имараттарда төмөнкү жайлар бар: күзөтчүнүн бөлмөсү, персоналдын бөлмөсү, камактагылар үчүн камералар, санитардык түйүн, душ бөлмөсү, гараж жана от жагылуучу жай.



Бишкек ШИИБнын кабыл алуу-бөлүштүрүү жайына мониторингдик иш сапар

**Камералардын (палаталардын) саны:**

- Эркектерди жайгаштыруу үчүн – 16,
- Кармалган аялдар үчүн – 2,
- Чет өлкөлүктөр үчүн – 8.

Орточо эсеп менен алганда, ар бир камеранын (палатанын) өлчөмү 3х5 м түзөт, шыптын бийиктиги - 2,95 м.

Ар бир камерада (палатада) аянтына жараша 7ден 17ге чейин адам жайгаштырылса болот. Полдору бетондолгон. Дубалдар менен шыптын абалы канааттандыраарлык.

Камера (палата) уктоого ылайыкталган буюмдары жок жыгач сөрүлөр менен жабдылган.

Терезелер металл арматуралар менен тордолгон. Аба тартып чыгара турган тешикчелери бар. Автономдуу түрдө меш аркылуу жылытылат.



Бишкек ш. ШИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайынын камерасы (палатасы)

Ар бир камерада (палатада) полго орнотулган жана бийиктиги 1 м болгон жапыз дубал менен тосулган унитаз сындуу санитардык түйүн, куурдан келе турган муздак суусу бар раковина бар. Персоналдын сөзүнө караганда, жайында басымдын азайып кетишинен улам крандарга суу келбей калат.

Ашкана идиштеринин аздыгынан улам кармалгандар жалпы тарелка жана чыныларды колдонушат, бул болсо инфекциялык ооруларды жуктуруп алуу тобокелдигин жаратат.

Камералардагы (палаталардагы) терезелер тордолгон, айрым жерлерде айнектери сынган. Камераларда (палаталарда) тердин, тамеки жытынын, ажаткананы жагымсыз жыты мурун өрдөп турат. Ажаткана кагазы, санитардык-гигиеналык каражаттар жок. Душ иштебегендиктен, кармалгандар жеке гигиенанын жөнөкөй талаптарын да аткара алышпайт. Дезинфекциялоочу шкаф иштебейт.



Бишкек ш.кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын камерасынын (палатасынын) полуна орнотулган унитаз
г. Бишкек

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын кызматкерлери үчүн каралган бөлмөлөрдүн жана башка жайлардын саны:

- Күзөтчүнүн/нөөмөтчүнүн жайы – ар кандай шарттагы 3 бөлмө (эс алуучу, каттоочу, күтүп туруучу)
- Канцелярия үчүн жай – 1
- Начальниктин бөлмөсү – 1
- Медициналык кызматкердин бөлмөсү – 1
- Инспекторлордун бөлмөсү – 1
- Чарбалык муктаждыктар үчүн бөлмө – 2
- Тамак-аш жылытуу үчүн бөлмө – 1
- Душ бөлмөсү – 1
- Дезинфекциялоочу бөлмө – 1
- Персонал үчүн санитардык түйүн (полго орнотулган унитаз жана жуунуучу раковина)– 1

Эс алуучу, каттоочу, күтүп туруучу бөлмөлөрдүн көлөмү - 3х4 м, шыптын бийиктиги 2,90 м. Зарыл болгон эмеректер менен жабдылган: мында үстөлдөр, стулдар, сейф, дубалга илинген тактайлар ж.б. бар.

Терезелери тордолгон. Полдору бетондолгон. ДВП менен жабылган. Персонал үчүн жайлардын жалпы абалы байкоочулар тарабынан канааттандыраарлык деп бааланган.

Персоналдын сөзүнө караганда, 2007-жылдан тартып душ иштетилбей, чарбалык бөлүктүн башчысынын ишин аткарган от жаккычтын бөлмөсү катары пайдаланылат. Дезинфекциялоочу бөлмө иштебейт, ошондон улам кармалган адамдар УКЖге камалганда санитардык кароодон өткөрүлбөйт.

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын аймагында эс алуучу беседка жана 2 отургуч менен жабдылган сейилдей турган жер бар. Спорт менен машыгуу үчүн атайын жабдуулар орнотулган эмес. Жаан жааган учурда сейилдөө үчүн калкалоочу чатырча коюлган эмес.

2012-жылдын июнь айынын башында кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын экинчи этажындагы камераларда (палаталарда) косметикалык ремонт жасалган. Жайлардын жалпы абалы канаттандыраарлык.

**Ош шаарынын ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайы**

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жай Ош-Араван жолунун жээгиндеги Керме-Тоо айылында ш шаарынын борборунан 10 км аралыкта жайгашкан. Анын имараты 1978-жылы ИИБ кызматкерлеринин күчү жана “ашар” ыкмасы менен салынган. Имарат периметри боюнча тикен зым орнотулган тосмо менен курчалган. Жалпы аянты 456,75 кв.м. түзөт.



Ош ш.ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайы

Камактагыларды кармоо үчүн камералардын саны:

- Эркектерди жайгаштыруу үчүн - – 3
- Аялдарды жайгаштыруу үчүн – 1
- Чет элдик жарандарды жайгаштыруу үчүн – 1
- Кайрадан келгендер үчүн – 1
- Жугуштуу оорулар менен ооругандар үчүн – 1

Чет элдиктер үчүн камерада (палатада) керебеттер бар, ал эми калгандарында – сөрүлөр же керебеттер коюлган. Бир камера (палата) тарбиялык мүнөздөгү чараларды көрүү, болбосо “соолуктуруучу жай” катары пайдаланылат, бул жерде отургучтар да, сөрү да, керебеттер да жок. Кармалгандар бетондолгон полго салынган кир матрацтарда жатып, укташат. “Соолуктуруучу жай” бөлмөсүндөгү дубалдар жана шып капиталдык ремонтко муктаж. Бардык камералардын (палаталардын) терезелери тордолгон.



Ош ш.ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайынын камерасы (палатасы)

Автономдуу, меш аркылуу жылытылат.



Ош ш.ИИБ кабыл алуу-бөлүштүрүү жайынын камерасы

Камераларда (палаталарда) санитардык түйүндөр жана куурдун суусу чыга турган крандар жок. Туалетке баруу үчүн кармалгандарды короонун арткы жагында жайгашкан сантүйүнгө алып барышат.

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайда кармалгандар үчүн камералардан (палаталардан) тышкары кызматкерлер үчүн да бөлмөлөр каралган:

- Нөөмөтчүнүн бөлмөсү – 1
- канцелярия – 1
- Начальниктин бөлмөсү - 1
- Медициналык кызматкердин бөлмөсү - 1
- Инспекторлордун бөлмөсү – 1

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын аймагында аянты 7х40 м болгон сейилдөөчү аянтча бар. Кармалгандардын жылдын суук мезгилинде душка түшүүгө мүмкүнчүлүктөрү жок.


Ош ш.кабыл алуучу-бөлүштүрүүчү жайынын сейилдөөчү короосу

Душ бөлмөсүндө суу толтурулган жана күн нурунан жылый турган чоң идиш коюлган. Персонал үчүн бөлмө зарыл болгон эмеректер (үстөл менен отургучтар жетишсиз) жана оргтехника (компьютерлер, принтерлер, көчүрмө жасачу техника) менен жабдылган эмес. Кызматкерлердин бөлмөлөрү жылытылбайт.

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдын имаратынын жана бөлмөлөрүнүн жалпы абалы канааттандыраарлык. Акыркы жолу косметикалык ремонт 2011-жылы жүргүзүлгөн.

### 6.1.3. ТЕРГӨӨ ИЗОЛЯТОРЛОРУНДАГЫ ТҮЗҮЛГӨН ЖАШОО-ШАРТТАР

Буга чейин эле белгиленгендей, ЖАМК жетекчилиги Кызматташтык жөнүндө меморандумдун алкагында өз ыктыяры менен мойнуна алган милдеттенмелерге карабастан, мониторинг топторунун ТИЗОго кирүү мүмкүнчүлүктөрү чектелген болчу. Ошол себептен отчетто 6 ТИЗОнун ичинен 3 гана ТИЗО боюнча: №23 ТИЗО (Каракол ш.). №24 ТИЗО (Нарын ш.), №25 ТИЗО (Ош ш.) боюнча мониторингдин жыйынтыктары боюнча чогултулган, жалпыланган маалымат берилген.

- ***ТИЗОнун имараттарынын абалы, анда кармалган адамдардын саны***

Мониторинг жүргүзүлгөн үч ТИЗО эски курулуштун имараттарында жайгашкан. Мисалы, №25 ТИЗОдо 1890-жылы курулган режимдик корпус бар. Бул имаратта 2011-жылдын күзүндө косметикалык ремонт жасалган.

Азыркы тапта №24 ТИЗОдогу 1962-жылы курулган азык-түлүк сакталган имарат ремонтко муктаж болуп турат.

№23 ТИЗОнун имараты да 100 жыл мурун курулган. Мекеменин имараттарынын бири авариялык абалда турат жана буздуруп салууга муктаж. Ушул жылы ЕККУнун Бишкектеги борборунун каржылык колдоосу менен от жагуучу бөлмөдө жана сейилдөөчү короодо ремонт иштери жүргүзүлгөн.

**Таблица 8.**

**Тергөө изоляторлорунун сыйымдуулугунун чеги**

| | **Каракол ш. №23 ТИЗО** | **Нарын ш. №24 ТИЗО** | **Ош ш. №25 ТИЗО** |
|---|---|---|---|
| Сыйымдуулуктун чеги (адам) | 142 | 40 | 390 |

№25 ТИЗО 390 адамга эсептелгени менен мониторинг жүргүзгөн учурда бул ТИЗОдо 450дөн ашык адам отурган.

- Камералардын саны, жалпы абалы жана жабдуулар

Камералардын саны:

- ТИЗО №23 – 19,
- ТИЗО №24 – 13,
- ТИЗО №25 – 29.

ТИЗОго мониторинг жүргүзүлгөн камералардын дубалдарынын, полунун жана шыптарынын абалын жалпысынан канааттандыраарлык десе болот.

№24 ТИЗОдо (Нарын ш.) ремонт жасалып, пластик терезелер салынган, камералары таза, санитардык түйүндөр иштеп турат. Төрт камеранын полу жыгачтан, ал эми калгандарыныкы – бетондолгон.

№23 ТИЗОнун (Каракол ш.) айрым камераларында евроремонт жасалган, полдору кафелденген, пластик терезелер салынган.

№25 ТИЗОнун камераларында эки ярустуу керебеттер коюлган. Дээрлик бардык камералардын полу бетондолгон. Дээрлик бардык камералар ремонтко муктаж.

Мониторинг жүргүзүлгөн үч ТИЗОдо бир дагы камера улуттук мыйзамдардын жана минималдуу эл аралык стандарттардын жоболоруна ылайык жабдылбагандыгы тастыкталды.

Айталы, ушул жылдын августунда Эл аралык Кызыл Крест Комитетинен (ЭККК) гуманитардык жардам катары келген матрацтар менен жууркандар бар болсо да бардык ТИЗОлордо жаздык тыштар, шейшептер жок экендиги аныкталды. Камактагылардын айтымында, аларга шейшеп, жаздык тыштарды үйлөрүнөн алып келип беришет.

Ошол эле учурда белгилеп кое турган нерсе – бардык камалган адамдардын уктаганга өзүнчө ордулары бар. Камералардын басымдуу көпчүлүгү үстөл, отургучтар (айрым камераларда дивандар турат), азык-түлүк сала турган шкаф, кийим илгич, күзгү, таштанды сала турган урна, телевизор, DVD, радио менен жабдылган. Дээрлик бардык камераларда электр приборлорун саюу үчүн розеткалар орнотулган. Ошондой эле идиш-аяк жана ашкана буюмдары да бар.

- ***Жарыктандыруу***

Байкоочулар №25 ТИЗОнун көпчүлүк камераларында күндүз окуганга жана жазганга мүмкүнчүлүк бере турган табигый жарык жетишээрлик деңгээлде экендигин белгилешет. Орточо эсеп менен, камералардын терезелери 1x1 метрди түзөт.

Байкоочулар №23 ТИЗОдо жана №24 ТИЗОдо табигый жарык канааттандыраарлык эмес деңгээлде деп баалашты.

Бардык камераларда электр лампочкалары бар, табигый эмес жарыктандыруу жетишээрлик деңгээлде камсыздалган.

- ***Камералардын жылытылышы жана желдетилиши***

№25 ТИЗО ТЭЦтин эсебинен шаардык борбордук жылытуу тутумуна кошулган. Анткен менен жабдуулардын эскирип калгандыгынан улам борбордук жылытуу батареялары жакшы жылыбайт, ошондон улам көпчүлүк учурда жылытуу үчүн колго жасалган электр жылыткычтары колдонулат, бул болсо өрт коопсуздугун камсыздоонун талаптарына жооп бербейт.

№23 ТИЗО менен №24 ТИЗОдо автономиялуу жылытуу колдонулат, ТИЗОнун аймагында өздөрүнүн жылыткыч котельнаясы бар. ЕККУнун Бишкектеги борборунун каржылык колдоосу менен №23 ТИЗОнун котельнаясы ремонттон өткөрүлгөн болчу. Аталган мекеменин начальнигинин айтымында, электр генераторунун жок болушу чоң көйгөй жаратат, анткени күз-кыш мезгилинде электр энергиясы менен камсыздоочу тутум жакшы иштебей, бир өчүп, бир күйө бергендиктен, ТИЗОнун бардык аймагында электр жарыгы өчүп калган учурлар аз эмес. Мунун айынан ТИЗОнун кызматкерлери ТИЗОнун имаратына жакын жайгашкан аймакта түнү менен күзөттө турганга мажбур болушууда.
Мониторинг учурунда №23 ТИЗО менен №24 ТИЗОдо жетишээрлик деңгээлде табигый желдетүү камсыздалбагандыгы аныкталды. №23 ТИЗОнун коридорунда жасалма желдетүү тутуму орнотулган. №25 ТИЗОдо табигый желдетүү үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөр каралгандыгы белгиленди.

- ***Санитардык жагдайлар***

Мониторингдин натыйжалары көрсөткөндөй, камактагы адамдардын зарыл болгон учурда таза жана ариеттүү шартта табигый муктаждыктарын канааттандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу укугу толук кандуу сакталбайт.

Айталы, ТИЗОнун бардык камераларында сантүйүндөр – полго орнотулган унитаз, суу түтүктөрүнөн келе турган суусу бар раковина бар. Сантүйүн жапыз дубал же камактагылардын өздөрү шейшептен тигип койгон парда менен тосулуп коюлган (ТИЗО №23). Көпчүлүк сантүйүндөрүнүн абалы канааттандыраарлык эмес.

№23 ТИЗО начальнигинин сөзүнө караганда, жайында каракол шаарынын шаарсууканалы кызматы сууну өчүрүп койгон учурда камераларда канализация иштебей калат.

Бардык ТИЗОдо жумасына бир жолу душ алууга мүмкүнчүлүк бар. Анткен менен бардык мончо-кир жуучу комплекстер капиталдык ремонтко муктаж. Мисалга, №24 ТИЗО менен №25 ТИЗОлордо душ бөлмөлөрү авариялык абалда турат, алардын дубалдары нымдуулуктан улам көгөрүп да кеткен.

№23 ТИЗОдо отурган адамдардын быйыл ремонттон өткөрүлгөң мончого түшкөнгө мүмкүнчүлүктөрү бар.

- ***Жеке гигиена каражаттарынын, самын-жуучу каражаттардын, ашкана идиш-аяктарынын болушу***

Мониторингдин жүрүшүндө камактагы адамдардын санитардык-гигиеналык каражаттардын жоктугунан улам жеке гигиенаны толук кандуу сактоого мүмкүнчүлүктөрү жок экендиги аныкталган.

Жалпы пайдалануу үчүн камераларга кир самын жана гигиеналык максатта кагаз берилишин караган улуттук мыйзамдардын жоболору бузулуп, бул каражаттар дээрлик бардык камераларда жок болуп чыккан. №25 ТИЗОдо кээде гана самын менен тиш пастасы берилет. Көпчүлүк учурда жеке гигиена буюмдарын камактагылардын туугандары алып келишет.

- ***Тамак-аш***

№25 ТИЗОнун администрациясы камактагылардын тамак-ашын жакшыртуу максатында бир катар иш-аракеттерди көрүүдө. Анын ичинде ун менен өз алдынча камсыздап, нан бышыруу иши колго алынган. Үч ирет ысык тамак берилет, анын ичинде түштөнүү учурунда эки ысык тамак берилет (биринчи жана экинчи).
Интервью учурунда ТИЗОдогу берилген тамак-аштын көлөмүнө жана сапатына наараздычылыктар айтылган жок. Дээрлик бардык ТИЗОлордо камактагылар өз алдынча тамак жасаганга мүмкүнчүлүктөрү бар. Бул үчүн камераларда электр плиталары бар. Анткен менен көп жерлерде электр өткөргүчтөрүнүн сырты жок, бул болсо өрт коопсуздугун сактоо эрежелерин бузуу болуп саналат жана камактагылардын өмүрүнө коркунуч туудурат.

Мониторинг жүргүзүлгөн ТИЗОлордо тамак-аш жасоо процесси санитардык-гигиеналык талаптарга жооп берет. Ашпозчулар тамак-аш жасалып жаткан жерлерди таза кармап, атайын тазалоочу каражаттарды колдонушат.

ЕККУнун Бишкектеги борборунун көмөгү менен №24 ТИЗОнун тамак-аш жасалчу имаратында абаны сыртка сордуруп чыгуучу тутум орнотулган.

- ***Санитардык-эпидемиологиялык иш-чаралар***

Байкоочулар айрым ТИЗОлордо санитардык-эпидемиологиялык иш-чараларды өткөрүү тиешелүү жолго коюлбагандыгын белгилешти. Айталы, №25 ТИЗОнун камераларында болгон учурда мында таракандар өтө көп санда жайнап жүргөндүгү аныкталган.

Айрым ТИЗОлор, анын ичинде №23 ТИЗО кемирүүчүлөрдү жана чымын-чиркейлерди жоготуу максатында санитардык-эпидемиологиялык кызмат менен контракт түзүшөт.

- ***Сейилдөөлөр***

Мониторинг жүргүзүлгөн бардык ТИЗОлордо камактагылар үчүн күнүнө бир сааттан таза абада болуп, сейилдөө мүмкүнчүлүгү каралган.

№23 ТИЗОнун аймагында 4 сейилдөөчү короо каралган, анын биринин аянты 3х5 м, ал эми үчөөсүнүкү - 5х7 м. ЕККУнун каржылык колдоосу менен бул ТИЗОдо сейилдөөчү короонун үстүнө жаан-чачындан, кардан калкалай турган чатырча орнотулган.

№24 ТИЗОдо 3 сейилдөөчү короо бар, анын бири өмүр бою камакта отурууга соттолгон адамдарга арналган.

№25 ТИЗОдо 4 сейилдөөчү аянтча бар, алардын аянты 7х9,5 м түзөт.

- ***Жолугушууга уруксат берүү***

№23 ТИЗОдо жолугушуу үчүн бөлмө каралган эмес.

№24 ТИЗО жана №25 ТИЗОдо кыска мөөнөттүү жолугушуулар үчүн бөлмөлөр жабдылган. Камактагы адамдардын сөзүнө караганда, аларга жолугушууга такай уруксат берилип турат.

№25 ТИЗОдо жолугушуулар үчүн жай үч кабинага бөлүнгөн, мында камактагылар келген адамдар менен металл торчо жана оргайнек бөлүп турган тосмо аркылуу кенен сүйлөшө алышат.

- ***Бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу***

Изилдөөлөр жүргүзүлгөн бардык ТИЗОдо китепканалар бар, анткен менен каражаттын жетишсиздигинен улам узак убакыттан бери китепканалардын фонду толукталган эмес. Ушундай эле себептен улам мезгилдүү адабият, гезиттер жана журналдар сатылып алынбайт.

Камактагылар китептердин жоктугуна, гезит-журналдар өз убагында берилбей жаткандыгына наразычылыктарын билдиришкен.

Бардык ТИЗОдо өз телевизорлорун жана радиосун алып келип, пайдаланууга мүмкүнчүлүк берилген.

№25 ТИЗОнун аялдар отурган камераларында телевизорлор ЕККУнун Ош шаарындагы Жергиликтүү бюросунун колдоосу менен орнотулган.

- ***Медициналык тейлөө***

КР ИИБ УКЖдеги медициналык-санитардык камсыздоодон айырмаланып, КР Өкмөтүнүн алдындагы ЖАМКда борборлоштурулган медико-санитардык камсыздоо башкармалыгы (МСКБ) тутуму иштейт, анын карамагына ТИЗОлордун медико-санитардык бөлүктөрү кирет.

Ар бир ТИЗОдо өзүнүн медико-санитардык бөлүгү (МСБ) бар.

**Таблица 9.**

**Тергөө изоляторлорунун медико-санитардык бөлүктөрүнүн түзүмү**

| Мекеменин аталышы | МСБнын түзүмү |
|---|---|
| ТИЗО №23 | 1. Начальник<br>2. Дарыгер-инфекционист<br>3. Дарыгер-фтизиатр |

| | |
|---|---|
| | 4. Фельдшер |
| ТИЗО №24 | 1. Начальник<br>2. Фельдшер |
| ТИЗО №25 | 1. Начальник<br>2. Дарыгер- фтизиатр<br>3. Дарыгер-стоматолог<br>4. Дарыгер-психиатр<br>5. Дарыгер-рентгенолог<br>6. Фельдшер<br>7. Фельдшер<br>8. Фельдшер<br>9. Рентген – лаборант<br>10. Медайым<br>11. Лаборант айым<br>12. Лаборант айым<br>13. Дарыгер–терапевт |

№23 ТИЗО менен №24 ТИЗОнун медико-санитардык бөлүктөрү жайгашкан имарат абдан эски жана капиталдык ремонтко муктаж, ошондой эле бардык палаталар, дарыгерлердин кабинеттери, процедуралык жана жараатты таңуучу кабинеттер косметикалык ремонтко муктаж болуп турат. Оорулууларды кабыл алуучу амбулаториялар бар.

Ар бир ТИЗО үч оорукана палатасы жана бир изолятор менен жабдылган. Рива-Роччи аппараты (артериалдык кан басымын ченөөчү тонометр) бар, андан башка эч кандай медициналык жабдуу жок.

№25 ТИЗОнун МСБда МСБ начальнигинин кабинети, ординаторлор кабинети, тиш дарыгеринин кабинети, кароочу кабинет, фармацевтикалык кабинет, каттоочу кабинет, лаборатория, кабыл алуучу-таңуучу бөлмө, дарыкана, аялдар корпусунда кабыл алуучу кабинет, соматикалык оорудан жабыркагандар үчүн эки бейтаптык палаталар, кургак учук менен ооругандар үчүн 12 камера бар.

Медициналык кызматкерлер мекеменин начальниги бекиткен графикке ылайык күн-түн бою нөөмөттө турушат. Зарыл болгон учурда бардык изилдөө жүргүзүлгөн изоляторлорго «Тез жардам" чакырылат.

ЖАМКнын 2012-жылдын 18-январындагы №14 «ЖАМК мекемелеринде соттолгондор үчүн атайылаштырылган жардам көрсөтүү жөнүндө" буйругунун негизинде жана №47 Түзөтүү колониясынын Борбордук ооруканасынын дарыгерлеринин барып келүү графигине ылайык, ЖАМКнын Чүй облусунда жайгашкан мекемелерине жума сайын тиешелүү медадистердин барып туруусу колго алынган. Мында кеп-кеңеш берүүчү жардам көрсөтүлөт жана №47 Түзөтүү колониясынын Борбордук ооруканасына стационардык дарыланууга жаткыруу үчүн бейтаптарды тандоо жүргүзүлөт.

ТИЗОго алынып келинген учурда бардык адамдарга тестке чейинки кеп-кеңеш берүү жана котон жарага чалдыккандыгын ("Вассерман реакциясы") аныктоо үчүн кан алынат, ошондой эле флюорографиялык изилдөө жүргүзүлөт. МСБ персоналынын айтымында, АВИге (ВИЧ) тестирлөө камактагылардын өз ыктыяры менен берген макулдугунун гана негизинде жүргүзүлөт.

МСБда КР Саламаттык сактоо министрлигинин Республикалык психикалык саламаттык борборунун жана Республикалык наркологиялык диспансердин кызматкерлеринин катышуусу менен көз карандысыз экспертизалар: наркологиялык жана

соттук-психиатриялык экспертизалар өткөрүлөт. Психикалык жактан жабыркаган бейтаптар аныкталган учурда МСБ дарыгерлери алар тиешелүү дарылоочу мекемелерге жөнөтүлгөнгө чейин аларга көз салып, дарылап турушат.

Наркологиялык экспертиза "баңгизатты көнүмүш колдонуу" же "алкоголизм" деген диагноз коюлган бейтаптар соттун чечими менен №47 Түзөтүү колониясынын Борбордук ооруканасынын наркологиялык бөлүмүнө жөнөтүлөт.

- ***Диний жөрөлгөлөрдү жасоо***

Бардык ТИЗОлордо камактагылардын диний жөрөлгөлөрдү жасоого мүмкүнчүлүктөрү бар.

№24 ТИЗОдо камералардын бири намазкана болуп жабдылган. Жума күнү окула турган намаз учурунда администрация камактагыларды категорияларга (түрмө режиминдегилер, өмүр бою камалгандар, иши тергөөдө болгондор жана соттолгондор) деп бөлбөй эле бир бөлмөгө чогулганга уруксат берет.

## 6.2. КЫЙНООЛОРДОН ЖАНА КАТААЛ, АДАМ ЧЫДАГЫС ЖАНА АР-НАМЫСТЫ БАСМЫРЛАГАН МАМИЛЕДЕН ЖАНА ЖАЗАДАН ЭРКИН БОЛУУ УКУГУНУН САКТАЛЫШЫ


Мониторинг командасы 2012-жылы баруу пландаштырылган жабык мекемелерде камалган адамдардын камакка алынган жерлерде болгон учурунда да, жабык мекееге отургузулган учурда да кыйноолордон, катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелерден эркин болуу укугунун сакталышын мониторинг жүргүзүүнүн артыкчылыктуу багыты катары аныктаган эле.

Абалды изилдөө жана баалоо мониторинг учурунда буга чейин пайдаланылып келген инструментарийди колдонуу менен алынган маалыматтын негизинде ишке ашырылды. Кылмышка шектелгендердин, айыпталуучулардын, соттолгондордун интервью учурунда тергөө маалында аларга кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндөгү билдирүүлөрүнө өзгөчө көңүл бурулду.

Дээрлик бардык суралгандар адегенде кармалган учурда аларды алдын-ала коркутуп-үркүтүп, эркин басмырлап, кылмышты мойнуна алдырууга жана өз ыктыяры менен күнөөлүүмүн деп жазып берүүгө мажбурлоо максатында кыйноолор пайдаланылып, катаал мамиле жасалгандыгын бекемдешти.

**Диаграмма 17.**

**Кыйноолорду пайдалануунун максаттары**



**Мониторинг жүргүзгөн топтун отчетунан:**

*«Айыл өкмөтүнүн башчысы Кга.жана врач М.ге каршы алар "Хизб-ут-Тахрирдин" мүчөсү деп көрсөтмө берүүгө мажбурлашты"*[24]

**Мониторинг жүргүзгөн топтун отчетунан:**

*«2012-жылдын 20-октябрында ИИМдин КИББ кызматкери келип, мен уурулуктун дагы үч эпизодун "мойнума алуумду" талап кылды, коркутуп-үркүттү"*[25]

**Мониторинг жүргүзгөн топтун отчетунан:**

*«Кошумча түрдө дагы үч эпизодду мойнума албасам, апамды УКЖга камап коебуз деп коркутушту»*[26]


Кыйноолордун 1,6% адамдарды милициянын кызматкерлерин баалоодогу тигил же бул күнөөлөрү үчүн жазалоо максатында пайдаланылган. УКИде отурган эки адам аларды этносуна байланыштуу басмырлоонун кесепетинен улам кыйноолор болгондугун билдиришти.

**Мониторинг жүргүзгөн топтун отчетунан:**
*«Мени жасабаган кылмыштарды "жасадым деп мойнуңа ал" деп мажбурлашты, тергөөчү ишти тезирээк сотко өткөрүү үчүн 5000 сом берүүнү талап кылды"*[27]

Кыйноолорду пайдаланган ар бир учурду өзүнчө бөлүп кароо керек, анткени, кыйноого дуушар болгон адамдын мүнөзүнүн, жүрүм-турумунун өзгөчөлүктөрүнө жана жан-дүйнөсүнүн абалына жараша кыйноолор анын психикасына ар кандай деңгээлде таасир этиши мүмкүн. Бардык учурларда күч колдонуу менен денесине залал келтирүү, зордук менен кыйноо жан-дүйнөнүн жабыркашына алып келет, ошондой эле жан-дүйнөнүн жабырланышы да көпчүлүк учурларда денеге зыян келтирбей койбойт. Анткен менен, отчётто дааналап көрсөтүп берүү максатында кыйноолор менен катаал мамилени шарттуу түрдө бир нече негизги түргө бөлүүгө аракет жасалды.

Басымдуу көпчүлүгүндө – 79,7% - кыйноолор жабырлануучуларга күч колдонуп, денесине зыян келтирүү менен коштолгон, 20,3% – жабырлануучулардын жан-дүйнөсү жабыркаган.

**Диаграмма 18.**
**Кыйноолордун түрлөрү**





[24] Мониторинг тобунун отчету №4-д.
[25] Мониторинг тобунун отчету №1-7/45.
[26] Мониторинг тобунун отчету №1-1/25.
[27] Мониторинг тобунун отчету №1-2/10.

Респонденттер берген маалыматтарды талдоо тигил же бул кызматты ээлеген адамдар кылмыш-сот өндүрүшүнө катышкан жана камакка алынган адамдарга карата канчалык деңгээлде кыйноолорду колдонуп, катаал мамиле жасагандыгын аныктоого мүмкүндүк берди. Кыйноочулардын арасында ички иштер органдарынын кызматкерлеринин саны арбын, андан азыраагын УКМК, прокуратура, Баңгизатты көзөмөлдөө боюнча мамлекеттик кызматтын кызматкерлери түзөт.

Өз баяндамасында Кыйноолор боюнча атайын баяндамачы Хуан Мендес мырза милиция бөлүмдөрү, убактылуу кармоочу изоляторлор, ички иштер министрлигинин кылмыш иликтөө бөлүмдөрү жайгашкан жайлар катаал мамиле жасалган жайлар катары көп айтылгандыгын белгиледи[28]. Ал кылмыш иликтөө бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан кыйноолорду колдонуу фактылары көбөйгөндүгүнүн себеби Кыргызстандын сот системасы кылмышты моюнга алган көрсөтмөлөргө көбүрөөк басым жасай тургандыгына байланыштуу деп эсептейт[29].

**Диаграмма 19.**
**Кыйноолорду колдонгон кызмат адамдары**




**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Үч күн бою Кылмыш иликтөө башкармалыгынын кабинетинде болдум, мени РИИБ кызматкерлери кыйнашты"*[30]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«5-6 РИИБ кызматкерлери мени сабашты, экөөсүнүн аттары эсимде - А. жана М.».*[31]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«РИИБ кызматкерлери эки күн бою сабашты. Анан УКИге которушту"*[32]

[28] Кыйноолор боюнча атайын баяндамачынын доклады, 38-пар.
[29] Кыйноолор боюнча атайын баяндамачынын доклады, 38-пар.
[30] Мониторинг тобунун отчету №1-2/9.
[31] Мониторинг тобунун отчету №1-7/36.
[32] Мониторинг тобунун отчету №1-7/47.

2011-жылдагы мониторингдин жыйынтыктарына салыштырмалуу кыйноолордун ыкмалары өзгөрүлгөн деле жок десе болот. Ошону менен бирге эле мониторинг топтору буга чейин мониторинг учурунда катталбаган кыйноо ыкмалары болгондугун документтештиришкен. Алардын ичинде муздак сууну жаба куюу, жылаңачтоо, тырмак алдына ийне саюу ж.б. бар.

**Диаграмма 20.**

**Кыйноолорду колдонуунун ыкмалары**




**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*"РИИБ кызматкерлери мени буттары менен жаакка тээп, эки тишимди сындырышты"*[33]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*"КИББ оперативдүү кызматкерлери каска менен уруп, бөйрөк тушка муштап, башыма целлофан пакет кийгизишти"*[34]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«Мени жана менин С. аттуу досумду кармап, тизелетип туруп, уруп-сого баштаашты. Башы-көзүмө койгулап, буттары менен аркамды, буттарымды тепкилешти. Өзгөчө С.аттуу досумду абдан уруп-сабашты. Андан кийин башыбыздан ашырып пистолеттен атkылашты"*[35]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«Негизинен башыма уруп-соккулашты, кулагымдан кан акканча катуу сабашты"*[36]

[33] Мониторинг тобунун отчету №4-6/20.
[34] Мониторинг тобунун отчету №1-3/28.
[35] Мониторинг тобунун отчету 3-6/6, 3-6/7.
[36] Мониторинг тобунун отчету №1-7/47.

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«Үч күн бою, 2012-жылдын 28-апрелинен 30-апрелине чейин жипке кодорумдан асып коюп жатышты, ушинтип күнүнө 12 саат бою асылып турдум"*[37]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«Колдорумду кишендеп стулга кадап коюп, электрошокер пайдаланып жатышты"*[38]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан:</u>**
*«24-сентябрь күнү эртең менен РИИБнын алты кызматкери мени Сосновкага алып барып, таң эртеңден түнкү саат 3кө чейин уруп-сабап, башыма полиэтилен пакет кийгизип, муунтуп, бөйрөк тушка, буттарыма, согончогума, башыма уруп-соккулашты. Арткы тешигиме стулдун бутун тыгабыз деп коркутушту»*[39]

Укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин кыйноолорду колдонуу практикасынын толук кандуу көрүнүшүн аныктоо үчүн шектелгендердин жана айыпталуучулардын аларды кармоонун жана камакка алуунун ар кыл этаптарындагы кыйноолордон эркин болуу укугунун бузулушуна көз салуу милдети коюлду:

- Кармоо учурунда жана кармоо менен УКЖга отургузууга чейинки мезгилде;
- УКЖда отурган учурда;
- УКЖдан сырткары алып чыккан учурда;
- ТИЗОдо отурган учурда;
- ТИЗОдон сырткары алып чыккан учурда.

Андан тышкары, ИИБнын кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларына административдик камакка алуу жазасы чегерилген адамдарга, ошондой эле аталган жабык мекемелерде туруктуу жашаган жайы жана документтери жоктугуна байланыштуу отурган адамдарга карата кыйноолорду колдонуу учурлары изилденди. Изилдөө учурунда аларды кармоо жана камакка алуунун ар кыл этаптарында кыйноолор колдонулган учурларга көңүл бурулду, анын ичинде:

- Кармоо учурунда жана кармалган учур менен кабыл алуу-бөлүштүрүүчү жайга отургузууга чейинки мезгилде;
- кабыл алуу-бөлүштүрүүчү жайда отурган мезгилде;
- кабыл алуу-бөлүштүрүүчү жайдан сырткары алып чыгуу мезгилинде.

Буга чейин белгиленгендей, долбоордун алкагында бардыгы болуп төмөнкү жайларда мониторинг жүргүзүлдү:

- ИИБ УКЖда 756 адамдын катышуусу менен;
- ЖАМК ТИЗОдо 157 адамдын катышуусу менен;
- ИИБнын кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында 139 адамдын катышуусу менен.

Шектелгендер жана айыпталуучулар менен болгон интервью учурунда түзүлгөн анкеталарды талдоо көрсөткөндөй, ИИБ УКЖдагы респонденттердин ичинен ар бир төртүнчүсү (25,4%) аны кылмышка шектүү деп кармап, УКЖга отургузганга чейинки убакта ага карата кыйноолор колдонулгандыгын билдирген.

[37] Мониторинг тобунун отчету №Р15-7.
[38] Мониторинг тобунун отчету №7-3/1.
[39] Мониторинг тобунун отчету №1-2/43.

ЖАМК ТИЗОдо отурган респонденттердин ичинен бул көрсөткүчтөн эки эсе көп сандагы адам, тактап айтканда, 59,2% дал ушул мезгилде, башкача айтканда, кылмышка шектүү деп кармап, УКЖга отургузганга чейинки убакта ага карата кыйноолор колдонулгандыгын билдирген.

Бул көрсөткүчтөрдү салыштыруудан алынган жыйынтык УКЖда отурган кылмышка шектелгендер жана айыпталуучулар милиция кызматкерлеринен корккондуктан, кыйноолор туурасында айта алышпайт деген жыйынтыктын ырас экендигин бекемдейт.

Мында алардын бул пикиринин жүйөөлүү экендигин моюнга алып коюу кажет. Милиция кызматкерлеринин кыйноодон жабыр тарткандар отурган УКЖга каалаган убакта кирип-чыгууга мүмкүнчүлүгү бар экендиги 2011-жылда жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктарында аныкталган. Мониторинг учурунда камактагыларды түн ортосунда УКЖдан алып чыгып, оперативдик кызматкерлердин колуна салып берген учурлар документ түрүндө катталган. Оперативдик кызматкерлер камактагыларды күнөөсүн мойнуна алдыруу максатында күн колдонуп, кыйнашкан. Ошондой эле алардын УКЖ аймагында камактагылар менен баарлашуусуна дайыма шарт түзүлүп турган.[40] Ушундай эле фактылар 2012-жылдагы мониторинг учурунда да катталган.

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*“УКИнин тергөө кабинетиндеги батареяга кишен менен кадап коюп, тырмактарымдын астына ийне сайып, резина таяк менен согончокторума уруп-соккулашты”*[41]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*“Эки ай бою мени уруп-согуп, кыйнашты. Камерага беткап кийген адамдар кирип, сабашты. Мен баса албай калдым, бутума араң турчумун, буттарым шишип кеткен болчу”*[42]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«Мирбек аттуу оперативдүү кызматкер УКИден алып чыкчу. Ал өзү, дагы башка милиционерлер болуп муштумдары менен сабашчу”*[43]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«Акыркы жолу УКИден алып чыкканда мени оперативдүү кызматкерлер сабашты»*[44]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«УКИге оперативдүү кызматкерлер такай келип турушат жана коркутуп-үркүтүшөт»*[45]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«РИИБнын 5-6 кызматкери уруп-сабашты, экөөсүнүн аттары эсимде – Азамат жана Медер»*[46]

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан</u>**:
*«Үч күн бою РИИБ кызматкерлери уруп-сабашты»*[47]

[40] “Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын убактылуу кармоочу жайларындагы кыйноолордун алдын алуу” отчету” -Бишкек; 2011-106-бет.
[41] Мониторинг тобунун отчету №1-7/36.
[42] Мониторинг тобунун отчету №С1-2.
[43] Мониторинг тобунун отчету №С6-1.
[44] Мониторинг тобунун отчету № С4-20.
[45] Мониторинг тобунун отчету № Р10.
[46] Мониторинг тобунун отчету №1-7/36.
[47] Мониторинг тобунун отчету №1-2/9.

Албетте, бул шектелген адам менен, анын ичинде, биринчи кезекте - кылмыш иши боюнча камакка алынган адам менен кылмыш иши кимдин өндүрүшүндө болсо, ошол адам гана баарлашууга укугу бар деген жалпы эреженин талабына карама-каршы келет. Анын үстүнө мындай баарлашуулар белгилүү бир максатта жана формада болушу керек, айталы, далилдерди чогултуу максатында кармалган адамдын катышуусу менен тергөө иштерин жүргүзүү үчүн болушу мүмкүн. Эгерде оперативдүү кызматкерлер оперативдүү-иликтөө иштерин жүргүзүү учурунда кармалган адамга жолугуу зарылдыгы келип чыкса, буга уруксатты ал кылмыш иши кимдин өндүрүшүндө болсо, ошол адамдан алышы керек. Мындай жолугушуу укуктук мамилелерге тиешеси жок мүнөзгө ээ: бул учурда эки тарап тең өз ара эрежелер жана милдеттер менен байланышкан эмес, мындан айырмаланып, айталы, тергөө иштеринде ар бир кадам жазык эрежелери менен регламенттештирилген болот эмеспи.[48]

Буга чейин эле белгиленгендей, камактагылардан интервью алуу учурунда башка адамдар, мисалы, милиция кызматкерлери же камактагылар болсо, кыйноолордун курмандыктары өзүн эркин сезип, пикирлерин ачык-айкын билдире албайт.

Башка органга караган же оперативдүү кызматкерлер ээн-эркин кирип-чыга албаган ТИЗОго которулган учурда гана кыйноолордун курмандыктары өздөрүн салыштырмалуу түрдө коопсуз сезип, ага карата тыюу салынган ыкмалар колдонулгандыгы тууралуу айтып берүүгө бел байлайт.

**Таблица 10.**

**УКЖда жана ТИЗОдо отурган респонденттердин кыйноолор жөнүндөгү арыздары**

| № | Убактысы | Кыйноолор жөнүндөгү арыздар | |
|---|---|---|---|
| | | УКЖ | ТИЗО |
| 1 | Кармалган убактысы, кармалган убактысы менен УКЖга түшкөн убакыттын ортосундагы мезгил | 192 **(25,4%)** | 93 **(59,2%)** |
| 2 | УКЖда отурган мезгили | 44 **(5,8%)** | 41 **(26,1%)** |
| 3 | УКЖдан тышкары жерге чыккан учурда[49] | 62 **(11,6%)** | 40**(38,8%)** |

Бул жыйынтык төмөндө келтирилген диаграммадагы башка салыштырмалуу маалыматтар менен да бекемделип турат. ТИЗОдо отурган адамдардын кыйноолор жөнүндөгү билдирүүлөрүнүн саны ИИБ УКЖдагы адамдардын билдирүүлөрүнүн санына караганда бир нече эсеге көп болуп чыккан.

[48] Россия Федерациясынын КЖК комментарий (беренелери боюнча). М.; ООО «ВИТРЭМ», 2002. 130-131 С.

[49] Пайыздык көрсөткүчтөр “Сизди УКИнин аймагынан тышкары жерге алып чыгышты беле?” деген суроого “ооба” деп жооп берген адамдардын санына жараша эсептелди.

**Диаграмма 21.**

**УКЖга түшкөнгө чейинки жана УКЖда отурган мезгилдеги кыйноолор жөнүндөгү арыздардын катышы**





**Таблица 11.**

**ТИЗОдо отурган учурдагы кыйноолор жөнүндө арыздар**

| **№** | **Мезгил** | **Кыйноолор жөнүндө арыздар** |
|---|---|---|
| 1 | ТИЗОдо отурган учурда | 9 **(5,7%)** |
| 2 | ТИЗОнун аймагынан тышкаркы жакка чыгарылган учурда[50] | 12 **(13,3%)** |

ТИЗОдо отургандардын ичинен суралган 157 адамдын тогузу ТИЗОдо отурган учурда кыйноолорго кабылгандыгын билдиришти.

**<u>Мониторинг тобунун отчетунан:</u>**
*«Ооба, бул жерде уруп-сабашат».*[51]
*«Кээде сабашат».*[52]
*«Мени ТИЗО кызматкерлери уруп-сабашты».*[53]
*«Менин майып инимден башка жакын адамдарым болбогондуктан, ТИЗО кызматкерлери коркутуп-үркүтүшөт, басынтышат, ар-намысыма шек келтиришет, башка-көзгө койгулашат”.*[54]
*«Режимдин начальниги дайыма коркутуп-үркүтөт».*[55]

Интервьюга катышкан ТИЗОдо камакта отурган 12 адам аларды ТИЗОнун аймагынан алып чыккан учурда кыйноонун курмандыктары болушкандыгын билдиришти.

[50] Пайыздык көрсөткүчтөр “Сизди ТИЗОнун аймагынан тышкары жерге алып чыгышты беле?” деген суроого “ооба” деп жооп берген адамдардын санына жараша эсептелди.
[51]Мониторингдик топтун отчету №С3-5.
[52]Мониторингдик топтун отчету №С6-5.
[53]Мониторингдик топтун отчету №С4-22.
[54]Мониторингдик топтун отчету №С4-32.
[55]Мониторингдик топтун отчету №С4-40.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Сот аяктап, конвой кайрадан ТИЗОго алып кеткени жатканда соттун коридорунда опер кызматкер жакын басып келип туруп бетке бир муштады".*[56]
*«Оперативдүү кызматкерлер уруп-согуп, коркутуп-үркүткүлөрү келишти».*[57]
*«Кыйноолор болду. Омбудсменде менин арызым жатат».*[58]

**Таблица 12.**
**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайлардагы респонденттердин кыйноолор жөнүндөгү арыздары**

| № | Мезгили | Кыйноолор жөнүндөгү арыздар |
|---|---|---|
| 1 | Кармалган убактысы, кармалган убактысы менен кабыл алуу-бөлүштүрүү жайга түшкөн убакыттын ортосундагы мезгил | 9 **(6,3%)** |
| 2 | Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайда отурган мезгили | 0 |
| 3 | Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайдан тышкары жерге чыккан учурда[59] | 1**(0,7%)** |

Бишкек шаарынын ШИИБсынын жана Ош шаарынын ИИБсынын кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында отурган 139 суралган адамдын ичинен тогузу (6,3%) алардын кармаган учурда жана кармаган учур менен кабыл алуу-бөлүштүрүү жайга отургузган учурдун ортосунда кыйноолорго кабылгандыгын билдиришти.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Участкалык милиционер квартирамдын документтерин анын наамына тууралап берүүдөн баш тарткандыгым үчүн уруп-сабады, анан кабыл алуучу-бөлүштүрүүчү жайга камап койду".*[60]

Кармалып, камалган бир адам кабыл алуучу-бөлүштүрүүчү жайдан тышкары жакка алып барган учурда кыйноолор болгондугун билдирди.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Мени кабыл алуучу жайдан алып чыгып, үч күн бою РИИБда кармап, оперативдүү кызматкерлер бетке муштагылап, мойнума алуумду талап кылышты".*[61]

Эки мекемедеги суралган адамдардын бири да кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларда кыйноого жана катаал мамилеге кабылгандыктары туурасында билдирген жок.

---

[56] Мониторингдик топтун отчету №С3-9.
[57] Мониторингдик топтун отчету №С3-6.
[58] Мониторинг тобунун отчету №С5-1.
[59] Пайыздык көрсөткүчтөр "Сизди кабыл алуучу-бөлүштүрүүчү жайдын аймагынан тышкары жерге алып чыгышты беле?" деген суроого "ооба" деп жооп берген адамдардын санына жараша эсептелди».
[60] Мониторинг тобунун отчету №П1-2.
[61] Мониторинг тобунун отчету №Б8-28.

Жабырлангандар аларга кыйноолор колдонулган же катаал мамиле жасалган фактылар боюнча бардык эле учурда арыздана беришпей тургандыгын белгилеп коюу зарыл. Муну алардын айрымдары УКЖде болгон учурда арыздана албагандыгы, башкалары кантип жана кимге арызданыш керектигин билбегендиги, үчүнчүлөрү кыйноочулардын эрегишип калып, өч алууга аракет жасашы мүмкүн деп кооптонгондугу менен түшүндүрүшөт. Өч алуудан кооптонгон кыйноонун курмандыктары аларды кайрадан УКЖге отургузуп коет деп коркуп, кыйноолор туурасында арызданмак түгүл, алардын кесепеттерин жашырганга аракет кылышат.

**Мониторинг тобунун отчетунан**:

*«ТИЗОго алып келишкенде менин кабыргаларымды сындырып коюшкандыгын айткан жокмун, анткени мени ТИЗОго кабыл албай коюп, кайрадан УКИге жөнөтүп жибериши мүмкүн болчу"*[62]

**Мониторинг тобунун отчетунан**:

*«Мен көгөргөн жерлеримди жашырып, көрсөткөн жокмун, анткени кайрадан УКИге жөнөтүп жибериши мүмкүн болчу».*[63]

**Мониторинг тобунун отчетунан**:

*«Мен ТИЗОнун врачына денем оперлер уруп-сокккондон улам көгөргөндүгүн айтсам, ал анда мени кабыл албай тургандыгын айтты. Мени кайрадан УКИге жөнөтүп жибербесин деп, анда мени медициалык кароодон өткөрбөй эле коюңуз дедим».*[64]

Башка жабырлануучулардын кыйноолор жана катаал мамиле жасоо фактылары боюнча арызданганга кылган аракеттери жана анын жыйынтыктары жөнүндө ушул отчеттун "Кыйноолор фактыларын документтештирүү. Кыйноолордун курмандыктарына юридикалык жардам көрсөтүү" главасында кененирээк берилген.

2012-жылда жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары кылмыш процессине тиешеси бар адамдардын кармалган учурда жана ИИБда камакта кармалган учурда, өзгөчө оперативдик-иликтөө иш-чаралары өндүрүшүнүн жүрүшүндө кыйноолорго жана катаал мамилелерге дуушар болуу тобокелдиги бар деген былтыркы жылдагы мониторингдин жыйынтыктарын бекемдеп турат.

Мониторингдин жыйынтыктарынан улам кылмыш соттук өндүрүшкө тиешеси бар адамдардын кыйноого алынышы мүмкүн болгон тобокелчилик кылмыш соттук өндүрүшүнүн минималдуу стандарттарынын сакталышын, ошондой эле эркиндикке жана жеке кол тийбестикке ээ болуу укугун, коргоого алынууга болгон укуктун камсыздалышынын кепилдиктери түзүлгөн учурда таптакыр жокко чыгарылып же кыйла азаят деген корутунду чыгарса болот.

[62] Мониторинг тобунун отчету № С6-68.
[63] Мониторинг тобунун отчету № С6-72.
[64] Мониторинг тобунун отчету №С1-2.

- **Кылмышка шектүү делген адамдарды кармоо жана камакка алуу тартибинин сакталышы**

Кыргыз Республикасынын КЖКнын 95-бер. талабына ылайык, кылмышка шектүү адамды кармоо жөнүндөгү протокол кармалган адам жеткирилген учурдан үч сааттан кеч эмес мезгилде толтурулушу керек жана анын кармалгандыгы туурасында тергөөчү прокурорго тиешелүү протокол толтурулгандан 12 сааттан ашык эмес убакытта жазуу жүзүндө билдириши керек. Кармоо протоколунда кармалган убактысы (сааты жана мүнөтү) көрсөтүлүшү керек, дал ушул убакыттан кармоонун 48 сааттык мөөнөтү эсептелинет. Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Р УЖК 98-бер. Кылмышка шектүү делген адамдар УКЖда гана кармалышы керек деген катуу талабы бар.


Анткен менен мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, аталган талаптар сакталбаган фактылар көп. Аларга ылайык, кылмышка шектүүлөр УКЖда эмес, башка ар кандай жайларда кармалышат. Мындай жагдай алдын-ала сурак жүргүзүүчү органдарга кылмышка шектүүлөрдү каалагандай калчап, алар шектелген кылмыштын бетин ачуу, ошондой эле алардын таптакыр тиешеси жок болгон бети ачыла элек кылмышты кошумча түрдө алардын мойнуна коюуга мажбурлоо максатында ар кандай ыкмаларды колдонууга мүмкүндүк берет.

Мониторингдин жүрүшүндө 274 жолку учурда кылмышка шектүүлөр кармалган убактысынан бир топ убакыттан кийин гана ИИБ УКЖга отургузулгандыгы аныкталган.

Бул мезгил айрым учурларда бир нече сааттан бир нече суткага чейин созулган фактылар бар.

**Диаграмма 22.**


**Кармалгандан кийин УКЖга камалган убактысы**




Көпчүлүк учурда мыйзамсыз кармалгандарды райондук жана шаардык ички иштер бөлүмүндөгү кызматтык кабинеттерге жашырып коюшкан. Ошону менен бирге эле мониторинг топтору кармалган адамдарды мыйзамсыз түрдө айылдык милиция бөлүмүндө (АМБ) жана шаардык милиция бөлүмүндө (ШМБ), ИИБнын башка бөлүктөрүндө кармалып,

бир нече саат бою милиция кызматкерлеринин жеке машинелеринде ташылып жүргөндүгүн аныктап, документтештиришкен.

**Диаграмма 23.**
**Кармалган учурдан УКЖга отургузулганга чейинки мезгилде респондент кармалган жер**




**Мониторинг топторунун отчетунан:**
*"Үч күн бою оперативдүү кызматкерлердин кабинетинде олтурдум. Полго гезит төшөп алып уктадым".*[65]

**Мониторинг топторунун отчетунан:**
*"Бир сутка бою РИИБнын бирде тигил, бирде бул кабинетине алпарып жатышты".*[66]

**Мониторинг топторунун отчетунан:**

*"Адегенде Чүй облусунун ИИБга алып келишти, анан Кант ш. ИИБга алпарышты. Эртеси күнү эртең менен кайрадан Чүй облусунун ИИБга алып келишти».*[67]

Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачы өз баяндамасында көп учурларда кыйноолор менен мажбурлоолор кармалган учурдан тартып милиция бөлүмүнө жеткирген убакта пайдаланылып, каттоодон өтпөй тургандыгына кыжаалат болгондугун билдирди. Улуттук мыйзамдар милицияга кылмыш ишине шектүүлөрдү соттун буйругусуз эле камакка алууга жол берет, "мунун өзү мыйзамсыз мамиле кылууга өбөлгө түзөт".[68]

Катталбаган камакка алуулардын мыйзамсыз, тажатма процедуралары кармалган адамды эркинен ажыратуунун алгачкы этабы үчүн каралган үч сааттык максималдуу мөөнөт сакталабы же жокпу деген суроого так жооп берүүгө мүмкүнчүлүк бербейт. Кылмышка шектүүлөр кармалган учурда каттоого алынбашы эркинен ажыратылгандардын абдан аялуу болушуна жана кыйноолор менен катаал мамиледен корголбошуна алып келет, анткени, практика көрсөткөндөй, дал ушул мезгилде камактагы адам эч кандай коргоосуз калат.[69] Атайын баяндамачы кармалган учурдан тартып каттоого алуу эрежесинин так сакталышын камсыздоону сунуштады.

---

[65] Отчёт мониторинговой группы №3-1/1.
[66] Мониторинг тобунун отчету №3-1/1.
[67] Мониторинг тобунун отчету №1-3/16.
[68] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.44.
[69] Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.43.

- ***Коргоого алынууга болгон укуктун сакталышы***

БУУнун адам укуктары боюнча комитети Жыйынтыктоочу эскертмелеринде бардык кармалгандар ошол замат жактоочунун кызматынан пайдаланууга мүмкүнчүлүк алышы керектигин белгилейт.[70]

БУУнун юристтердин ролуна байланышкан негизги принциптери ар бир адамдын жактоочуну өзү тандап алып, анын кызматынан кылмыш процессинин бардык стадияларында пайдаланууга болгон укуктарын бекемдейт. Кармалган адам камакка алынгандан кийин компетенттүү орган анын укуктары туурасында маалымат бериши керек. Эгерде кармалган адамдын өзү тандап алган жактоочусу жок болсо, акыйкат соттун камсыздалышы үчүн зарыл болгон бардык учурларда сот же башка орган дайындаган жактоочунун кызматынан пайдаланууга, эгерде акчасы жок болсо, бул кызмат бекер көрсөтүлүшүнө укугу бар.[71]

БУУнун негизги принциптери кармалган же камактагы адамдын жактоочу менен байланышканга же андан кеп-кеңеш алууга болгон укугун бекемдейт. Мында ага өз жактоочусу менен көзмө-көз, эч кандай чектөөлөрсүз, каалаганча убакытта баарлашканга тиешелүү шарттар түзүлүшү керек. Кармалган же камактагы адамдын жактоочусу менен жолугушуусу укук коргоо органдарынын кызматкерине аларды көрүүгө боло тургандай, бирок, укпай тургандай шартта өткөрүлүшү керек.[72]

Кыргыз Республикасынын Конституциясында ар бир адамдын квалификациялуу юридикалык жардам алууга жана мыйзамда каралган учурларда ал кызмат мамлекеттин эсебинен көрсөтүлүшүнө укугу бекитилген.[73] Кылмыш иши өндүрүшүндө болгон тергөөчүнүн кылмыш иши боюнча өндүрүшкө жактоочунун катышуусун камсыздаганга ыйгарым укугу бар. Ал эми жактоочунун кызматы мамлекеттин эсебинен көрсөтүлгөн учурда мамлекет кепилдеген юридикалык жардам берилишине жооптуу болгон кызмат адамдарынан жактоочунун дайындалышын талап кылууга укуктуу.[74]

КР КЖК талаптарына ылайык, жактоочу кылмышка шектүү адамдын (айыпталуучунун) кармалган учурунан тартып же алгачкы суракка алынган мезгилинен тартып катышуусу керек.[75] Мында жактоочу мыйзамда каралган бардык каражаттар жана ыкмаларды пайдалануу менен шектелген адамдын акталышына же жоопкерчилигинин жумшартылышына негиз боло турган далилдерди табуу жана аныктоо максатын көздөп, ошондой эле ага зарыл болгон юридикалык көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.[76] Ал эми шектелген адам өз жактоочусу менен эч кандай тоскоолдуксуз, көзмө-көз, жолугушуулардын санын же узактыгын чектөөсүз баарлашып турууга укуктуу.[77]


Мониторинг учурунда сурамжылоого катышкан адамдардын дээрлик ар бир бешинчиси анын жактоочусу тергөөдө катышпагандыгын же жактоочусу такыр болбогондугун билдирген.

---

[70] БУУнун адам укуктары боюнча комитетинин Жыйынтыктоочу эскертмелери: Джорджиа, UNDoc/ CCPR/C/79/Add.74, 9 апреля 1997 г., пар.28.
[71] БУУнун негизги принциптери, принцип 17.
[72] БУУнун негизги принциптери, принцип 18.
[73] КР Конституциясы, 40-бер. 3-б.
[74] КЖК, 36-б. 1-б п.12.
[75] КР КЖК, 44-бер. 3-б.
[76] КЖК, 48-бер. 2-б.
[77] КР КЖК, 40, 42-бер.

**Диаграмма 24.**


**Жактоочунун тергөөгө катышуусу**




Кылмыш ишинде алардын кызыкчылыгын коргоочу жактоочу катышып жаткандыгын билген камактагы адамдардын басымдуу көпчүлүгү (41,9%) өз жактоочуларын бир гана жолу – алардын баш коргоо чарасын тандап алуу маселеси каралган сот учурунда гана көргөндүгүн айтышкан.

**Диаграмма 25.**

**Камактагы адам алгачкы жолу жактоочусу менен качан жолуккан**




**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Кармалган эки адамдын ичинен биринин кармалганына эки күн болгон, экинчисине үч күн болгон, бирок экөө тең бир дагы жолу жактоочуну көргөн эмес"*[78]


**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Жактоочуну тергөө аяктагандан кийин көрдүм».*[79]

Көп учурларда (54,5%) жактоочу тергөөчү тарабынан дайындалат.

[78] Мониторинг тобунун отчетунан № 2-13.
[79] Мониторинг тобунун отчету № 3-13.

**Диаграмма 26.**


**Жактоочунун катышуусуна негиздер**




Байкоочулардын жактоочулук жардам берүүнүн сапаты туурасында суроосуна суралгандардын дээрлик ар бир үчүнчүсү жактоочунун ишине канааттанбагандыгын айтышты. Камакка алынгандардын жарымы жактоочунун ишине ыраазы экендигин билдиришти. Калган 18% бул суроого жооп берүүдөн кыйнала тургандыгын айтышты.

**Диаграмма 27.**

**Жактоочулук жардамдын натыйжалуулугун баалоо**




**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Жактоочу өзүнүн демилгеси менен келбейт. Аны бир нече жолу туугандары чакырганда гана келет».*[80]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Жактоочу мага жакпайт, мени жактабайт, тергөөчүнү колдойт, менин негиздемелеримди укпайт, сотто эч кандай аракет жасабайт».*[81]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Жактоочуну кармалган күнү көргөм, ошол боюнча көргөн жокмун».*[82]

Белгилеп койчу нерсе – жактоочулардын коргоо ишинин сапатын баалоо камактагы адамдардын интервью учурунда берген маалыматына ылайык гана жүргүзүлдү. Жактоочулардын жардамынын натыйжалуулугу жөнүндө объективдүү жана анык жыйынтыктарды чыгаруу үчүн алда канча көлөмдүү изилдөө жүргүзүү зарыл. Ага иштин материалдарын изилдөө, ТИЗО менен УКЖда отурган жана сурамжылоого катышкан адамдардын жактоочулары менен интервью өткөрүү ж.б.иштерди аткаруу зарыл болот.

- ***Сотто кыйноолор жөнүндө билдирүүлөрдү жасоо***

[80] Мониторинг тобунун отчету № 6-1/3.
[81] Мониторинг тобунун отчету № 6-1/8.
[82] Мониторинг тобунун отчету № 5-3/4.



Байкоочу УКЖ кызматкерлери менен маектешүүдө

Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачы Кыргызстанга болгон миссиясынын аягында жасаган баяндамасында соттор далилдерди баалоодо күнөөсүн мойнуна алган көрсөтмөлөргө өтө басым жасай тургандыгын билдирди. Эгерде соттолуучу соттук териштирүүлөр учурунда кыйноолор жана күч колдонуулардан улам күнөөсүн мойнуна алган көрсөтмөлөрдү бергендигин айтса, соттор мындай билдирүүлөргө кулак какпай коет, болбосо сот учурунда гана милиционерлерге суроо берүү менен үстүртөн гана иликтөө жүргүзүп коюшат.[83] Милиция кызматкерлери кыйноолорду колдонгон эмеспиз деп көрсөтмө бергенден кийин судья соттолуучунун айыптоолору негизсиз жана жоопкерчиликтен кутулуу максатында гана айтылды деп бүтүм чыгарып коет.[84] Бул боюнча Атайын баяндамачы Кыргызстанды далилдөө эрежелери жана аларды туура эмес интерпретациялоо ички иштер органдарынын кызматкерлеринин жана тергөөчүлөрдүн мыйзамсыз иш-аракеттери үчүн стимул болбошу керектигин, ошондой эле соттук териштирүүлөр учурунда мыйзамсыз жол менен табылган далилдерди кароодон алып салуу кылмыш ишин иликтөөдөгү мыйзамсыз иш-аракеттерге жана кыянаттыкка каршы күрөшүүнүн натыйжалуу каражаты болуп санала тургандыгын унутпоого чакырды.[85]

Атайын баяндамачы судьялар кылмыш ишине формалдуу гана мамиле кылып, сотко кыйноолордун пайдалангандыгы жөнүндө билдирүүлөрдүн так текшерилишине кызыкдар болуу үчүн эмес, негизинен, тергөөчүлөр менен прокурорлордун чечимдерин бекемдөө үчүн гана катыша тургандыгын белгиледи.[86]

Ушул себептен улам ал сот органдарынын сот учурунда жасалган кыйноолор же катаал мамиле тууралуу билдирүүлөр жактоочу тиешелүү арыз бербесе деле ошол замат каралышын камсыздоонун кепилдигин берүүнү сунуштады.[87]

ИИБ УКЖда отурган 192 адам байкоочуларга аларга кыйноолор жана катаал мамилелер колдонулгандыгын айтып беришкени менен алардын 70 гана (36,5%) баш коргоо чарасын тандоо маселеси боюнча сотто бул тууралуу билдирүү жасашкан.

66 жолку учурда (94,3%) сот айыпталуучунун кыйноого дуушар болгондугу тууралуу мындай билдирүүлөрүнө эч кандай реакция жасаган эмес. Эки жолку учурда гана судьялар аларды кимдер кыйнагандыгына кызыгып коюу менен гана чектелишкен. Бир судья тергөөчүнү чакырып, *"ага эскертүү берген",* дагы бири болсо прокурорго кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө арыз боюнча иликтөө жүргүзүүгө "*тапшырма берген*».

**Мониторинг тобунун отчетунан**:
*«Судья: «Иш сотко өткөндөн кийин кызматкерлердин үстүнөн арыздана берсең болот", - деп айтты.*[88]

[83] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.46.
[84] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.46.
[85] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.81 (f).
[86] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.52.
[87] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.80 (b).
[88] Мониторинг тобунун отчету №5-9/4.

**Мониторинг тобунун отчетунан**:
*«Судья денең эмнеге көгала болгон деп сурады. Мен жанымда турган оперлерден коркуп, жыгылып кеттим деп айттым».*[89]

**Мониторинг тобунун отчетунан**:
*"Мени уруп-сабашты десем, судья: «Мурдараак айтышың керек болчу", - деп койду».*[90]

Сурамжылоого катышкандардын айтымында, соттук отурумдар учурунда прокурор тарабынан кыйноолор туурасында билдирүүлөр боюнча тиешелүү реакция жасалган эмес. Айталы, 70 соттук отурумдун 63үндө прокурор билдирүүгө эч кандай реакция жасаган жок.

Бир жолку учурда прокурор кармалган адамдан аны ким сабагандыгын сураган, дагы бир жолкусунда – Башкы прокуратурага берем деп арыздын көчүрмөсүн сурап гана тим болгон. Бир гана жолу прокурор соттук-медициналык экспертиза жүргүзүүнү дайындаган.

Баш коргоо чарасын тандап алуу боюнча маселени чечүүгө арналган төрт соттук отурумга прокурор катышкан эмес.[91]

**Мониторинг тобунун отчетунан**:
*«Мени уруп-сабашты десем, прокурор келип, мени карап көрүп, судьяга "баары жакшы, бул жөн гана жазадан кутулгусу келип жатат", - деп койду"*[92]

**Диаграмма 28.**

**Судьянын кыйноолор жөнүндөгү арыздарга реакциясы**






**Диаграмма 29.**

**Прокурордун кыйноолор жөнүндөгү арыздарга реакциясы**




[89] Мониторинг тобунун отчету №3-2/3.
[90] Мониторинг тобунун отчету №№5-7/15, 1-4/1.
[91] Мониторинг тобунун отчету №№7-1/2, 7-2/5, 3-1/9, 3-1/4.
[92] Мониторинг тобунун отчету №Р15-д.

Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачы Кыргызстанга болгон миссиясынын жыйынтыгында кыйноолор жана катаал мамилелер жөнүндө билдирүүлөр боюнча ыкчам, калыс жана толук кандуу иликтөө жасалбайт деген жыйынтыкка келгендигин, бул болсо мындай кылмыштуу иш-аракеттер жазасыз калып жаткандыгын айгинелей тургандыгын айтты.[93] Ал мындай иш-аракеттердин жазасыз калышы, өз кезегинде, кылмыш ишин акыйкат териштирүүдө кылмышты мойнуна алган көрсөтмөлөргө көбүрөөк басым жасоо тенденциясын күчөтүп, тергөөчүлөрдүн көз карандысыз соттук-медициналык экспертизаны өткөрүү-өткөрбөө маселесин толугу менен өз каалоосуна жараша чечүүгө өбөлгө түзүлүшүнө алып келе тургандыгына көнүл бурду.

Адамдардын сот тутумуна жана анын акыйкаттуулугуна болгон ишенимин тез арада калыбына келтирүү максатында Атайын баяндамачы Кыргызстандын өкмөтүнө кыйноолор жана катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелер жөнүндө билдирүүлөрдү токтоосуз, калыс жана тыкыр иликтөөнү тездетүүнү, аларды пайдаланган кызмат адамдарын жазалоону жана далилдер болгон учурда токтоосуз кылмыш ишин козгоону сунуштады. Мында айыптоолор негизсиз болгон учурда тиешелүү кызматкерлер иликтөө жана кызматтык териштирүүлөр учурунда өз функцияларын аткаруудан четтетилүүгө тийиш.[94]

- **Медициналык тастыктоо**

БУУ Медициналык этика принциптериндеги саламаттык сактоо кызматкерлеринин камактагыларды кыйноолордон жана башка катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелерден коргоо боюнча этикалык милдеттери, анын ичинде дарыгерлердин, саламаттык сактоо тармагынын кызматкерлеринин ролу жөнүндөгү маселени өзгөчө бөлүп көрсөтөт.[95]. Аталган Принциптерде медициналык кызматкерлердин кармалган жана камакка алынган адамдардын ден-соолугун жана психикалык саламаттыгын сактоо боюнча моралдык милдеттери көрсөтүлүп, кыйноолорго активдүү же пассивдүү катышуу же аларга кандай болбосун жол берүү медициналык этиканын одоно бузулушу болуп санала тургандыгы белгиленген.

Эл аралык стандарттардын көз карашынан алганда, жабык мекемеде иштеген дарыгердин ишмердүүлүгүндө медициналык жардам көрсөтүү гана башкы милдет болуп саналбастан, кармалган адамдардын мекемеге полицияда камакта болгондон кийин келген учурунда аларды медициналык кароодон өткөрүү да маанилүү болуп саналат.

Улуттук мыйзамдар, анын ичинде КР КЖКда төмөнкүлөр каралган: «Шектелген/айыпталган адамды убактылуу кармоочу жайга же тергөө изоляторуна алып келген учурда, ошондой эле ал өзү, же анын жактоочусу, же туугандары тергөө же алдын-ала суракка алуу органдары тарабынан ага карата кыйноолор пайдаланылды деп билдирген учурда ал сөзсүз медициналык тастыктоодон өткөрүлүшү, бул боюнча тиешелүү документ түзүлүшү зарыл. Медициналык тастыктоону өткөрүү милдети убактылуу кармоочу жайдын же тергөө изоляторунун администрациясына жүктөлөт”.[96]

---

[93] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.77.
[94] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, пар.81 (d).
[95] БУУнун башкы Ассамблеясы тарабынан 1982-жылы кабыл алынган.
[96] КР КЖК, 40-бер. 5-б, 42-бер. 7-б.

Камактагыларга колдонулган кыйноолорду жана катаал мамилелерди натыйжалуу документтештирүү максатында жана жалпы эле жабык мекемелерде медициналык тейлөөдөн пайдалануу укугунун ишке ашырылышы үчүн , биринчи кезекте, медицина жаатында билими бар персоналдын болушу шарт.

2011-жылдагы мониторинг көрсөткөндөй, ИИБ тутумунда медициналык кызматкердин (дарыгердин, фельдшердин) штаттык бирдиги каралган эмес. Тилекке каршы, бул абал азыркы тапта да өзгөрүлгөн жок. КР ИИМинин расмий жообуна ылайык[97], фельдшердин штаттык бирдиги өлкөнүн 47 УКЖ ичинен бир гана жерде – Бишкек шаарынын ШИИБ УКЖда бар, анын кызматы жергиликтүү бюджеттин эсебинен төлөнөт.

Бийлик органдары каражаттын жоктугунан улам аткарылбай жатат деген КР КЖК айрым талаптары азырынча убактылуу түрдө донорлук уюмдардын ишмердүүлүгүнүн негизинде камсыздалууда. Айталы, иликтөө жүргүзүлгөн учурда Ош жана Баткен облустарынын бардык УКЖларында ЕККУ долбоорунун алкагында каржыланган дарыгерлер иштеген.

Тилекке каршы, бул убактылуу гана көрүлгөн чара болуп саналат жана эл аралык уюмдардын каржылык колдоосу жок болгон учурда медициналык кызматкерлердин УКЖдагы ишмердүүлүгү токтоп калат. Баса белгилеп койчу нерсе – тышкы булактардан каржылоо жалпы практикага айланып, толугу менен мамлекеттик каржылоону алмаштырбашы керек, КР ИИМинин сметасына жараша УКЖ медициналык кызматкерлеринин ишмердүүлүгү республикалык бюджеттен каржыланышы үчүн каражат табылышы зарыл.


Көңүл бура турган нерсе – УКЖ медициналык персоналы КР ИИМинин штатына киргизилбестен, КР Саламаттык сактоо министрлигинин карамагында болушу керек, ошондо гана эч кандай көз карандылык болбойт.

Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, УКЖда медициналык кызматкер болсо дагы эл аралык стандарттардын талаптарын жана улуттук мыйзамдардын жоболорун бузуу менен айрым учурларда кармалган адамга аны УКЖга алып келген учурда медициналык тастыктоо жүргүзүлбөйт.

Айталы, УКЖда сурамжылоого катышкан ар бир үчүнчү адам мында жаңы келгенде медициналык тастыктоо жүргүзүлбөгөндүгүн айткан.

**Диаграмма 30.**

**УКЖга отургузганда медициналык тастыктоодон өткөрүү**




УКЖ кызматкерлеринин түшүндүргөнүнө караганда, медициналык тастыктоону нөөмөтчү дарыгерлер аймактык медициналык мекемелеринде өткөрүшөт. Айталы, Тоң

[97] КР ИИМинин 2012-жылдын 24-апрелиндеги чыгыш №11/646 каты.



Сокулук РИИБ УКЖда кыйноолордон жабыр тарткан адамды медициналык тастыктоодон өткөрүү

районунун ИИБ УКЖде жаңы келген ар бир адамды Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун (ҮДБ) дарыгери медициналык тастыктоодон өткөрөт. Ушул жылдын августунан тартып УКЖге алынып келингендерди акысыз медициналык тастыктоодон өткөрүү жөнүндө контракт түзүлгөн. Буга чейин УКЖ кызматкерлери жана РИИБ оперативдүү кызматкерлери өз каражаттарынын эсебинен ар бир маалымдама үчүн 25 сомдон төлөп беришчү.

Ат-Башы районун ИИБ УКЖде медициналык тастыктоо Үй-бүлөлүк дарыгерлердин фельдшерлери тарабынан жүргүзүлөт.

Бишкек ш. ШИИБ УКЖда, ИИМдин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгынан келген расмий жоопко караганда[98], медициналык тастыктоо фельдшер тарабынан УКЖдагы медициналык кызматкердин бөлмөсүндө өткөрүлөт, кароонун жыйынтыктары ШИИБ УКЖнын иши тергөөдө болгон камактагылар үчүн журналда катталат.

Суралгандардын айткандарына караганда, бир катар учурларда аймактык ооруканада медициналык тастыктоо өткөрүлгөн мезгилде аны өткөрүүнүн процедурасы саламаттык сактоо тутумунун медициналык кызматкерлеринин калыс экендигине шек туудурат. Айталы, респонденттердин бир бөлүгү аларды УКЖга отургузаардан мурун ооруканага алып келишкендигин, бирок, дарыгер кармалгандарды караган да, эч нерсе жөнүндө сураган да жоктугун айтышкан. Аларды коштоп жүргөн ИИБ кызматкери дарыгердин бөлмөсүнө кирип эле кармалган адамдын ден-соолугунун абалы туурасында берилген маалымдаманы алып чыккан.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Медициналык кароону өткөрүшкөн жок, УКИге алып келээрден мурда болгону ооруканадан маалымдама гана алганбыз".*[99]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Мени медициналык кароодон өткөрүштү, бирок, кийинчерээк, денемдеги көгөргөн тактар кеткенден кийин гана жасашты».*[100]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«УКИге отургузулгандан эки жума өткөндөн кийин гана медициналык кароодон өткөрүштү».*[101]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Медициналык кароо өткөрүлгөн жок, болгону милицонер врачтан маалымдама алып алды».*[102]

[98] КР ИИМинин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгынын 2012-жылдын 11-июнундагы №11/934 каты.
[99] Мониторинг топторунун отчеттору №№1-7/40, 1-5/11.
[100] Мониторинг тобунун отчету №1-5/38.
[101] Мониторинг тобунун отчету №1-5/31.
[102] Мониторинг тобунун отчету №№1-2/4, 1-2/8.

Башка учурларда медициналык кызматкерлер кармалган адамдардын денесинде жана бетинде уруп-согуунун тактары ачык көрүнүп тургандыгын көрүп турса деле денесине залал келтирилгендигин документтештиришкен эмес.

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Медициналык тастыктоону өткөрүштү, бирок, көгөргөн жерлер бар экендигин жазышкан жок».*[103]


**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Мени абдан сабалган абалымда алып киришкенде дарыгер: "Башкысы - бутуңа тура аласыңбы, болду",- деп, маалымдама берип койду".*[104]

**Мониторинг тобунун отчетунан:**
*«Врач эч нерсени сураган жок, ал гана эмес мени карап да койгон жок, мени "ден-соолугу жайында" деп жазып койду»*[105].

86 камакка алынган адамды (17,2%) сурамжылоо учурунда алар алынып келинген учурда УКЖ начальниги жана кызматкерлери тарабынан кароодон өткөрүлгөндүгүн айтышты. Мисалы, Балыкчы жана Нарын шаарынын ИИБ УКЖда, Талас облусунун ИИБ УКЖда.

**Диаграмма 31.**


**УКЖга отургузаарда медициналык тастыктоо ким тарабынан жасалган**




[103] Мониторинг тобунун отчету №1-7/44.
[104] Мониторинг тобунун отчету №1-2/25.
[105] Мониторинг тобунун отчету №1-7/8.

**Диаграмма 32.**

**УКЖге отургузаарда медициналык тастыктоодон өткөрүү процедурасы**




Сурамжылоонун жыйынтыктары боюнча медициналык тастыктоону өткөрүү процедурасы эл аралык стандарттарда көрсөтүлгөн, анын ичинде Стамбул протоколунун жоболоруна (Кыйноолорду, катаал, адам чыдагыс, ар-намысты басмырлаган мамилелерди жана жазаларды натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча жетекчилик) жооп бербей тургандыгын болжолдосо болот. Айталы, УКЖде суралган ар бир бешинчи адам медициналык тастыктоо тышкы кийимчен эле жүргүзүлгөндүгүн билдирген.

Медициналык тастыктоону жүргүзүүдө 16,9% учурда дарыгер менен фельдшер оозеки жүзүндө эле сурап, жоопторду жазып коюшкан. 23,5% учурда белине чейин чечиндирип, оозеки суроо берип, жоопторун жазып коюшкан. 6,6% учурда дарыгер кармалган адамды карабастан, эч нерсени сурабастан эле маалымдама берип койгон. 12,3% учурда гана медициналык кызматкер кармалган адамды толук кароодон өткөрүп, сурамжылоо жасаган.

**<u>Мониторинг топторунун отчетторунан</u>:**
*«Медициналык кароо таптакыр өткөрүлгөн жок, врач карабай эле, эч нерсени сурабай эле маалымдама берип койду».*[106]


Кыйноолорду пайдалануунун издери

Суралгандардын сөзүнө караганда, тергөө иштерин жасоо максатында УКЖден тышкаркы жактарга алып чыгуудан кийин басымдуу учурда медициналык тастыктоо жүргүзүлбөйт. Айталы, ар бир жолу УКЖден алынып чыккандан кийин 82,7% пайыз камалгандарды медициналык тастыктоодон өткөрүшкөн эмес. Мында камактагыларды медициналык кароодон өткөрүү медициналык кызматкер тарабынан эмес, УКЖ нөөмөтчүсү тарабынан өткөрүлгөн.

Бул факт олуттуу кооптонууну жаратат, анткени жогоруда келтирилген маалыматтарга ылайык, УКЖдеги суралгандардын 11,6%, ТИЗОдогу суралгандардын 38,8% УКЖден тышкаркы жерлерге алынып

[106]Мониторинг тобунун отчету №№1-5/30, 1-5/31, 1-5/32.

чыккан учурда кыйноолорго дуушар болушкандыгын билдиришкен.

Камакка алынгандардын сөзүнө караганда, ИИБ кызматкерлери кармалган адамды медициналык кароо өткөрүлгөндөн кийин жана дарыгердин анын ден-соолугу тууралында маалымдама бергенден кийин уруп-сабаган учурлары бар.

**<u>Мониторинг тобунун отчету</u>:**
*«2012-жылдын 14-июнунда мени ооруканага медициналык кароодон өткөрүү үчүн алып барышты, анан ооруканадан келгенден кийин үч оперативдүү кызматкер (бирөөнүн аты Эрзат, экөөсүнүн атын билбейм, бирок, көрсөм тааныйм) мени ШИИБга алып келип, уруп-сабашты. Эртең мененки 10дон түнкү 3кө чейин сабашты. Бири буттарыма резина таяк менен чаап, калган экөө муштап, тепкилешти, башка-көзгө койгулашты. Көзүмдү көгөртө муштагылашты. 22-июнда мен арызымды нөөмөтчүгө бердим. 1-июлда прокурор менен жолуктум»*[107]

ТИЗОдо отурган суралгандардын 17,2% ТИЗОго алып келинген учурда медициналык тастыктоо болбогондугун билдиришти.

Бардык башка учурларда (82,8%) ТИЗОго алынып келгендерди медициналык тастыктоодон ТИЗО дарыгери өткөргөн.

**Диаграмма 33.**


**ТИЗОго отургузаар алдындагы медициналык тастыктоодон өткөрүү**




УКЖдегидей эле ТИЗОдо да мыйзамдардын камактагыларды ТИЗОдон башка жактарга тергөө иштерин аткаруу жана соттун отурумдарга катышуу үчүн алып чыгып келгенден кийин медициналык тастыктоодон өткөрүү талаптары сакталбайт. Айталы, ТИЗОго кайтып келген мезгилде медициналык тастыктоо камактагылардын 71,2% өткөрүлгөн эмес.

Респонденттердин жарымынан ашыгы (52,5%) медициналык тастыктоо кабыл алуу-бөлүштүрүү жайга отургузган учурда өткөрүлбөгөндүгүн белгилешти.

**Диаграмма 34.**
**Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайга отургузууда медициналык тастыктоодон өткөрүү**




107 Мониторинг тобунун отчету №3-2/3.



Кыйноолорду пайдалануунун издери

Кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларда бардык учурларда медициналык тастыктоо мекеменин дарыгери же фельдшери менен жаңы алынып келинген учурда өткөрүлөт.[108]

Мониторинг ЖАМК менен ИИБнын жабык мекемелерине отургузуу учурунда камалган адамдардын ден-соолугунун абалын жана денесине залал келтирилгендигин медициналык тастыктоодон өткөрүүнүн бирдиктүү бекитилген формасы жок экендигин аныктады. Денесине келтирилген залалды тастыктоону көпчүлүк учурда ортоңку медициналык персонал өткөрөт да, ал корутундулар толук эмес жана анчейин квалификациялуу эмес маалыматты камтыйт, бул маалымат камактагы адамдын абалын жана жараат кандай шарттарда пайда болгондугун чагылдыра албайт.

Камактагылардын документтеринде медициналык тастыктоонун жыйынтыктары боюнча корутундулар жок. Тергөөчүнүн талабы менен психоактивдүү каражаттарды жана алкоголь ичимдиктерин колдонгон абалын тактоо үчүн медициналык тастыктоонун стандарттуу формасы колдонулат.

Ошентип, медициналык тастыктоону өткөрүү практикасы кыйноолор жана катаал мамиле жасоо фактыларын натыйжалуу документтештирүү максатында бул процедурага коюлган талаптарга жооп бербейт деген жыйынтык чыгарууга болот.

Түзүлгөн абалды оңдоо максатында бейөкмөт уюмдарынын тобу ЖАМК ТИЗОсунун дарыгерлери менен биргеликте ЕККУнун Бишкектеги борборунун колдоосу менен Медициналык тастыктоонун стандарттык фланкын иштеп чыгышкан. Бул бланк жабык мекемелердин персоналынын Стамбул протоколуна ылайык кыйноолор жана катаал мамиле жасоо фактыларын натыйжалуу документтештирүү боюнча ишмердүүлүгүн жакшыртууга багытталган. 2012-жылдын сентябрь-октябрында бланк №21 ТИЗО менен №25 ТИЗОнун шарттарында алгач ирет пайдаланылган.

Азыркы тапта бланканы иштеп чыгуу жана жабык психиатриялык жана психоневрологиялык мекемелерде киргизүүк боюнча ишке КР Саламаттык сактоо министрлигинин өкүлдөрү кошулушту.

Жакынкы арада бланканын ишке киргизилиши күтүлүүдө, бул медициналык кызматкерлерге кыйноолор колдонулган фактыларды натыйжалуу документтештирүүгө шарт түзөт жана кыйноолордун алдын алуу жолунда иштиктүү механизмге айланат.

Кыйноолор боюнча атайын баяндамачы ошол замат медициналык тастыктоо өткөрүлбөсө кыйноолор пайдаланылгандыгын далилдөө кыйын экендигин белгилейт. Буга байланыштуу Атайын баяндамачы Кыргызстанга мыйзам түрүндө минималдуу мөөнөттү белгилеп, ал мөөнөт ичинде Стамбул протоколуна ылайык медициналык тастыктоо өткөрүлүшү керектигин киргизүүнү сунуштайт. [109]

Ал ошондой эле убактылуу кармоочу изоляторлорундагы жана тергөө изоляторлорундагы квалификациялуу медициналык кызматкерлердин санын көбөйтүүнү жана медициналык кызматкерлерди ИИМ менен ЖАМК карамагынан чыгарып, Саламаттык сактоо министрлигинин карамагына өткөрүү аркылуу алардын жабык жайлардагы көз карандысыздыгын кепилдөөнү, ошондой эле соттук-медициналык кызматтардын

[108] КР ИИМинин Коомдук коопсуздук башкы башкармалыгынын 2012-жылдын 25-апрелиндеги чыгыш № 11/671 каты.
[109] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, 81-пар (с).

кыйноолорду жана башка катаал мамиле кылуу формаларын иликтөө маселелери боюнча даярдоону камсыздоону сунуштайт.[110]

## 6.3. КЫЙНООЛОР ФАКТЫЛАРЫН ДОКУМЕНТТЕШТИРҮҮ. КЫЙНООЛОРДУН КУРМАНДЫКТАРЫНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ КӨРСӨТҮҮ

2011-жылдагы мониторингдин жыйынтыктарынан улам, ошондой эле 2012-жылы ЖАМК ТИЗОсунда, ИИБ УКЖ жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында мониторинг жүргүзүү процессине тиешеси бар бейөкмөт уюмдардын практикасын, анын ичинде кыйноолорго жана катаал мамиле жасоого кабылгандар көп учурларда бузулган укуктарын натыйжалуу коргой албай тургандыгын эске алуу менен бул изилдөөнүн алкагында маанилүү милдеттер болуп төмөнкүлөр белгиленди:

- Мониторингдин жүрүшүндө аныкталган кыйноолорду пайдалануу жана катаал мамиле жасоо фактыларын документтештирүү.
- Төмөнкүлөргө оперативдүү юридикалык жардам берүү:

  – кыйноолордун жана башка катаал, адам чыдагыс мамилелердин жана жазалардын курмандыктарына;
  – укук коргоо органдарынын кызматкерлеринин башка мыйзамсыз иш-аракеттерине;
  – сотто натыйжалуу юридикалык (жактоочулук) коргоо менен камсыздалбаган камакта отурган адамдарга;
  – натыйжалуу юридикалык (жактоочулук) коргоо менен камсыздалбаган камакта отурган жашы жете электерге;
  – натыйжалуу юридикалык (жактоочулук) коргоо менен камсыздалбаган аялдарга.

Тилекке каршы, 2011-жылдагы ИИБ УКЖге мониторинг жүргүзүү аяктагандан бир жыл өткөндөн кийин да акыйкат сот өндүрүшүнүн минималдуу стандарттарын сактоо маселелериндеги абал жакшы жагына өзгөргөн жок. Кылмышка шектелгендердин (айыпталуучулардын, соттолуучулардын) кылмыш соттук өндүрүшүнүн бардык стадияларында өз укуктарын коргоо үчүн өз тандоосу боюнча жактоочунун юридикалык жардамына болгон укугунун, бардык камалгандарга, айыбы угузулган же угузула элек кармалган адамдардын бардыгына токтоосуз жактоочунун жардамынан пайданалууга болгон укукту камсыздабоо одоно мыйзам бузуулардын бири болуп саналат.

Мониторингдин жыйынтыктары көрсөткөндөй, кыйноолорго жана катаал мамиле жасоого кабылгандардын көпчүлүгү же алардын туугандары каражаты жоктугунан улам жактоочуну өз алдынча тандап алууга мүмкүнчүлүгү жок. КР КЖК талаптарына ылайык, мындай учурларда тергөө органдары аларга юридикалык жардам көрсөтүү үчүн жактоочуларды өздөрү дайындайт. Анткен менен булар “чөнтөк”, “дүжүр” жактоочулар болуп саналат, алар өз милдеттерин тиешелүү деңгээлде аткарышпайт, кыйноолордун курмандыктарынын катышуусу менен өткөрүлгөн тергөө иштеринин өндүрүшүнө катышпайт, кылмыш ишинин материалдары менен таанышпастан туруп кол коюшат, айрым учурларда ортомчунун ролун аткарып, корголуп жаткан адамды күнөөнү мойнуна алууга көндүрүүгө аракет кылышат.

[110] Кыйноолор боюнча Атайын баяндамачынын баяндамасы, 81-пар (е).

Дал ушуга байланыштуу БУУнун кыйноолор жана катаал, адам чыдагыс, ар-намысты басмырлаган мамилелер жана жазалар маселелери боюнча Атайын баяндамачысы Кыргызстанга болгон иш сапарынын жыйынтыктары боюнча өз баяндамасында өлкөнүн бийлигине кылмышка шектелгендердин, айыпталуучулардын, соттолуучулардын кызыкчылыгын коргоо үчүн мамлекет тарабынан жактоочуларды дайындоо тутумун жакшыртууну сунуштайт.[111]

Мониторингдин жүрүшүндө ЖАМК ТИЗОдо, ИИБ УКЖде жана кабыл алуу-бөлүштүрүү жайларында отурган ар бир адам мониторинг топторуна ага карата колдонулган кыйноо жана катаал мамиле кылуу фактылары туурасында билдире алды. Катарында КР Акыйкатчысынын (Омбудсменинин) Аппаратынын кызматкерлери, белгилүү укук коргоочулар, КР Өкмөтүнө караштуу ЖАМК алдындагы КБК, КР ИИМине караштуу КБК мүчөлөрү болгон мониторинг топторунун мүчөлөрүнүн тажрыйбасы жана квалификациясы ар бир билдирилген кыйноолор жана катаал мамиле фактыларын тиешелүү деңгээлде документтештирүүгө мүмкүнчүлүк берди.

Респонденттерден мониторингдин жүрүшүндө алынган кыйноолор жөнүндөгү билдирүүлөр кыйноолор тууралуу билдирүүлөрдү текшере турган жана күнөөлүүлөргө карата кылмыш ишин козгоо маселесин чече турган прокуратура органдарына ошол замат өткөрүлүп берилди. ИИБ УКЖда камакта отурган адамдардын кыйноолор колдонулгандыгы жана катаал мамиле жасалгандыгы жөнүндө берген арыздарынын андан аркы тагдырына көз салуу, аларга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүлгөндүгүн тактоо боюнча милдет төмөнкү беш бейөкмөт уюмуна жүктөлгөн:

- "Кылым Шамы" адам укугун коргоо боюнча борбору, Бишкек ш;
- "Акыйкаттуулук" Жалал-Абад облустук укук коргоочу уюму, Жалал-Абад ш;
- «Соломон нуру» Коомдук фонду, Ош ш;
- «Азаттык үнү» Коомдук фонду, Бишкек ш;
- "Жаштар укук коргоо тобу" Коомдук бирикмеси, Бишкек ш.

Бардык уюмдар кыйноолордон жана катаал мамиледен жабыркаган адамдардын кызыкчылыктарын коргоо тажрыйбасы бар жактоочуларды ишке тартышкан.

Отчеттук мезгил ичинде бейөкмөт уюмдары тарабынан прокуратура органдарына кыйноолор колдонулган фактылар боюнча 144 арыз келип түшкөн, анын ичинен:

- «Кылым Шамы» АУКБ - 38, анын ичинде 6 арыз жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү учурунда камактагы адамдардан алынган;
- «Акыйкаттуулук» АУКУ- 41, анын ичинде 36 арыз жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү учурунда камактагы адамдардан алынган;
- «Соломон нуру» КФ - 22, анын ичинде 14 арыз жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү учурунда камактагы адамдардан алынган;
- «Азаттык үнү» КФ - 43,
- «Жаштар укук коргоо тобу» КУ-1, анын ичинде 38 арыз жабык мекемелерде мониторинг жүргүзүү учурунда камактагы адамдардан алынган;

[111] Кыйноолор маселелери боюнча атайын баяндамачы, 81-пар. (b): «Мамлекет тарабынан жактоочуларды дайындоо тутумун толугу менен кайра карап чыгып, аны ачык жана айкын түрдө акыйкат акы алган көз карандысыз жактоочуларды тартуу менен алмаштыруу, башкача айтканда, практика жүзүндө тергөөчү көзөмөлдөй албай турган болушу керек; бардык кармалгандардын жактоочулардын кызматынан пайдалануусуна, анын ичинде - суракка чейин да, шарт түзүлүшүн кепилдеген укуктук жардамдын улуттук программаларын киргизүүнү кароо керек".

**“Азаттык үнү” КФ практикасынан мисал:**

*2012-жылдын 30-майында Новопавловка АМБ кызматкерлери тарабынан тоокторду уурдаган деп шектелген 1974-жылы туулган П.С. кармалып, АМБга жеткирилген. Шектүү деп кармалган П.С. кылмышты толугу менен мойнуна алган. Анткен менен бөлүмгө алынып келингенден кийин ага ушундай сыяктуу эле башка кылмышты мойнуна алдыруу максатында кыйноого алынган. Башка кылмышты жасагам деп мойнуна алуудан ал баш тарткан. 2012-жылдын 7-июнунда мониторинг тобу Сокулук районунун ИИБсынын УКИсинде болгон учурда П.С.кыйноолор туурасында айтып берген. Арыз Сокулук районунун прокуратурасына жөнөтүлүп, ал ошол эле күнү кылмыш ишин ачуудан баш тарткан. Сокулук райондук соту П.С. жактоочусунун арызын карап чыгып, кылмыш ишин ачуудан баш тартуу токтомун мыйзамсыз деп таап, токтомду жокко чыгарып, материалдарды кошумча түрдө текшерүү жана мыйзамдуу чечим кабыл алуу үчүн прокуратурага жиберген.*

**“Соломон нуру” КФ практикасынан мисал:**

*Ош ш. №25 ТИЗОсуна мониторинг жүргүзүү учурунда КР КК 167-беренесинде каралган кылмыш ишин жасаган деп айыпталган адам Ош ш. ИИБ УКИ кызматкерлери аны кыйноого алгандыгын билдирген. Ош ш. прокуратурасы кылмыш ишин козгоодон баш тарткан.*

- , Бишкек ш;
- “Акыйкаттуулук” Жалал-Абад облустук укук коргоочу уюму, Жалал-Абад ш;
- «Соломон нуру» Коомдук фонду, Ош ш;
- «Азаттык үнү» Коомдук фонду, Бишкек ш;
- “Жаштар укук коргоо тобу” Коомдук бирикмеси, Бишкек ш.

Бейөкмөт уюмдары жөнөткөн 19 арызда (13,2%) көрсөтүлгөн кыйноолор фактылары боюнча прокуратура органдары тарабынан кылмыш иштери козголгон, алардын ичинен:

- 12 – “Кылым Шамы” адам укугун коргоо боюнча борборунан түшкөн арыздар боюнча;
- 2 - “Акыйкаттуулук” укук коргоочу уюмунан түшкөн арыздар боюнча;
- 1- «Соломон нуру» Коомдук фондунан түшкөн арыздар боюнча;
- 3 - «Азаттык үнү» Коомдук фондунан түшкөн арыздар боюнча;
- 1 - “Жаштар укук коргоо тобу” Коомдук бирикмесинен түшкөн арыздар боюнча;

**“Кылым шамы” АУКБ практикасынан мисал:**

*2012-жылдын 30-апрелинде 1981-ж.туулган У.К. милиция кызматкерлери тарабынан жаш баланы уурдаган деп шек саноо менен кармалган.Кармоо учурунда жана андан кийин У.К. Бишкек шаарынын Сверлов районунун ИИБ кызматкерлери тарабынан уруп-согууга алынып, аталган кылмышты мойнуна алдырууга аракет кылышкан. РИИБ оперативдүү кызматкерлеринин кабинеттеринин биринде катары менен бир нече саат бою (08.00дөн 17.30га чейин) У.К. сабап, башына полиэтилен пакет кийгизип, узак убакытка чейин колдоруна кишен салып, стулга кадап, кыйнашкан. 2012-жылдын 5-июнунда У.К. жактоочусу КР Башкы прокуратурасына арыз менен кайрылып, милиция кызматкерлерине карата чара көрүлүүсүн талап кылган. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кылмыш иши козголуп, 2012-жылдын 25- сентябрында И.Ч.., О.Э. жана А.М. аттуу кызматкерлерге КР КК 305-1 б.2 п.1.(“Кыйноо”) боюнча айып тагылган. Азыркы тапта иликтөө иштери жүргүзүлүүдө.*

**“Кылым шамы” АУКБ практикасынан мисал:**
*1079-жылы туулган И.С.,Бакай-Ата районунун ИИБсында кыйноого алынган. Анын башына противогаз кийгизип, кызматкерлердин бири аны тура албай турган кылып тизесинен басып, калгандары муштап, тепкилешкен. И.С. бир нече ирет эсинен танып калганына карабастан, милиция кызматкерлери аны эсине келтирип, алты мүшөк буурчак жана электр тешкичти уурдаганыңды мойнуңа ал деп уруп-согуп, кыйнашкан.*
*Анын атасы ушул милиционерлердин талабы менен 5000 сом пара бергенден кийин гана аны бошотушкан. Бул факты боюнча Бакай-Ата районунун прокуратурасы КР КК 304-беренеси (“Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу”) жана 305-1 (“Кыйноо”) беренеси боюнча кылмыш ишин козгогон. Азыркы тапта кылмыш иштери иликтөө стадиясында турат.*

**“Кылым шамы” АУКБ практикасынан мисал:**

*1995-жылы туулган Т.Аны адам өлтүргөндүгүн мойнуна алдыруу максатында кыйнашкан. Милиция кызматкерлери аны бетке чаап, денесинин ар кайсы жерине муштагылашкан. Бишкек шаарынын Свердлов районунун прокуратурасы КР КК 305-беренесинин 2-б. 2-п., 3-б. 1-п. (“Кыйноо”) кылмыш ишин козгогон. Азыркы тапта тергөө иштери жүргүзүлүүдө.*

Бейөкмөт уюмдардан түшкөн арыздардын негизинде козголгон 9 кылмыш иши сотко кароого жөнөтүлгөн. Отчет даярдалып жаткан мезгилде бул боюнча чечим кабыл алына элек болчу.

**“Кылым шамы” АУКБ практикасынан мисал:**

*1988 жана 1987 жылдары туулган М.Ч. менен С.А., адегенде “Народный” дүкөнүнүн жанынан, кийинчерээк Токмок шаарынын ИИБнын нөөмөт бөлүмүндө сегиз укук коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан кыйноого алынышкан. Аларды бейбаштык кылгандыгын жана спирт ичимдиктерин ичкендигин мойнуна алдыруу максатында уруп-сабашкан. Токмок шаарынын прокуратурасы КПК милиционери Т.Т., кенже оперкызматкер Т.У., ЖКК инспектору С.А., Токмок шаарынын ИИБнын №3 ПМБ милициялык участкалык инспектору К.Р карата кылмыш ишин козгогон. Аларга КР КК 305-берененин 2-б.3-п. (“Кызматтык абалынан ашкере пайдалануу”) боюнча айып тагылган. Токмок шаарынын прокуратурасынын тергөөчүсүнүн токтому менен милиция кызматкерлери ээлеген кызматынан четтетилишкен. Кылмыш иши соттун кароосуна жөнөтүлгөн. Азыркы тапта соттолуучу К.Р.нын ооруп калгандыгына байланыштуу убактылуу токтотулуп турат.*

Укук коргоо органдары 108 жолу кылмыш ишин козгоодон баш тартышкан, алардын ичинен:

- 25 - «Кылым шамы» АУКБ;
- 39 – “Акыйкаттуулук” КУКБ;
- 13- “Соломон нуру” КФ;
- 31- “Азаттык үнү” КФ.

**“Акыйкаттуулук” КУКБ практикасынан мисал:**
*1993-жылы туулган К.Б.,2012-жылдын 21-июлунда Жалал-Абад шаарындагы өз үйүнөн Аксы районунун ИИБ жана ИИБ 15 кызматкери тарабынан кармалган. Аны кармаган учурда катуу сабап, муунтуп, үйүнөн эсинен танып калган абалда алып кетишкен. УКЖга алып келгенден кийин Абдрашит, Жаныш, Тынар аттуу милиционерлер ичине, башы-көзүнө*

*койгулап, сабашкан. Башына кап кийгизишкен. УКИ начальниги бардык шейшеп-жаздык тыштарды алып кеткендиктен ага бетон полго уктаганга туура келген. Аксы районунун ИИБ УКЖга мониторинг жүргүзгөн учурда К.Б. байкоочуларга кыйноолор жөнүндө айтып берген. Байкоочулар К.Б.нын арызын Аксы районунун прокуратурасына беришкен, бирок кылмыш курамы жоктугуна байланыштуу деп кылмыш ишин козгоодон баш тартышкан. 2012-жылдын 1-ноябрында кылмыш ишин козгоодон баш тартуу чечимин жокко чыгаруу талабы менен Аксы райондук сотуна кайрылган.*

**«Кылым Шамы» КУКБ практикасынан мисал:**

*1973-жылы туулган Т.М.,УКМК жана милиция кызматкерлери тарабынан кашарды жардырууга катыштыгы бар деген шектенүү менен кармалган. Аны Аламүдүн районунун ИИБсына алып келип, бир нече саат бою сабашкан, мунун жыйынтыгында анын тиштери сынып, бир нече кабыргасы, сүбөөсү сынып, эки бөйрөгүнө тең зыян келтирилген. Уруп-сабоонун айынан Т.М. ишке жараксыз болуп, операцияга жана кам көрүүгө муктаж болуп калган. Материалдык кыйынчылыктардан улам Т.М.дин үй-бүлөсү ишти соттук териштирүүлөрдө жардам берүү жана аны актап чыгуу үчүн жактоочу жалдап алганга мүмкүнчүлүгү жок. Аламүдүн районунун прокуратурасы кылмыш ишин козгогондон баш тартты. Жактоочу кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом боюнча Аламүдүн райондук сотуна арыз менен кайрылды. Азыркы тапта арыз каралуу алдында турат.*

**"Соломон нуру" КФ практикасынан мисал:**

*1985-жылы туулган М.М., 2012-жылдын 18-майында милиция кызматкерлери тарабынан кармалган. Аны Ош шаарынын ШИИБсынын №2 ШМБга алып келип, уурулук кылгандыгын мойнуна алдыруу максатында уруп-сабашкан. Башына целлофан пакет кийгизип, аба жуткурбай кыйнашкан. Кыйноолорго туруштук бере албай, ал кылмышты мойнун алууга мажбур болгон. Кылмыш ишин козгоодон баш тартышкан.*

**"Соломон нуру" КФ практикасынан мисал:**

*1983-ж.туулган А.Т., 2012-жылдын 13-июлунда Ош шаарынын Ак-Буура милиция бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан уурулук кылган деген шектенүү менен кармалган. Кармалгандан кийин андан мойнуна алган көрсөтмөлөрдү алуу максатында резина таяк, колдору менен муштагылап, сабоого алышкан. Бул боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартышкан.*

Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтомдор боюнча 12 жолу сотко арыз менен кайрылуу болгон. Анын ичинен 5 ирет сот кылмыш ишин козгоо тууралуу токтомдорду мыйзамсыз деп таап, токтомдорду жокко чыгарган, иштин материалдарын прокуратура органдарына кошумча текшерүү жана мыйзамдуу чечим кабыл алуу үчүн кайтарып берген.

**"Кылым шамы" АУКБ практикасынан мисал:**

*Талас облусунун ИИБ УКЖга мониторинг жүргүзүү учурунда 1980-ж. туулган Ж.уулу М.,аны кыйноого алган милиция кызматкерлерине чара көрүү арызы менен кайрылган. Талас райондук прокуратурасы кылмыш ишинин курамы жоктугуна байланыштуу деп кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтом кабыл алган. Кылмыш ишин козгоодон баш тарткан аталган токтом боюнча Талас райондук сотуна арыз менен кайрылганда сот арызды канааттандырып, кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө токтомду жокко чыгарып, материалдарды Талас райондук прокуратурасына кошумча текшерүү үчүн жөнөткөн.*

**“Азаттык үнү” КФ практикасынан мисал:**
*1974-ж. туулган Ж.К., Каракол шаарынын шаардык автобекетинде ички иштер органдарынын формасын кийген адамдар сабап жаткан жаш балага болуша кеткен. Анын жыйынтыгында өзү милициянын ээн баштыгынын курмандыгы болуп калган. Ж.К.нын арызын текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кылмыш ишин козгоодон баш тартышкан. Ж.К.нын арызынын негизинде Ысык-Көл прокуратурасы тарабынан кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндөгү токтом жокко чыгарылып, КР КК 305-беренеси (“Кызматтык абалынан ашкере пайдалануу”) боюнча кылмыш иши козголгон.*

Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу жөнүндө төрт токтом күчүндө калтырылып, арыздар канааттандырылган эмес. Долбоордун алкагындагы иликтөөлөр учурунда жалпысынан 75 адамга юридикалык жардам көрсөтүлгөн, анын ичинде – жабык мекемелерге мониторинг жүргүзүүнүн жүрүшүндө аныкталган кыйноолордон жабыркаган 22 адамга жардам берилген. Алардын ичинен:

- «Кылым Шамы» АУКБ - 39 (кыйноодон жабыркаган 7 адам);
- «Акыйкаттуулук» КУКБ - 7 (кыйноодон жабыркаган 1 адам);
- «Соломон нуру» КФ - 23 (кыйноодон жабыркаган 13 адам);
- «Азаттык үнү» - 6 (кыйноодон жабыркаган 1 адам).

**“Азаттык үнү” КФ практикасынан мисал:**
*Мониторинг жүргүзүү учурунда ТИЗОнун камераларынын биринде жашы жете элек Э.Э.. отургандыгы аныкталган. Анын сөзүнө караганда, аны милиция кызматкерлери уурулукка шектүү деп кармап келип, бардык жерде 20 жаштамын деп жаздырып, кылмышты мойнуна алдыруу максатында уруп-сабашкан. “Азаттык үнү” КФ жалдаган жактоочунун аракети менен Э.Э.нин баш коргоо чарасы эч жакка кетпөө тууралуу тилкат берүүгө алмаштырылган. Соттук териштирүүнүн жыйынтыгында Э.Э. шарттуу кесилген.*

Кененирээк маалыматтар төмөндөгү таблицада келтирилген.

| № | Кыйноолор жөнүндө арыздар | «КылымШамы» АУКБ | | «Акыйкаттуулук» КУКБ | | «Соломонну ру” КФ | | «Азаттык үнү» КФ | | ЖУКТКБ | | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Мониторинг жүрүшүндө | Мониторингден тышкары | Мониторинг жүрүшүндө | Мониторингден тышкары | Мониторинг жүрүшүндө | Мониторингден тышкары | Мониторинг жүрүшүндө | Мониторингден тышкары | Мониторинг жүрүшүндө | Мониторингден тышкары ен тышкары | |
| 1 | Жактоочунун жардамы көрсөтүлдү (адамдарга) | **7** | **32** | **1** | **6** | **13** | **10** | **1** | **5** | **6** | **-** | **81** |
| 2 | Кыйноолор колдонулган фактылар тууралуу арыздар прокуратурага жөнөтүлдү | **6** | **32** | **36** | **5** | **14** | **8** | **38** | **5** | **1** | **-** | **145** |
| 3. | Кылмыш иши | **-** | **12** | **-** | **2** | **1** | **-** | **0** | **3** | **1** | **-** | **19** |

| | | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | козголду | | | | | | | | | | | |
| 4. | Кылмыш иши сотко жөнөтүлдү | **-** | **4** | **-** | **2** | **-** | **-** | **0** | **2** | **1** | **-** | **9** |
| 5. | Кылмыш ишин козгоодон баш тартылды | **5** | **20** | **36** | **3** | **13** | | **28** | **3** | **-** | **-** | **108** |
| 6. | Кылмыш ишин козгоодон баш тартуу боюнча сотко арыз менен кайрылуу | **2** | **4** | **1** | **1** | **2** | | **1** | **1** | **-** | **-** | **12** |
| 7. | Сот жактоочунун прокуратуранын кылмыш ишин козгоодон баш тартуусу мыйзамсыз экендиги жөнүндөгү арызын канааттандырды | **1** | **2** | | **0** | **1** | | **1** | | **-** | **-** | **5** |
| 8. | Сот жактоочунун прокуратуранын кылмыш ишин козгоодон баш тартуусу мыйзамсыз экендиги жөнүндөгү арызын канааттандырган жок | **1** | **2** | | **1** | | | **0** | | **-** | **-** | **4** |

## 6.4. КЫЙНООЛОРДОН ЖАБЫР ТАРТКАНДАР ҮЧҮН РЕАБИЛИТАЦИЯЛЫК ПРОГРАММА

Кыйноолордун жана катаал мамилелердин курмандыктарын реабилитациялоо боюнча кызмат көрсөтүү башынан эле долбоордун маанилүү милдеттеринин бири болуп келген. Мындай компонентти киргизүүнүн зарылдыгы 2011-жылдын изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары менен бекемделген болчу.

Былтыркы жылдагыдай эле кыйноолордун жана катаал мамиле жасоонун курмандыктарына медициналык, психологиялык, социалдык жардам берүү боюнча иш-чараларды камтыган реабилитация боюнча компонентти ишке ашыруу милдети 2007-жылы “Азаттык үнү” Коомдук фондуна караштуу Кыйноолордун курмандыктары үчүн реабилитациялык борборуна бекитилген (мындан ары – Реабилитациялык борбор).[112]



Реабилитациялык борбордун психологу жабыркаган адам менен маектешүүдө

Реабилитациялык борбор Кыргыз Республикасындагы кыйноолордон жабыркаган адамдарга медициналык, психологиялык, психотерапевттик жана социалдык кызмат көрсөтүү боюнча жападан-жалгыз программа болуп саналат.

Бардыгы болуп Реабилитациялык борбордо 8 кызматкер иштейт, анын ичинде: жогорку категориясы жана 17 жылдан 40 жылга чейинки эмгек стажы бар 4 дарыгер-психотерапевт жана дарыгер-терапевт, ошондой эле психолог, социалдык кызматкер жана кейс-менеджер бар. Борбордун бардык кызматкерлери кыйноолордон жабыр тарткандарга мамиле кылуунун, кыйноолорду жана катаал мамилелерди натыйжалуу медициналык документтештирүүнүн эл аралык стандарттарын өздөштүрүшкөн.

Кыйноолордон жабыр тарткан адам аныкталганда (кайрылганда) өткөрүлө турган негизги иш-чаралар төмөнкүлөр болуп саналат:

- **<u>Диагностика</u>**

– медициналык диагностика, ал өзүнө алгачкы сурамжылоону, адистер командасы менен клиникалык медициналык изилдөө, бейтаптын психикалык жана неврологиялык абалын аныктоону камтыйт;

– психологиялык изилдөө, бул үчүн жараат алгандан кийинки стресс абалынын белгилерин баалоочу ар кандай суроолорго жооп алуу, ошондой эле депрессия жана кыжаалат болуунун шкаласы, инсандык профилди изилдөөгө тесттер, проекциялык тесттер пайдаланылат;

– кыйноолор колдонулган мезгилдин алдындагы, кыйноолор колдонулган фактыларга байланыштуу, ошондой эле кыйноолордон кийинки мезгилдеги толук медициналык анамнезди чогултуу;

[112] Реабилитациялоочу борбор БУУнун кыйноолордун курмандыктарын колдоо боюнча Ыктыярдуу фондусунун, ошондой эле Кыйноолордун курмандыктары үчүн эл аралык реабилитациялык кеңештин колдоосу менен түзүлгөн.

– конкреттүү адамга кыйноолор ким тарабынан, кайсы жерде, качан жана кандай ыкмалар аркылуу колдонулгандыгы жөнүндө толук маалыматты камтыган кыйноолорду колдонуунун тарыхы:
– лабораториялык жана инструменталдык иликтөөлөр;
– диагнозун, тиешелүү сунуштарды көрсөтүү менен медициналык жана психологиялык корутундуларды түзүү;

- **Дарылоо жана реабилитациялоо**

Кыйноолордун курмандыктарын реабилитациялоо учурунда ар бир конкреттүү окуяга жекече мамиле кылуу, адамдын тиешелүү иш-чараларды жүргүзүүгө сөзсүз түрдө макулдугун алуу аныктоочу фактор болуп саналат. Бул иш-чараларга төмөндөгүлөр кирет:

- Ар кыл медициналык манипуляцияларды жана медикаментоздук дарылоону камтыган медициналык кызмат көрсөтүү;
- психологиялык/психотерапевтикалык реабилитациялоо жана дарылоо;
- социалдык реабилитациялоо.

2012-жылдагы изилдөөнүн алкагындагы мониторингдин өзгөчөлүгү мониторинг топторуна байкоочулардан тышкары Реабилитациялык борбордун дарыгерлери да кошулгандыгында болуп саналат. Алардын милдети – ЖАМК ТИЗОдо жана ИИБ УКЖда отурган адамдар аларга кыйноолор колдонулгандыгы жөнүндө билдирген учурда алардын денесине залал келтирилгендигин аныктоо максатында аларды медициналык изилдөөдөн өткөрүүдө турат.


Ысык-Ата РИИБ УКЖда камакта отурган адамды тастыктоо

Тилекке каршы, кыйноолорду жана катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелер жана жазалардын түрлөрүн документтештирүү жана иликтөө жаатындагы эл аралык стандарттарга жооп берген шарттар айрым учурларда түзүлгөн эмес. Мисалга алсак, Стамбул протоколунда камакта отурган адамды кароодон өткөрүү жабык эшик артында жүргүзүлүшү керектиги жөнүндө талап каралган. Полицейскийлерге жана башка укук коргоо органдарынын кызматкерлери кароо жүргүзүлүп жаткан жерде болбошу керек. Эгерде кароону жүргүзүп жаткан дарыгер кармалган адам медициналык персоналдын коопсуздугуна олуттуу коркунуч туудурат деген ынанымдуу далилдер бар деп эсептесе гана бул процессуалдык кепилдик бузулушу мүмкүн. Ошондо да кароо жүргүзүп жаткан дарыгердин талабы менен полицескийлер же башка укук коргоо органдарынын кызматкерлери эмес, медициналык мекеменин кайтаруучулары ал жерге кирип турса болот.[113] Реабилитациялык борбордун дарыгерлеринин өз функцияларын аткаруу учурунда кездешкен кыйынчылыктардын бири – кароо жүргүзүлүп жаткан адамдын камакка алынган шартта келиши болду. Терапевтикалык жана психологиялык жардам көрсөткөн дарылоочу мекемелерге түздөн-түз барууга мүмкүнчүлүк жок болгондуктан, диагностикалык изилдөөнүн белгилүү бир методикаларын зарыл болгон учурда пайдаланууга мүмкүн болгон жок.

[113] Кыйноолорду жана башка катаал, адам чыдагыс жана ар-намысты басмырлаган мамилелерди жана жазаларды натыйжалуу иликтөө жана документтештирүү боюнча жетекчилик (Стамбул протоколу) 165-П..

Реабилитациялык борбордун дарыгерлеринин өз функцияларын аткаруу учурунда кездешкен кыйынчылыктардын дагы бири – кармалган бир адамды изилдөө жана сурамжылоого жумшалган убакыттын чектелгендигинде болду. 15-20 мүнөт ичинде сурамжылоо жүргүзүү кыйноонун психологиялык жана денеге залал тийгизген далилдерин баалоо жана тиешелүү дарылоону дайындоо үчүн жетишсиз экендиги билинди. Айрым учурларда экинчи, ал гана эмес үчүнчү сурамжылоону да жүргүзүү зарылдыгы келип чыкты, анткен менен бул жабык мекеменин шартында мүмкүн эмес эле.

Тилекке каршы, Реабилитациялык борбордун дарыгерлери ЖАМК ТИЗОдо отурган адамдарды изилдөө үчүн аталган мекемеге кирүүгө уруксат ала алышкан жок. Буга чейин белгиленип кеткендей, ЖАМК жетекчилиги ТИЗОдо камактагы иши тергөөдө болгон адамдарга жолуктуруудан баш тартуусунун себебин тергөө жана сот органдарынан уруксат алуунун зарылдыгы, ошондой эле кылмыш-түзөтүү тутумундагы оперативдик-режимдик кырдаал менен түшүндүргөн.

Практика көрсөткөндөй, квалификациялуу медициналык жана психологиялык жардам көрсөтүүдөн пайдалануу мүмкүнчүлүгүн чектөө кыйноо курмандыгынын камакта болгон учурунда гана эмес, бошонгондон кийинки учурда да орун алып келе жатат.

Реабилитациялык борбордун практикасында жабыр тарткандар камактан бошонгондон кийинки учурда да мамлекеттик медицина мекемелерине жардам сурап кайрылып, бирок, укук коргоо органдарынын медициналык кызматкерлерге кысым көрсөткөндүгүнөн улам жардам ала албаган учурлар бар. Кыйноолордун көптөгөн курмандыктары медициналык жардам сурап кайрылгандан коркушат, анткени кыйноочулар тарабынан коркунучту такай сезип турушат.

Жыл өткөн сайын Реабилитациялык борборго кайрылган адамдардын саны көбөйүүдө. Реабилитациялык борбор иштеп турган 5 жыл ичинде 300 адам реабилитациялоо программасынан өтүштү.

2012-жылдын январынан ноябрына чейин Реабилитациялык борбор кыйноолордон жабыр тарткан 110 адамга реабилитациялоо кызматын көрсөттү. Алар толук медициналык изилдөөдөн өтүп, абалынын оорлугуна жараша медициналык жардам алышты.

Кыйноолордон жабыркаган 22 адам стационардык дарылануудан өтүштү. Ага ылайык, медициналык мекемеге жаткырылып, 10 күн бою комплекстүү дарыланып, анын ичинде зарыл болгон медикаменттерди, психологиялык/психотерапевтикалык жана башка процедураларды алышты.

**Реабилитациялык борбордун практикасынан мисал:**

*27 жаштагы М. эки ирет Түп районунун ИИБ кызматкерлери тарабынан кыйноого алынган, анткени милиция кызматкеринин жеке автомашинасын бекер оңдоп берүүдөн баш тарткан. Анын сөзүнө караганда, 5 милиция кызматкери аны сабап, башына тепкилегенде ал эсинен танып калган. М. өлүп калды деп ойлоп, милиция кызматкерлери аны карга көөмп, кетип калышкан. Бирок, М. өлбөй калып, прокуратура органдарына арыз менен кайрылган. Дарылаган врач койгон диагноз: баш сөөгүнөн жана мээсинен алган жаракаттын кесепеттери, астено-вегетативдик синдрому менен.*

*Реабилитациялык программанын алкагында М. ооруканага жаткырылып, 10 күндүн ичинде комплекстүү медициналык кароодон өтүп, медикаментоздук дарылаудан өткөн. Бр жылдан ашуун убакыттан бери М. жана анын апасы менен психотерапевт иштөөдө, анткени М., енесинен алган жарааттан тышкары күчтүү психологиялык стресске кабылган, ал эми апасы милиционерлер тарабынан катуу кысымга алынган.*

28 адам амбулаториялык шартта дарыланып, толук медициналык кароодон өтүп, Кыргыз Республикасынын саламатык сактоо министрлигинин тутумундагы медициналык мекемелеринде (поликлиникалар, ооруканалар, диагностикалык борборлор) социалдык кызматкердин коштоосунда дарыланышты.

**Реабилитациялык борбордун практикасынан мисал:**
*Талас облусунун 33 жаштагы тургуну С. Бакай-Ата ИИБнын кызматкерлери тарабынан буурчак уурдагандыгын мойнуна алдыруу максатында кыйноого алынган. С.нын айтымында, анын колун артына кайрып кишен салып туруп милиционерлер колдору жана буттары менен, ошондой эле резина таягы, суу толтурулган пластик бөтөлкө менен уруп-согуп, денесинин бардык бөлүктөрүнө залал келтиришкен, противогаз кийгизип, муунтуп, кыйноого алышкан, булардын натыйжасында С. бир нече жолу эсинен танып калган.*
*С.га карата козголгон кылмыш ишинин токтотулгандыгына байланыштуу камактан бошогондон кийин анын ата-энеси Реабилитациялык программага кайрылышкан.*
*Реабилитациялык борбордун врачынын койгон диагнозу: баш сөөгүнөн, мээсинен алган жарааттын кесепеттери, калтырак баскан синдром менен баш мээсинин чайкалышы, гастрит оорусунун күчөшү, пиелонефрит оорусунун күчөш. Дарылаган врачтын койгон диагнозу: баш сөөгү-мээсинин жабыркашынын жабык түрү, баш мээсинин чайкалышы, калтырак баскан синдром менен кеч калыбына келтирүү мезгили, эки көзүнүн тең аккомодация спазмы, эки жагынан тең адаттуу ириңдүү гоймороэтмоидит, оң жагынан фронтит.*
*Врач С.тин ден-соолугу оор абалда экендигин белгилеп, комплекстүү медициналык кароодон өткөрүү үчүн ооруканага жаткырган. С. бир жылдан ашуун убакыт бою күчтүү психологиялык стресске кабылгандыгынан улам психотерапевттин кароосунда болуп келет.*

Кыйноолордон жабыркагандарды реабилитациялоо денесине залал келтирүүнүн жана психологиялык кыйноолордун, катаал мамиленин натыйжасында жабыркаган организмдин функцияларын калыбына келтирүү үчүн эле эмес, адамды нормалдуу жашоого кайтаруу үчүн да зарыл болуп саналат. Реабилитациялык программаны ишке ашыруу учурунда жашаган жерин алмаштыруу зарыл. Бул максатта 2012-жылы Ысык-Көл облусундагы кыйноолордон жабыр тарткан алты адам реабилитациялоо курсунан Бишкек шаарында өтүштү.

Реабилитациялык борбордун практикасында ден-соолугу начардыгынан улам башка жакка жөнөтүүгө болбой турган жабырлануучуларга алар жашаган жерде жардам көрсөтүүгө туура келген учурлар да бар. Бул проблеманы чечүү үчүн Реабилитациялык борбор 2011-жылдан тартып региондордогу медициналык мекемелер менен кызматташтыкты кеңейтти. 2012-жылы Ош шаарынын клиникаларында кыйноолордон жабыркаган беш адам стационардык дарылануудан өттү.

Ушуну менен катар эле Реабилитациялык борбор үч дарыгерден: терапевт дарыгерден, психологдон жана психотерапевттен турган мобилдүү топ түзүп, ал топ кыйноолор жөнүндөгү билдирүүлөргө өз учурунда реакция кылуу үчүн региондорго барып, зарыл болгон дарылоону белгилейт. 2012-жылы Ош жана Ысык-Көл облустарына дарыгерлердин мобилдүү тобу төрт ирет барып келишкен.



Ош ш. мобилдүү тобу

Жараат алгандан кийинки стресс жана оор депрессия кыйноолорго байланышкан негизги психикалык жабырлануу



Каракол шаарындагы мобилдүү топ

болуп саналышат.

2012-жылы Реабилитациялык программа буга чейин реабилитациялоодон өткөн жабырлануучуларга психологиялык жардам берүү боюнча кызмат көрсөтүүнү кеңейтти.

Мындай кызмат көрсөтүүнүн маанилүүлүгү кыйноолорду пайдалануунун адамдын психикасына тийгизген терс кесепеттери кийинчерээк, айлар, жылдар өткөндөн кийин да пайда болушу мүмкүн экендиги менен түшүндүрүлөт.

Буга чейин амбулатордук жана стационардык дарылануудан өткөн 15 жабырлануучу 2012-жылы топтук психотерапияны камтыган “реабилитациянын экинчи этабына” катышкан.

**Реабилитациялык борбордун практикасынан мисал:**

*41 жаштагы Ж., жол кырсыгындагы күнөөсү үчүн жазалоо катары милиция кызматкерлери тарабынан ур-токмокко алынып, табелдик тапанчадан атылган октун натыйжасында жарадар болгон. Кийинчерээк Ж. КР Саламаттык сактоо министрлигинин Улуттук госпиталынын кан тамырлар хирургиясы бөлүмүнө жаткырылган.*

*Оорукананын врачтары жана хирургдары койгон диагноз: төшүнүн сол жагына ок тийгенден алынган жараат, акыректин ортоңку бөлүгүнүн тушундагы сол акырек алдындагы артериянын ок тийгенден улам жабырланышы, түйүндөлгөн зоб, сол колунун жогор жагындагы жарааттан кийинки пайда болгон плексит.*

*Реабилитациялык борбордун психотерапевти койгон диагноз: жараат алгандан кийинки стресстик жабырлануу, анчейин оор эмес кыжаалат-депрессиялык жабырлануу.*

*Реабилитациялык программанын алкагында Ж. буга чейин комплекстүү амбулаториялык кароодонжана медикаментоздук дарылоодон өткөрүлгөн. Врач ушул убакка чейин Ж.нын алынган жарааттардан улам болгон депрессиялык абалынбелгилеп, ал негизги кесибин уланта албай тургандыгын жана иштөө мүмкүнчүлүгү чектелип калгандыгын белгилейт. Азыркы тапта Ж. реабилитациянын экинчи этабынан өтүүдө.*

Реабилитациялык программаны ишке ашыруу учурунда медициналык мекемелер тарабынан кыйноолордун курмандыктарына өз убагында медициналык жардам көрсөтүүдөн баш тарткан учурлар байкалган эмес.

# Адам укуктары жана эркиндиктери боюнча кызматташуу тууралуу Меморандум

# Адам укуктары жана эркиндиктери боюнча кызматташуу тууралуу Меморандум

**Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени)**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720040,Тыныстанов көч. 120
Телефон: +996 312 66 31 41)

**Башкы прокуратура**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720040, Эркиндик булв. 39
Телефон: +996 312 66 33 73)

**Ички иштер министрлиги**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720000, Фрунзе көч.469
Телефон: +996 312 66 24 50)

**Саламаттык сактоо министрлиги**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720040, Москва көч. 148
Телефон: +996 312 66 31 41)

**Юстиция министрлиги**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720000, Махатма Ганди көч. 32
Телефон: +996 312 65 64 90)

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720021, Ибраимов көч. 106
Телефон: +996 312 68 39 29)

**Бишкектеги ЕККУ борбору**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720001, Токтогул көч.139,
Телефон: +996 312 66 50 15 / Факс: +996 312 66 31 69)

**«Сорос- Кыргызстан» Фонду**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек,  720040, Логвиненко көч. 55А,
Тел: +996 312 66-34-75 / факс: +996 312 66 34 48)

**Фридом Хаустун «Кыргыз Республикасында адам укуктарын бекемдөө» долбоору**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720040 Абдурахманов көч. 204, 4-кабат
Телефон: +996 312 62 35 82 / Факс: +996 312 62 08 30)

**«Вентус» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Каракол ш., Абдрахманов көч. 123, кв 83
Телефон: +996 392 25 02 41)

**«Войс оф фридом» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720040, Абдрахманов көч. 204, 4-кабат
Телефон: +996 312 62 35 82 / Факс: +996 312 62 08 30)

**«Голос Свободы» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720017, Исанов көч. 8 офис № 4
Телефон: +996 312 62 35 82 / факс +996 312 62 08 30)

**«Жарандар коррупцияга каршы» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720017, Исанов көч. 8б
Телефон: +996 312 31 42 38)

**«За дружбу народов» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Баткен областы, Кызылкыя ш. № 1кичи району, 6-үй
Телефон: +996 555 84 09 15)

**«Кылым шамы» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720010, Жаш Гвардия булв. 27, 418- бөлмө,
Телефон: +996 312 64 40 19 / факс: +996 312 64 40 08)

**«Луч Соломона» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Ош ш., Курманжан Датка көч. 129,
Телефон: 996 3222 7 05 63)

**«Молодежная правозащитная группа» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720021, Москва көч. 41 кв. 8
Телефон: +996 312 48 66 49 / Факс: +996 312 48 66 50)

**«Көзкарандысыз укук коргоо тобу» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, 720011, Ибрагимов көч. 146 кв. 31
Телефон: +996 312 30 50 76)

**«Союз Единения» коомдук уюму**
(Кыргыз Республикасы, Талас ш., Фрунзе көч. 198
Телефон: +996 342 25 34 87)

**«Справедливость» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы Жалалабат ш., Токтогул көч. 54/2,
Телефон: +996 372 22 10 15)

**«ЭГЛ» ӨЭУ**
(Кыргыз Республикасы, Бишкек, № 1кичи району, 4-үй, кв., 63
Телефон: +996 312 57 07 87)

***(Мында жана мындан ары: «кол коюучу Тараптар»)***

- *Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму (ЕККУ) менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ортосундагы Бишкек шаарында ЕККУ Борборун түзүү тууралуу 1998- жылдын 3- декабрында кол коюлган Түшүнүшүү Меморандумунун негизинде;*
- *Кыргыз Республикасы тарабынан адам укуктары боюнча эларалык милдеттемелерди, анын ичинде ЕККУнун тиешелүү адам өлчөмдөрү тууралуу милдеттерин, ишке ашырылышын колдоого чечкиндүүлүк менен;*
- *Кыргыз Республикасынын 2010- жылдын 27 июнунда референдумда кабыл алынган Конституциясына, 1984-жылдын 10-декабрында Нью-Йорк шаарында кол коюлган БУУнун кыйноолорго жана башка таш боор, адамгерчиликсиз же адам абийирин басынтуучу мамилелерге же жазаларга каршы Конвенциясын жана 2008- жылдын 5-апрелинде кол коюлган бул Конвенциянын, Факультативдик Протоколунун жоболоруна негизделип;*
- *Эркинен ажыратылган адамдарды кыйноолордон жана башка таш боор, адамгерчиликсиз же адам абийирин басынтуучу мамилелерден же жазалардан коргоо эркинен ажыратуучу жайларга утуру күтүүсүз барууларга негизделген юридикалык эмес алдын алуу чараларынын жардамы менен күчөтүлүшү мүмкүн деген ишеним менен;*
- *Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын, Башкы прокуратурасынын, Ички иштер министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин,Юстиция министрлигинин,Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын*
- *(мындан ары «Бийлик органдары») жана өкмөттүк эмес уюмдардын (ӨЭУ), Бишкектеги ЕККУ Борборунун, Фридом Хаустун «Кыргыз Республикасында адам укуктарын бекемдөө» долбоорунун жана «Сорос-Кыргызстан» Фондунун көмөгү менен, Кыргыз Республикасында адам укуктарынын абалын жакшыртууга, анын ичинде кыйноолордун алдын алууга, даярдыгын колдоп,*

**өздөрүнүн тиешелүү мандаттарынын алкагында, ушул Меморандумда Тараптар бири-бири менен келечектеги кызматташуусунун чектерин калыптоону чечишти.**

**1- берене**

Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана мыйзамдары берген мандаттарына ылайык, Мамлекеттик бийлик органдары төмөндөгү милдеттерди алышат:

1. Кыргыз Республикасында адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоого байланышкан маселелердин үстүндө активдүү иштеген өкмөттүк эмес уюмдар менен туруктуу кызматташтыкты курууга жана сактого;
2. Адам укуктарына байланыштуу көйгөйлөрдү чечүү боюнча алардын потенциалын арттырууга багытталган, жергиликтүү же аймактык адам укуктары боюнча уюмдар, ЕККУ, Фридом Хаус, «Сорос-Кыргызстан» Фонду жана башка эларалык уюмдар тарабынан уюштурулган демилгелерге активдүү катышууга;
3. Эркинен ажыратылган же эрки чектелген адамдарды кыйноолордон жана башка таш боор, адамгерчиликсиз же адам абийирин басынтуучу мамилелерден же жазалардан коргоону күчөтүү максатында, жарандык коомдогу өнөктөш уюмдар менен биргеликте төмөнкү жана андан башка эркинен ажыратуу же эркин чектөө жерлерине активдүү көзөмөл (мониторинг)жүргүзүүгө:
тергөө изоляторлоруна (СИЗО), түрдүү убактылуу кармоо жерлерине, анын ичинде убактылуу кармоо изоляторлоруна (ИВС), ички иштер бөлүмдөрүндөгү камераларына, Ички иштер министрлигинин кармоо жана бөлүштүрүү борборлоруна, Коргоо министрлигинин аскер-тартиптик кармоо жерлерине («гауптвахталарга»), Чекара кызматынын административдик кармоо жерлерине, айласыз көчүрүлгөн жана башпаанек издеген адамдар үчүн убактылуу кабыл алуу жана жашоо жайларына, жашы жете электердин адаптация жана реабилитация борборлоруна, Ички иштер министрлигинин, Саламаттык сактоо министрлигинин, Коргоо министрлигинин, Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитетинин, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин, Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын аскер камактарына жана укук коргоо органдары тарабынан көзөмөлдөнгөн башка жайларга, ошондой эле психиатриялык ооруканаларга, араккечтиктен же бангиликтен жабыркаган адамдарды милдеттүү дарылоочу медициналык мекемелерге, карылар (карылар үйлөрүн кошуп), жашы жете электер (балдар үйлөрүн кошуп), майыптар, атайын кам көрүүгө жана билим берүүгө муктаж жашы жете электер үчүн медициналык жана социалдык кам көрүү боюнча мамлекеттик жана башка мекемелерге (мындан ары: «эркинен ажыратуу жайларына»);
4. Зарылчылыкка жараша, өнөктөш жарандык коом жана эларалык уюмдарга, анын ичинде андай уюмдар түзгөн мониторинг топторуна, эркинен ажыратуу жайларына кирүү мүкүндүгүн камсыз кылууга;
5. Маалымат алмашууга, анын ичинде тиешелүү өкмөт өкүлдөрүнүн байланыш маалыматын алмашууга, зарылчылыкка жараша, өнөктөш жарандык коом жана эларалык уюмдарды адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин сакталышына жасалуучу утуру мониторингге, анын ичинде утуру мониторингге байланыштуу баяндамаларды жана кеңештерди даярдоого, тартууга;

6. Өнөктөш жарандык коом жана тиешелүү эларалык уюмдар менен, колдонулуучу адам укуктары боюнча эларалык милдеттерге ылайык, Кыргыз Республикасында кыйноонун алдын алуу боюнча иштиктүү механизмдерди иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча кызматташууга;
7. Башка өнөктөш жарандык коом жана эларалык уюмдары менен адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин сакталышын алгалатууда, көйгөйлөрдү эрте аныктоодо, конфликтилердин алдын алууда, конфликтилерди жөнгө салууда жана тынчтык орнотууда кызматташууга;
8. Тиешелүү улуттук мыйзамдарга жана тиешелүү эларалык адам укуктарынын стандарттарына ылайык, адам укуктарынын бузулушу тууралуу арыздар боюнча иштиктүү, кылдат, терең жана тез ички иликтөөлөрдү өткөрүүгө жана андай иликтөөлөрдүн жыйынтыктары тууралуу тешелүү мамлекеттик органдардын жетекчилерине отчетторду берүүгө;
9. Тиешелүү мыйзамдарга ылайык, адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин бузулушу тууралуу кабарлар боюнча ыкчам кадамдарды жасоого;
10. Өнөктөш жарандык коом жана эларалык уюмдары уюштурган жыйындарга катышууга;
11. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде, адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин сакталышына утуру мониторингди ишке ашырууда зарыл болгон башка кызматташтык түрлөрүн камсыз кылууга.

**2- берене**

Өнөктөш жарандык коом уюмдары төмөнкү милдеттерди алышат:

1. Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин сактоого байланышкан маселелер боюнча Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдары менен активдүү кызматташууга;
2. Эркинен ажыратылган адамдарды кыйноолордон жана башка таш боор, адамгерчиликсиз же адам абийирин басынтуучу мамилелерден же жазалардан коргоону күчөтүү максатында, эркинен ажыратуучу жайларга утуру күтүүсүз барууларга катышууга;
3. Эркинен ажыратуучу жайларда аныкталган адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин бузулуу учурлары тууралуу мамлекеттик органдарга кабарлоого;
4. Адам укуктары боюнча алардын кызматчылары үчүн уюштурулуучу тренингдер жана иш-чаралар тууралуу мамлекеттик органдарга кабарлоого;

5. Адам укуктарынын жана негизги эркиндиктеринин бузулуу учурлары тууралуу кабарлар боюнча ыкчам кадамдарга баруу механизмдерин иштеп чыгууда мамлекеттик органдарга колдоо көрсөтүүгө.

### 3- берене

Өздөрүнүн мандаттарына жана колдо бар ресурстарына таянып, Бишкектеги ЕККУ Борбору[1], Фридом Хаустун «Кыргыз Республикасында адам укуктарын бекемдөө» долбоору жана «Сорос-Кыргызстан» Фонду төмөнкү милдеттерди алышат:

1. ЕККУ принциптерин жана милдеттерин Кыргыз Республикасыда орундатууну жеңилдетүү максатында, жарандык коомдун жана мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрү менен такай байланышты түзүүгө жана сактоого;
2. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, адам укуктары боюнча жарандык коомдун жана эларалык уюмдардын өкүлдөрүнүн ортосунда кызматташтыкты колдоого жана жеңилдетүүгө;
3. ЕККУ принциптеринин жана милдеттеринин Кыргыз Республикасында орундалышына багытталган долбоорлорду иштеп чыгууда жарандык коомдун жана мамлекеттик бийлик органдарынын өкүлдөрү менен кызматташууга;
4. Кыргыз Республикасында ЕККУнун принциптерин жана адам өлчөмдөрү боюнча милдеттерин ишке ашырууда алдыңкы тажрыйбалар менен алмашууну колдоого;
5. Кыргыз Республикасында ЕККУнун принциптерин жана милдеттерин ишке ашырууга байланышкан маселелерди талкуулоо үчүн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын, жарандык коомдун жана эларалык уюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өтүүчү иш-чараларды уюштурууга көмөктөшүүгө.

### 4- берене

1. Бул Меморандум ага кол коюучу Тараптар кол койгон күндөн тартып күчүнө кирет. Бул Меморандум 2012- жылдын 31- декабрына чейин күчүндө болот.
2. Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин сактоону күчөтүү максатында, Меморандумду жыл сайын карап чыгуу учурунда төмөнкү маселелерге көңүл бурулат:
    a. Меморандумду кайра карап чыгуу зарылчылыгы;
    b. Меморандум натыйжалуу ишке ашырылышы үчүн ишти уюштурууну өзгөртүүнүн зарылчылыгы;
    c. Келерки жылдагы кызматташтыктын приоритеттери;

[1] ОБСЕ Туруктуу Кеңешинин 1998- жылдын 23 июлунда кабыл алган № 245 чечими

3. Бул Меморандум кол коюучу Тараптардын ортосунда ушундай эле максат жана маселелер боюнча буга чейин түзүлгөн келишимдердин күчүн жокко чыгарат.
4. Бул Меморандум, кол коюучу Тараптардын макулдугу болсо, каалаган учурда өзгөртүлүшү мүмкүн;
5. Бул Меморандумду чечмелөө же колдонуу боюнча бардык келишпестиктер тынчтык жолу менен жана кол коюучу Тараптардын ортосунда сүйлөшүүлөрдү өткөрүү аркылуу жөнгө салынат;
6. Бул Меморандум, ага кол койбогон бирок Кыргыз Республикасында адам укуктарын коргоо боюнча активдүү иштеген өкмөттүк эмес уюмдардын өкмөттүк мекемелер менен ушуга окшош келишимдерди түзүүсүнө жолтоо болбойт;
7. Бул Меморандумга кол коюучу Тарап болууга кызыккан адам укуктарын коргоо боюнча активдүү иштеген өкмөттүк эмес уюмдар бул Меморандумга кол коюучу Тарап болууга арыз берүүлөрү мүмкүн;
8. Бул Меморандумга кол коюучу Тарап болууну каалаган адам укуктары боюнча өкмөттүк эмес уюмдар ага кол коюучу Тарап болгон жарандык коом уюмдарынын бирине тиешелүү арыз менен кайрылышы мүмкүн. Ал уюм андай учурда келип түшкөн арызды калган кол коюучу Тараптарга алардын макулдугун алуу үчүн жиберет;
9. Эгер кол коюучу Тараптардын эч бири бул Меморандумга кол коюучу Тарап болуу тууралуу арыз келип түшкөндөн баштап он күндүн ичинде ага каршылыгын билдирбесе, сурануучу өкмөттүк эмес уюм бул Меморандумга кол коюучу Тарап болуп эсептелип калат;
10. Бул Меморандумдун эч бир жобосу ЕККУнун же/жана анын кызматкерлеринин өз артыкчылык укуктарынан жана кол тийбестиктеринен баш тартуусун билдирбейт.

**5- берене**

1. Кол коюучу Тараптар бул Меморандумду ишке ашырууга байланышкан маселелер боюнча алардын ыйгарым укуктарын көрсөтүүчү Атайын Өкүлдөрүн дайындашат.
2. Мамлекеттик органдардын Атайын Өкүлдөрү болуп төмөнкүлөр эсептелишет:
    a. Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын кеңсеси – **Ниязалы Бекбердинов** мырза, Адам укуктарына мониторинг жүргүзүү жана анализдөө башкармалыгынын жетекчиси;
    b. Башкы прокуратура – **Аймамбетов Шайлообек** мырза жана **Малаев Алмаз** мырза, Жаза өтөө жайларында мыйзамдуулукту көзөмөлдөө боюнча атайын прокурордун орун басарлары.
    c. Ички иштер министрлиги – **Шамшыбек Мамыров** мырза, Илимий изилдөө борборунун жетекчиси;
    d. Саламаттык сактоо министрлиги – **Гульмира Ибраева** айым, Медикалык жардам уюштуруу бөлүмүнүн башкы адиси;

e. Юстиция министрлиги – **Кундуз Аманжолова** айым, Нотариат жана адвокатура башкармалыгынын жетектөөчү адиси;
f. Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматы – **Марат Канулькулов** мырза, Укуктук камсыздоо жана эларалык кызматташуу бөлүмүнүн жетекчиси;

3. Бишкектеги ЕККУ борборунун Атайын Өкүлү – **Фабио Пиана** мырза, Бишкектеги ЕККУ борборунун адамдык өлчөм боюнча адиси.
4. Фридом Хаустун «Кыргыз Республикасында адам укуктарын бекемдөө» долбоорунун Атайын Өкүлү – **Алмаз Эсенгелдиев** мырза, Кыргыз Республикасындагы Фридом Хаус кеңсесинин директорунун орун басары.
5. «Сорос-Кыргызстан» Фондунун Атайын Өкүлү – **Руслан Хакимов** мырза, укуктук программанын директору.
6. Бул Меморандумга кол коюучу Тарап болгон жарандык коом уюмдарынын Атайын Өкүлдөрү болуп төмөнкүлөр эсептелишет:
   а) «Вентус» ӨЭУнан – **Камиль Рузиев** мырза, уюмдун директору;
   б) «Вой соф Фридом» ӨЭУнан – **Абдумомун Мамараимов** мырза, уюмдун директору;
   в) «Голос Свободы» ӨЭУнан – **Эльмира Эсенаманова** айым, долбоордун координатору;
   г) «Граждане против коррупции» ӨЭУнан – **Евгения Крапивина** айым, уюмдун юристи;
   д) «За дружбу народов» ӨЭУнан – **Халимжан Ахмедов**, уюмдун директору;
   е) «Кылым Шамы» ӨЭУнан – **Азиза Абдирасулова**, уюмдун директору;
   ё) «Луч Соломона» ӨЭУнан – **Садыкжан Махмудов**, уюмдун директору;
   ж) «Молодежная правозащитная группа» ӨЭУнан – **Надира Эшматова**, уюмдун директору;
   з) «Независимая правозащитная группа» ӨЭУнан – **Динара Саякова**, уюмдун директору;
   и) «Союз Единения» ӨЭУнан – **Светлана Божкова**, уюмдун директору;
   й) «Справедливость» ӨЭУнан – **Валентина Гриценко**, уюмдун директору;
   к) «Эгль» ӨЭУнан – **Чолпон Омурканова**, уюмдун директору.
7. Бул Меморандумдун 4- беренесинин 7 жана 8- пункттарына ылайык, өз суранычы боюнча ага кол коюучу Тарап болуп калган жарандык коом уюму, бул Меморандумдун максаттарын аткаруу үчүн, өзүнүн Атайын Өкүлү жөнүндө маалыматты калган кол коюучу Тарап болгон жарандык коом уюмдарына жеткирет. Ал маалымат бул Меморандумга кол коюучу Тарап болгусу келген жарандык коом уюмунун сураныч каты келип түшкөн кол коюучу Тарап аркылуу таратылат.

## 6- берене

1. Бул Меморандум Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысына (Омбудсмен) сактоого өткөрүлүп берилет. Акыйкатчы бул Меморандумдун тастыкталган көчүрмөсүн кол коюучу Тараптарга тапшырат.

***Бишкек шаарында 2012 жылдын 12-июнунда, кыргыз тилинде, англис тилинде, орус тилинде болуп, жалпысы 3 нускада түзүлдү. Дал келишпестиктер келип чыккан шартта, Меморандумдун англис тилиндеги нускасы чечүүчү болуп саналат.***

**Бийлик органдары:**

Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы

*Турсунбек Акун*

Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору

*Аида Салянова*

Кыргыз Республикасынын Ички иштер министри

*Зарылбек Рысалиев*

Кыргыз Республикасынын юстиция министри

*Алмамбет Шикмаматов*

Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министри

*Динара Сагынбаева*

Кыргыз Республикасынын жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын жетекчиси

*Аликбек Мамыркулов*

**Эл аралык уюмдар:**

ЕККУнун Бишкектеги Борборунун Башчысынын милдетин аткаруучу

*Андерс Трудссон*

Фридом Хаустун «Кыргыз Республикасында адам укуктарын бекемдөө» долбоорунун директору

*Стюарт Кан*

«Сорос-Кыргызстан» Фондунун Аткаруучу директору

*Кумар Бекболотов*

**Жарандык коом:**

| | | |
|---|---|---|
| «Вентус» ӨЭУнун жетекчиси<br>_______________<br>***Камиль Рузиев*** | «Войс оф Фридом» ӨЭУнун жетекчиси<br>_______________<br>***Абдумомун Мамараимов*** | «Голос свободы» ӨЭУнун жетекчиси<br>_______________<br>***Сардарбек Багишбеков*** |
| «Жарандар коррупцияга каршы» ӨЭУнун жетекчиси<br>_______________<br>***Толекан Исмаилова*** | «За дружбу народов» ӨЭУнун жетекчиси<br>_______________<br>***Халимжан Ахмедов*** | «Эгль» ӨЭУнун президенти<br>_______________<br>***Чолпон Омуракунова*** |
| «Кылым Шамы» ӨЭУнун директору<br>_______________<br>***Азиза Абдирасулова*** | «Луч Соломона» ӨЭУнун директору<br>_______________<br>***Садык Махмудов*** | «Молодежная правозащитная группа» ӨЭУнун президенти<br>_______________<br>***Надира Эшматова*** |
| «Справедливость» ӨЭУнун президенти<br>_______________<br>***Валентина Гриценко*** | «Козкарандысыз укук коргоо тобу» ӨЭУнун жетекчиси<br>_______________<br>***Динара Саякова*** | «Союз Единения» ӨЭУнун президенти<br>_______________<br>***Светлана Божкова*** |

мукабадагы сүрөт
Мария Мхитаряндыкы